Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТАРБИЯ 10

## БАКЫТ ЖАНА ИЙГИЛИКТИН СЫРЛАРЫ

Жалпы билим берүүчү мектептердин 10-класс
окуучулары үчүн окуу китеби

Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү
министрлиги тарабынан сунушталган



Ташкент –2021

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

UO'K 373:17(075.3)
КВК 87.7уа72
Т 21

Тарбия [Текст]: 10-класс үчүн окуу китеби/ Н.Исматова,З.Заманов, Д.Розиева, О.Махмудов, З.Исмоилов, Д.Рахимжанов, С.Шермухаммедова, С.Аккулова, Н.Холмухаммедова, З.Жабборова Ташкент:Республикалык билим берүү борбору, 2021, -128б

**Жооптуу редактор:**
**Д.Кенжаев–тарых илимдеринин кандидаты**
**Рецензенттер:**

*Вахоб Кочкоров* - Өзбекстан эл аралык Ислам академиясынын профессору, саясий илимдердин доктору

*Шерзодхан Махмудов* - Өзбекстан Республикасынын Илимдер Академиясынын Тарых институтунун директорунун орун басары, тарых илимдеринин кандидаты, доцент

*Атобек Базаров* - Жогорку жана атайын орто билим берүү министрлигинин бөлүм башчысы, философия илимдеринин доктору (PhD)

*Лилия Гайнутдинова* - Республикалык кесипке багыттоо жана психологиялык-педагогикалык диагностика борборунун директору

*Хумоюн Рашидов* - Олий Мажлис Мыйзам чыгаруу палатасы канцеляриясынын Эл аралык мамилелер жана протокол бөлүмүнүн референти

*Шоира Раупова* - «Ziyo-zukko орто билим берүүчү мектеби» Мамлекеттик эмес билим берүү мекемесинин мугалими

*Махим Бобоева* - Ташкент шаары Мирзо Улугбек районундагы 222-мектептин мугалими

Республикалык Руханий жана агартуучу борборунун, Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин алдындагы Дин иштери боюнча комитеттин, Өзбекстан Жазуучулар уюмунун тийиштүү корутундуларынын негизинде басмага даярдалды.

## ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР

**Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар**

**Ой жүгүртүү үчүн**

**Чыгармачылык иш-аракет**

**Тарыхка назар**

**Руханият казынасынан**

**Билесиңби?**

**Өз алдынча иштөө**

**Сабактан туура корутунду чыгар**

Оригинал макеттин жана дизайн концепциясы Республикалык билим берүү борбору тарабынан иштелген

ISBN 978-9943-7520-1-6

©Н.Исматова,З.Заманов. ж.б.
©«Республикалык билим берүү борбору».2021

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# Мазмуну

**I БӨЛҮМ. ҮЙ-БҮЛӨЛҮК БААЛУУЛУКТАР**

1-тема: Мекен жалгыз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6
2–3-тема: Үй-бүлө – Мекен ичиндеги Мекен . . . . . . . . . . . . . . . . . . 10
4-5-тема: Үй-бүлө – бакыттын коргону . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 17
6-7-тема: Үй-бүлөдөгү милдеттер – жана жоопкерчиликтер. . 23
8-тема: Бакыттын даректери . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 31

**II БӨЛҮМ. АДАМ ЖАНА КООМ**

9-тема: Маале – баалуулуктардын бешиги. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 38
10-тема: Коомдун руханият негиздери. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 44
11-12-тема: Дин жана маданият . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 50
13-14-тема: Дүйнөлүк диндерде гумандуулук идеялары . . . . 57
15-тема: Эң чоң мурас . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 63

**III БӨЛҮМ. СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТЫН: МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ ЖАНА КОРКУНУЧТАР**

16-17-тема: Бузгунчулук идеялары. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .70
18-19-тема: Сабатсыздыкка каршы агартуу жолу менен . . . . . . . . 76
20-тема: Коопсуз медиа булактары . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .83
21-тема: Жалган кабарлардын артында эмне бар. . . . . . . . . . . . . 87

**IV БӨЛҮМ. ЭМГЕКЧИЛДИК, ИШКЕРЛИК ЖАНА КЕСИПТИК КӨНДҮМДӨР**

22-тема: Бактылуу жашоонун пайдубалы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 92
23-24-тема: Керектөөчү жана ишкерлик маданияты. . . . . . . . . . . . 96
25-26-тема: Кесип тандоонун сырлары . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 104
27-28-тема: Үйрөнүүдөн токтобо. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 111
29-30-тема: Эрктүүлүк . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 119

Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КАДЫРЛУУ ОКУУЧУМ!

Бул жашоо чындыгында билимдүүлүк жана анын негизин түзүп турган тарбия себеп кооз жана түркүн-түстүү. Тарбиянын көркү себептүү көңүлүбүз шат, дилибиз бейкабатыр, өмүрүбүз мазмундуу. Себеби, илим инсандын көркү болсо, чыныгы тарбия анын адеп кийими, мончок-шурусу эсептелет. «Бала ширин, адеби андан ширин», деп бекеринен атышпаган улууларыбыз.

Чындыгында да тарбия адам баласынын табиятына шайкеш касиет. Жакшы тарбия жана ага ылайык терең билимдүү адам коомдо өз алдынча урмат-сыйга ээ болот. Ишенич жана кадыр-баркка ээ болуп, материалдык жана руханий байлыктарды жаратып, кийинки муунга татыктуу мурас калтырат.

Акындардын султаны Алишер Наваий айтат, «Адеп үйрөнгүн да, билимиңди чында, турмуштун чыныгы мазмунун». Тактап айтканда, билимди адеп аркылуу үйрөн жана андан алынган натыйжаны жакшы адебиң менен көрсөт.

Колуңа жетип келген «Тарбия» окуу китебинде да максаттуу жана мазмундуу жашоонун сырлары жөнүндөгү рубрикалар жана темалар, аларды активдештирүүчү суроо жана жооптор, чыгармачылык тапшырмалар камтылган. Ошондой эле, окуу китеби тунук пикирдүү инсандардын агартуу жолундагы толгон-токой ой-пикирлери менен байытылган.

Эң негизгиси, бир топ кырдаалдар жана мисалдар теңкурларыбыздын жашоо-турмушунан алынган болуп, төмөнкү класстарда алган билимдериңерди бекемдөөгө кызмат кылат.

Кымбаттуу окуучу!

Бул китеп бүгүнкү курч глобаллдык процесстери сенин руханий жеткилең болуп тарбияланышыңда, түрдүү руханий коопторго каршы татыктуу күрөшүүңдө жакындан жардамчы, турмуштук колдонмо болот, деген ойдобуз.

*Авторлор тобу*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# I БӨЛҮМ.
# ҮЙ-БҮЛӨЛҮК БААЛУУЛУКТАР






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 1-ТЕМА: МЕКЕН ЖАЛГЫЗ.

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. «Жалгыз», «жеке» деген сөздөрдү ата-эне, ага-ини, эже-сиңдилериңе карата колдонгонунда көңүлүңдү кандай сезимдер ээлейт?

2. Үй-бүлөңдөгү тынчтык жана үй-бүлө мүчөлөрүңдүн бакыт, жакшылыктары сага канчалык маанилүү? Эмне үчүн? «Бактылуу үй-бүлөдө бактылуу перзенттер өсөт жана коом өнүгөт», деген пикирге кошуласыңбы?

3. Апаң үчүн кандайдыр бир жакшылык кылсаң, аны милдет кыласыңбы? Мекениңер үчүн болсо-чу? Мисал келтир. Эмне үчүн Эне жана Мекен сөздөрү биргеликте иштетилет?

4. «Мекен жалгыз» деген пикирди жогоруда берген жоопторуңдун негизинде түшүндүрүүгө аракет кыл.

5. Эмне үчүн Өзбекстан «Бейиш сымал өлкө» деп аталат? Мисалдардын жардамында оюңду далилдеп бер.

## Ой жүгүртүү үчүн

### Династиялардын өнүгүшү

Элибизде «Мекен босогодон башталат» деген сөз бар. Босого бул-үй, коргон, үй-бүлө дегени. Белгилүү бир үй-бүлөлөрдүн мууну династия эсептелет. Династиянын мүчөлөрү эл-журттун кызыкчылыгы жолунда кызмат кылып, эл арасында кадыр-баркка ээ болушат да, бул жол башкалар үчүн үлгү болуп саналат.

Ар бир династия өз-өзүнөн жогору даражага ээ боло албайт. Бул үчүн ушул династияга тиешелүү болгон бирөө анын өнүгүшү үчүн алгачкы ирет жол ачат, анын артынан келе жаткан муундар болсо, бул салтты мазмундук жактан байытат. Династиянын баркын сактап, үй-бүлөлүк салттарга туруктуу болгон урпактарды өстүрүү абдан маанилүү.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Ой жүгүртүү үчүн берилген тексттен пайдаланып, «Мекен», «үй-бүлө», «династия» түшүнүктөрүнө өздүк мүнөздөмөңдү берүүгө аракет кыл.

2. Ойлоп көрдүң беле, эмне үчүн карыялар көбүнчө: «Кимдин перзентисиң? Ата-энең ким? Санжырaңды, чоң аталарыңды билесиңби?» – деп сурашат.

3. Коомдун өнүгүшүнө салым кошкон кайсы династияларды билесиң? Пикириңди далилде.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Руханият казынасынан

Мекен бар экен, инсан эч качан өзүн жалгыз сезбейт, Мекендин мээрими жана анын жылуулугу энэнин мээриминдей ыссык жана түгөнбөс.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. «Руханият казынасы» рубрикасында берилген Мекендин мээрими тууралуу пикириңди байыт.

2. Эне, үй-бүлө, Мекен сөздөрү колдонулган накылдарды эстөөгө аракет кыл. Алардын канчасы эсиңерде калган? Бул накылдарды сен эмне үчүн эстеп калганыңды түшүндүр.

3. Төмөнкү сүрөттүн негизинде «Үй-бүлө – Мекен ичиндеги Мекен», деген накыл кепти талда.

4. Сүрөттөрдүн негизинде мекенчилдик, жоопкерчилик, бурч сөздөрүнө мүнөздөмө бер.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Тарыхка назар



### Марттык жана кайраттуулук тарыхы

Баскынчылар Харезмге кол сала баштаганда Нажмиддин Кубро шакирттерин топтоп, ушундай дейт: *«Чыгыштан келген бул оопат Чыгыш жана батышты талкалайт, күйдүрүп, күл кылат. Сен журтуңарга бар, жаныңарды асыроонун жолун кылгыла».* Алар устаттарын өздөрү менен чогуу кетүүгө көндүрүүгө аракет кылышат. Буга жооп катары шейх Нажмиддин Кубро «Мен ушул жерде каламын. Же Мекен, же даңазалуу өлүм!» – дейт.

Монгол аскерлери Гургенчке киргенде шейх шакирттери менен салгылашууга аттанат. Ал соотун үстүнөн белбоо байлап, койнун таш менен толтуруп, колуна найза алып, душманга каршы чыгат.

Душманга карата таш атат, бир канчасын найза менен кыйратат. Бирок, кокустан жаа огу келип көкүрөгүнө сайылат.

Алишер Наваийдин жазышынча, жетимиш беш жашар карыя – көңүлдөрдү нурлантырган Шейх Кабр алы кетип, күчү калбаганын сезсе да, салгылашуудан токтобойт. Акыркы деминде душман желегин каар менен катуу мыкчып алат.

Айтымдарына караганда, өлүмүнөн кийин да он адам анын бекем кысылган манжаларынын арасынан желекти араң ажыратып алышкан экен. Нажмиддин Кубронун бул баатырдыгы, эрдиги душмандарын да таң калтырган. Бул эрдик урпактарга зор үлгү болду.

## Чыгармачылык иш-аракет

*Бардыгыбызга жакшы белгилүү болгондой, мекенчилдик ар бир мамлекеттин турмушунун руханий негизи эсептелет жана коомду ар тараптуу өнүктүрүү боюнча эң маанилүү багыттоочу күч катары көрүнөт.*

*Шавкат Мирзиёев*

1. Жогоруда берилген пикирдин «Марттык жана кайраттуулук тарыхы» аттуу текст менен кандай байланышы бар?

2. «Коом өнүгүшү үчүн анын руханий негизи бекем болуусу керек» дегенде эмнени түшүнөсүң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Тарыхка назар



### Мындай сезимди сүрөттөө кыйын

2016-жыл августь айы. Үй-бүлөбүз менен Бразилиянын Рио-де-Жанейро шаарында өтүп жаткан XXXI жайкы Олимпиада оюндарын күзөтүп жаттык. Салмагы 64 килограмм болгон мекендешибиз Фазлиддин Гаибназаров Азербайжандык Лорензо Коллазо Сотомаёр менен беттешүүдө. Фазлиддиндин бою атандашынан бир топ кыска экендиги бизди кабатырга салды. Мына, соңку раунд да түгөдү. Жеңүүчү жарыяланды. Фазлиддин эң жогорку даражага көтөрүлдү. Баарыбыз абдан кубанып, үй-бүлөбүздөгүлөрдүн назары экранга кадалды. Мамлекетибиздин гимни аткарылып жатат. Ошол убак 2-класста окуган иним Мухаммадамин кайрат менен ордунан туруп, барыбызга наразычылык билдирди:

– Эмне үчүн бүткүл дүйнө биздин гимнибизди аткарып жаткан учурда сиздер чай ичип, телевизор көрүп отурасыздар, кана, туруңуздар – деп, телевизордун үнүн дагы да бийиктетип койду.

Бардыгыз ордубуздан турдук, колубузду жүрөгүбүзгө коюп, гимнди чогу аткардык. Гимнди аткарып болгон соң, барыбыздын көзүбүздө жаш тегеренди. Көздөрүм жаштанып, илептерим: «Оламни маҳлиё айлаган диёр» деп шыбырайт, көңүлүмдү чоң сыймык ээледи. Мындай сезимди сүрөттөө кыйын.

*Ирада Абидова 2017-жылда өткөрүлгөн*
*«Өзбекстандын эң жаңы тарыхы боюнча эсселер тандоосу» жеңүүчүсү*

## Өз алдынча иштөө

1. QR коддо берилген тасманы кунт коюп күзөт. Мамлекетибиздин гимнин укканыңда көңүлүңөрдөн эмнелер өттү? Мухаммадаминдин ордунда болсоңор сен эмне кылган болот элең? Анын талабын аткарат белең? Эмне үчүн?

2. Журтубузга сырттан кандай терс аракеттер кооп салышы мүмкүн?

3. Мекендин өнүгүшүндө үй-бүлөнүн тынчтыгы, бейпилдигинин мааниси кандай? Пикириңди далилде.

4. Топторго бөлүнүп, «Мекен босогодон башталат» темасында долбоор ишин даярда. Долбоорду «Өзбекстан жөнүндө тарыхый чыгармалар», «Өзбекстан географиясы», «Өзбекстандын тарыхый шаарлары», «Өзбекстан жөнүндө кинофильмдер», «Өзбекстан баатырлары» сыяктуу рубрикаларда даярда жана баяндап бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 2-3-ТЕМА: ҮЙ-БҮЛӨ – МЕКЕН ИЧИНДЕГИ МЕКЕН

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Бактылуу үй-бүлөнү кандай элестетесиң? Бактылуу үй-бүлөнү кимдер жаратат?
2. Бактылуу үй-бүлө кандай мыйзам-ченемдерге негизделет?
3. «Үй-бүлө – мээр-акыбет өрөөнү» деген түшүнүккө мүнөздөмө бер.
4. Бактылуу үй-бүлөнүн калыптанышында улуттук традициялардын орду кандай?

## Ой жүгүртүү үчүн

Ар бир улуттун жыргалчылыгы жана бейпилдиги, албетте, ошол калктын ички тартиби жана ынтымактыгына байланыштуу... Кайсыл жерде үй-бүлөлүк мамилелер күчтүү тартипке таянса, мамлекет жана улут да ошончолук күчтүү жана бекем болот.

Үй-бүлө жана перзент маселеси эркек же аялдын өздүк маселеси эмес. Перзент бир гана ата-эне жашоосунун уланткычы гана болбостон, ошол улуттун да келечегин, кадыр-баркын белгилөөчү чынжыр эсептелинет. Ал эми улут болсо Мекен, мамлекеттин жүрөгү.

*Абдурауф Фитрат, «Үй-бүлө же башкаруу тартиби»*

1. Агартуучу бабабыз Фитрат «ички тартиби жана ынтымактыгы» дегенде эмнени көңүлдө туткан?

*2. Үй-бүлөдөгү жөндөм жана жоопкерчиликтин мамлекеттин баркы жана өнүгүшүндөгү орду тууралуу пикириңди билдир.*

## Тарыхка назар



Темурий канзадалардын тарбиясына негизинен алардын энелери жооптуу болушкан. Сараймүлкханым Шахрух Мырза, сүйүктүү неберелери Мухаммад Султан Мырза, Халил Султан Мырза жана Улукбек Мырзалардын тарбиясы менен алектенген.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Чоң ата жана чоң энелердин инсан руханияты, дүйнө таанымы, элестетүүсү жана ишенимди калыптандырууда кандай орду бар?
2. «Үй-бүлөдө жазылбаган мыйзам, эрежелер кылымдар бою муундан муунга өтүп, коомдолуп барат» деген ойду кандай түшүнөсүң?
3. Сенин үй-бүлөңдө кандай салттар бар?



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Ой жүгүртүү үчүн**

**«Тамакты сала берейинби»**

**1-окуя:**

«Тамакты сала берейинби?» – ашканадан Дилбар жеңенин үнү угулду. «Апаке, чоң атам али дасторконго келе элек» – деп, жооп берди Мурад. Дасторкондун айланасында бардыгы чогулушту жана палоо салынды. Мураттын чоң атасы: «Кана, ал, мына мен баштадым...» – деди.

**Чыгармачылык иш-аракет**

Бул окуядагы кырдаал сага таанышпы? Жогорудагы кырдаалды үй-бүлөлүк салт десек болобу? Мындай учурлар инсан руханиятынын калыптанышына кандай таасир көрсөтөт? Ар бирибиздин жашоодо өз социалдык милдеттерибиз бар. Ата-эне жана перзенттердин социалдык милдеттери эмнелерден турат? Пикирлеринди далилдөө үчүн дагы кандай мисалдарды келтире аласың?

**Ой жүгүртүү үчүн**

**2-окуя:**

**«Мындай иштер телефондо эмес, үйдө чечилет!»**

Надыр университеттин 2-курс студенти. Курсташтары Самарканд жана Бухара шаарларына саякатка чыкмакчы болушту. Баратургандардын тизмеси түзүлдү.

– Надыр, сен эмнеге барбайсың? Тизмеде жоксун? – деп сурады курсташтары.



Надыр: – Мен үйдөгүлөр менен кеңешип алайын, алардын ишемби-жекшемби күндөрүндөгү пландары кандай экендигин билбеймин. Жообун эртең айтамын, – деди.

– Муну кара! Телефондон эле сурап билсеңчи?! – деп, нараазы болушту жолдоштору.

Мындай иштер телефондо эмес, үйдө чечилет! – деди Надыр.

**Чыгармачылык иш-аракет**

1. Аңгеме эмне үчүн «Мындай иштер телефондо эмес, үйдө чечилет!» деп аталган?

Надырдын ордунда сен эмне кылат элең?

2. Досторуңар сага ушул сыяктуу сунуш атканда «Мен үйдөгүлөр менен кеңешейин. Алардын бул күнгө кандай пландары бар экен, кийин жообун айтамын», деп жооп бергенсиңби? Мындай жооп беришиңдин артында кандай традициялар жатат? 4 мисал келтир.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Ой жүгүртүү үчүн

**3-окуя**

**«Мааледе дуу-дуу сөз»**

Мехри эне корообо кирип келген конокту жылуу күтүп алды.

– Уулуңуз Азимжан салам айтты, – деди мыйман кыз, кийин кошуп койду: – Уулуңуз жазган эле-го, сюрприз деп...



– Ооба, эми гана кошунум менен ушул жөнүндө сүйлөшүп жаткан элек.

– Уулуңуз үйлөнду...

– Эмне?

Мехри эне көйнөгүнүн моюн түймөсүн чечти, турган жеринде көздөрү алаңдады, жүзү кубарып, титиреген добушта, үн катты:

– Аял алыптырбы?... Демим кайтып бара жатат, дүнүйө тар болуп жатат. Мени мындай балам жок... Катын алыптырбы? Кайда алып барса бара берсин, мен үйүмө киргизбеймин...

Мыйман нерселерин жыйнап, кетүүгө даярданды.

– Сен кайда? – деди, Мехри эне таң калып..

– Сизге дардисар болбоюн, менсиз деле кайгыңыз ашып кетти, – жооп берди кыз.

– Ушундай абалда сен да мени таштап кетесиңби? – капаланды, Мехри эне.

– Маале-көй эмне дейт? Көз астыма алган кыздар бар эле, бирөөсү Сайёра, даги бири мына бул бийик имараттардын сүрөтүн сызган архитектор кыз...

### Чыгармачылык иш-аракет

1.Жогорудагы үч окуяда кандай үй-бүлөлүк баалуулуктар, салттар, үрп-адаттар камтылган? Алардагы кайсыл баалуулуктар же үрп-адаттар сага жакты?

2. «Мааледе дуу-дуу сөз» кинофильмидеги Мехри эненин уулу ката кылдыбы? Пикириңди далилде.

3. Үй-бүлө куруу, улууларга урмат, кичүүлөргө ызатта болуу сыяктуу баалуулуктар сакталып калышы үчүн кандай аракеттерди жасоо керек?

4. Руханий жеткилең, жаңылыкка умтулуучу, изги-ниеттүү, ден-соолугу чың, эрктүү, сабырдуу инсандардын жетишип чыгуусунда үй-бүлөлүк баалуулуктардын таасири кандай экенин түшүндүр. Пикириңди мисалдар менен далилде.

### Руханият казынасынан

Үй-бүлөңө жасаган жакшылыгыңды Мекениңден да аяба, андан үй-бүлөң да, коом да пайда алсын.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

Даанышмандан «Эмне үчүн уулуңузга абдан көп насаат айтасыз?» деп, сурашты. Ал зат ушундай жооп берди: «Жаштарга насаат айта турган карыялар көчөттөрдү өстүрө турган багбан сыяктуу. Ал убагы менен көчөттөрдүн ашыкча бутактарын кесет, алардын айланасындагы чоочун чөптөрдөн тазалайт. Жыйынтыктап айтканда, анын мөмөсү мол болушу үчүн бар күч-кудуретин сарптайт. Ошондо гана көчөт жакшы өсүп, жетишет, ал жемишке киргенде мөмөсү балдай таттуу болот. Эгерде, багбан кайдыгер болуп, көчөттөрдүн ашыкча бутактарын кеспесе, алар бийик өсүп, жакшы жемиш бербейт. Натыйжада, мындай көчөттөн багбанга пайда жок».

## Чыгармачылык иш-аракет

Багбан жерге кам көрбөстөн, көчөттөрдү өз калыбында экпестен туруп жемиштүү жана көп жылдар бою мөмө бере турган дарак жетиштире алабы? Дарак жакшы каралбаса, аспектелбесе, анын натыйжасы кандай болушу мүмкүн? Жогорудагы текстти перзент, үй-бүлө жана коом менен байланыштырып түшүндүр.

## Ой жүгүртүү үчүн

**Өз эмгегиңдин кадырына жет**



Корообузда дайыма он-он беш кой багат элек. Ар жылы кыш мезгили келгенге чейин койлорубузду чабанга, жайлоого берип жиберет элек. Бир күнү койчу коюбуз эгиз тууганын жана аны үйгө алып кетишибиз керектиги жөнүндө кабар жибериптир. Чоң жүк машинесинде алып кележатканыбызда козулардын биринин туягы сынды. Аны мен туягына тактай байлап, туп-туура бир ай карадым. Күндөрдүн биринде шоктуктан, албетте, үйүбүздүн алдынан агып өтүүчү арык кооронун ичинен жанагы козуну өткөзмөкчү болдум.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





Бирок «тажрыйбам» өзүн актаган жок: козу куурдун так ортосуна келип токтоп калды. Аны чыгарып алуу үчүн болгон аракетимди жасадым. Ошол убак арыктын суусу көбөйүп, козу суунун астында калып кетти. Эч эсимден чыкпайт: ошондо атам мени колундагы тал чыбык менен сабаган. Бир жумадан кийин, атам жанына чакырып алып: «Уулум, мен сени козуну майып кылганың үчүн эмес, өз эмгегиңдин кадырына жетпегениң үчүн жазаладым.

Себеби, сен ошол козуга мээр берип карадың, туягын сакайттың, бирок эмгегиңдин натыйжасын өз колуң менен жокко чыгардың. Мындан ары жашоодо эч качан мындай жол тутпа» – деди.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Эмне үчүн үй-бүлөдө мээр-акыбет жогору болушу керек?

2. Берген жообуңарды «сен ошол козуга мээр берип карадың, туягын сакайттың, бирок эмгегиңдин натыйжасын өз колуң менен жокко чыгардың» деген пикир менен байланыштыр.

3. Сен үй-бүлө мүчөсү катары үй-бүлөңөрдө ар дайым бакыт өкүм сүрүшү үчүн кандай жол тутушуң зарыл?

## Билесиңби?

Үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз укуктарын жүзөгө ашыруусу жана өз милдеттерин аткаруусу үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү жана башка жарандардын укуктары, эркиндиктери жана мыйзамдык кызыкчылыктарын бузбастыгы шарт.

*Өзбекстан Республикасы Үй-бүлө кодекси*
*10-статясынан*

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Төмөнкү тексттеги кут-береке, үлгү, тарбия, мол-көлчүлүк, шаттык түшүнүктөрүнө өзүңдүн аныктамаңды бер.

2. «Перзент – кооз тарбиянын мураскору» дегенде эмнени түшүнөсүң? Сен бул жаатта кандай мураска эгедерсиң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ЫНТЫМАКТУУ ҮЙ-БҮЛӨ – КООМДУН ТАЯНЧЫ

Үй-бүлөдө ата – кут-береке, өрнөктүн символу, эне – мээрим-сүйүү, тарбиянын булагы, перзент болсо, кооз тарбиянын мураскору саналат. Дал ушундай үй-бүлөдө төгүн-чачындык, кубаныч-шаттык, өз ара урмат жана ынтымак камтылган. Мындай чөйрөдө чоңойгон перзенттен баары пайда көрөт. Мындай үй-бүлөлөрдүн өсүүсү акыр-аягы коомдун өнүгүүсүнө татыктуу салым кошот.

### Руханият казынасынан

Кырсыкка душар болууну каалабасаң, бой көтөрбө жана менменсинбе. Кор болууну каалабасаң, талоончу болбо. Бушайман болууну каалабасаң, алгач тажрыйбалуу инсандар менен кеңеш, андан соң жумушуңду башта. Баарына сүймөнчүк болууну каласаң, кулк-мүнөзүңдү түзөт, адептүү тарбиялуу бол. Кадыр-баркка, ызат жана урматка ээ болууну кааласаң, адал эмгек жаса, калптан сактан, ушакчы, кошааматчы болбо, маанисиз сөздөрдү айтып жүрүүнү жек көр. Эгерде ыңгайсыз абалга туш болсоң, ишинде ийгиликсиздикке учурап, кайгы-капа ичинде калсаң, сарсанаа болуп жүрбө, сабыр кыл…

### Чыгармачылык иш-аракет

1. Абдурауф Фитраттын «Балдар ахлактык тарбияны айлана-чөйрөдөн алышат, башкача айтканда, балдар сууга окшошот, суу идиштин формасына түшөт, балдар да чөйрөнүн адеп-ахлакын кабыл алышат» деген пикирин талда жана ага карата өз мамилеңди билдир.

2. Эгер үй-бүлөнүн бакытын жана жыргалчылыгын камсыздоо сага тапшырылганда, кандай жол тутмак элең? Пикириңди жазуу түрүндө баянда.

*3. Алишер Наваийдин айткан иштерин аткара аласыңбы? Суроого жооп берүүдө ар бир иш-аракетиңердин ата-энеңерге кандай таасири болушу мүмкүндүгүн эске ал.*

*Ата-энеңе бүт өмүрүңдү арна,*
*тактап айтканда, ата-энеңди*
*ар дайым урматта, сыйла.*
*Эки дүйнөлүк жыргалчылыкка*
*ээ болууну кааласаң, ата-энеңдин*
*ыраазычылыгына жетиш!*





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

**Ой жүгүртүү үчүн**

Лутфияхан керектөө үчүн ишканасындагы кесиптешинен карыз алды. Бир топ ойлонгондон соң акыры жолдошу тоюнда белек кылган билерикти сатууну чечти. Фарида эже бет маңдайында жашаган кошунасы Лазизахан менен маектешип отурат эле. Лутфияхан кошуналарынын экөө тең өзүнө ток үй-бүлөлөрдөн, анысы болбосо беркиси алса керек деп ойлоду

– Эмнеге билеригиңизди сатып жатасыз? – таң калыштуу сурады кошунасы.

– Карыз алган элем, ошону төлөшүм керек, – жерге карап жооп берди Лутфияхан.

– Эрте боло берсинчи, бир чечимин табабыз, ойлонбоңуз, кошуна, – ага далда берди Фарида эже. Сиз билеригиңизди сатпаңыз, менин бир аз топтоп койгон акчам бар, берип турамын, тапканыңызда кайтарасыз. Эгер кыйналсаңыз муну карыз деп эсептебеңиз. Кошуначылык миң жылчылык дейт, – деди Фарида эже.

Фарида эженин чечиминен Лазизахан нараазы болуп, каштарын чимирип, илебин тиштеди, бирок, Фаридахандын маанилүү көз карашы Лазизаханды пикиринен кайтарды. Лутфияхан ыраазычылыгын жашыра албай, көздөрүнөн жаш тегеренди.

1. Эмне деп ойлойсуң, Лутфияхан эмне себептен билеригин өзүнүн кошуналарына сатмакчы болду?

2. Фарида эженин «кошуначылык миң жылчылык» деген сөзүн кантип мүнөздөйсүң?

3. Лазизахан эмнеден нараазы болду? Лазизахандын кошунасына болгон мамилесин кандай баалайсың?

## Руханият казынасынан

Ата-энеңердин айткан сөздөрү сага жакпаса, аларды иренжитип, көңүлдөрүн оорутпа, аларга жаман сөз айтып урматсыздык кылба. Бейтап болуп калганыңда башыңда туруп, сенден көрө көбүрөөк санаа тартышат. Бир аз кечиксең, чыдамсыздык менен күтүшөт. Алар сенин жүзүңдү көрүп кубанышат. Алардын алдында эч качан үшкүрбө. Эрезеге жетип, келечекте үй-бүлө курсаңар да, алар үчүн баласың.

## Сабактан туура корутунду чыгар

1. «Үй-бүлөм, маалем, Мекеним менин тагдырымда» темасында досторуңдан интервю ал. Курбуларыңарга «Эгерде, үй-бүлө башчысы болсоң...», «Эгерде, айылдын башчысы болгонуңда...», «Эгерде, аким болгонуңда...» сыяктуу суроолор менен кайрыл.

2. Өзүңөр жашаган мааленин 10 жылдан кийинки келечегин сүрөттөп бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 4-5-ТЕМА. ҮЙ-БҮЛӨ – БАКЫТТЫН КОРГОНУ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Үй-бүлөңдө кимге кандай мамиледе болосуң?
2. «Кеп маданияты алгач үй-бүлөдө калыптанат жана өнүгөт» деген пикирге кандай карайсың? Пикириңди далилде.
3. Бактылуу инсан дегенде кандай инсанды элестетесиң? Кандай инсандарды бактылуу деп атоого болот?
4. Эмне үчүн бакытты ар ким ар түрдүү түшүнөт? Бактылуу болуу үчүн эмне кылуу зарыл?

## Ой жүгүртүү үчүн

### Чет өлкөлүк мыйман

Дүйнөлүк тилдер университетинде окуйт элем. Университетке келген чет өлкөлүк мыймандын өзбек тилинде так-таамай сүйлөшү көңүлүмдү бурду. Мыйман өзбек калкынын үрп-адаттарын үйрөнүп жаткан экен, аны үйүмө чакырдым




Мыйман:

– Мен түшүнбөй жатамын, Сиздердин үй-бүлөңөрдө да биз сыяктуу ата-балага окшош ат коюшабы?

– Эмнеге мындай деп жатасыз?

– Азыр апаңыз атаңызды Мурат деп чакырды-го!?

– Сиздин атыңыз да Мурат!...

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Эмне деп ойлойсуң? Ата баланын аты окшошпу? Мурат эмне деп жооп берди?
2. Мунун негизинде кандай баалуулуктар же үрп-адаттар болушу мүмкүн?

## Руханият казынасынан

Кулак салып ата-энеңди, сөздөрүн кадырла,
*Байлыгың көбөйсө, бой көтөрүп, кутурба.*

*Махмуд Кашгарий*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ой жүгүртүү үчүн

**Үйгө келин түштү**

– Гүлшан кызым, атаң келди, чыгып тосуп албайсыңбы?
– Апа, мен ушул жердемин!
Апа кызына маанилүү карап койду да:
– Ээ, ушул жерде билең? Көрбөй калыпмын.
Үйгө түшкөнүнө бир жума болбогон келин чуркап чыкты да:
– Ассалому алейкум, атаке, жакшы келдиңизби? – деди.
...
Келин короону шыпырып жатат. Эне:
– Гулшан кызым, чык, короону шыпырууга жардамдаш.
– Ии, апа...
Гулшандын сөзүн апасы дагы бөлүп:
– Сен короону жогорудан ылдыйга карап шыпыр, короо көчө эшигине карата шыпырылат.
Эртең менен келин короону эне атйканындай шыпыра баштады...

Чыгармачылык иш-аракет

Мындай окуялардын күбөсү болгон белең? Эмне үчүн Гүлшандын апасы кызына акыл айтты? Бул акылдан келин кандай жыйынтык чыгарды? Мындай мамиленин түпкүрүндө кандай баалуулуктар жатат? Пикириңди элдик макалдар менен байланыштырып түшүндүр.

Ой жүгүртүү үчүн

**Жаңы мыйман**

Чоң ата бөбөктү эркелетип: «Балбан балам, баатыр балам чоңойсун. Атасынын тиреги болсун», деп дуба кыла баштады.

Ага кулак салып турган Зарифа: «Чоң ата, мени да баатыр деп айтпайсызбы?» – деди.

«Эй, ширин кызым, аппак кызым, сен менин эне кызымсың», – деп, эркелетти чоң атасы.

Чыгармачылык иш-аракет

1. Сенин үй-бүлөңөрдө чоңдор кыздар жана уул балдарга кандай мамиледе болушат?
2. Эмне үчүн кыздарга «эне кызым» деп кайрылышат?
3. Коомдун өнүгүшү үчүн анын негизи болгон үй-бүлөлөрдө тарбия кандай жолго салынган болушу керек?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Руханият казынасынан

Эй, перзент! Башкалар менен мамиледе болгонуңда өзүңдү жакшы туткун, сага карап адамдар кандай үй-бүлөдө тарбия көргөнүңдү да, акыл-зээниңди да, элпектигиңди да баалашсын.

Тил адамдын эң кичүү, бирок, жоопкерчилиги жана милдети жагынан чоң таасирге ээ мүчөсү. Аны кайрымдуу, жакшы сөздөрдү айтуу үчүн гана иштетүү жана жаман, орой, дил ооруткан сөздөрдү айтуудан сактоо зарыл .Ошол себептен жалаң жакшы сөздөрдөн сүйлө же болбосо унчукпоону өзүңө адат кыл!

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Жогоруда берилген текст негизинде эссе жаз.

2. Үй-бүлөдө туура мамиле маданиятынын калыптанышында үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз ара таасири кандай болушу керек? Өз үй-бүлөңөрдүн мисалында айтып бер.


3. Тилдин кандай жоопкерчиликтүү милдеттери бар? Сен мындай жоопкерчиликке кандай мамиледесиң?

4. Мисалы, классташың сени кыжырланта турган сөздөр менен ызаалантты, сен бул абалда өзүңдү кандай тутасын? Пикириңди далилде.

## Ой жүгүртүү үчүн

1890-жылдардын акырында Детройттеги электр компаниясы жумасына 11 доллар эсебине жаш механикти ишке жалдады.

Ал күнүнө 10 саат иштейт, үйүнө кайтып, таң атканча жаңы түрдөгү двигателди жаратууга аракет кылат эле.



Атасы ага убактын бөөдө кетирип жатканын айтса, кошуналар аны эс учун жоготкон деп ушак сөздөр тарата баштады.

Жубайынан башкалардын бары анын аракеттерине шек менен карашат эле.

Бир гана жубайы анын идеясына ишенди. Түндөсү сааттап улануучу тажрыйбалар убагында керосин лампаны көтөрүп, жолдошунун жумушуна жардам берер эле.

Аялдын колдору көгөрүп, буттары талып, сууктан тиштери титирип калганда да анын жанынан кетпейт эле...




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Жылдар өттү. Бир күнү короодон адаттан тышкаркы шум угулду. Атсыз арабада кетип бара жаткан келесоо жана анын жубайын көргөн кошуналар акылынан аза жаздашты. Темир арабадагы Хенри Форд жана анын жубайы эле.





Бир канча жылдардан кийин картайып калган Хенри Фордко журналист суроо берди: «Кайра төрөлгөнүңүздө ким болууну каалайт элеңиз?» Хенри Форд жылмайды жана жөн гана жооп берди: «Ким болсом да, кайсыл жерде төрөлсөм да, жубайым жанымда болсо болгону...»

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Балачактан чоңойгондукка эмнени алып өтүү мүмкүн?
2. Хенри Фордтун жообу тууралуу эмне дейсиң?
3. Бакытты сен кандай түшүнөсүң? Эмне үчүн?
4. Сүйлөө жана угуу да кеп маданиятынын негизги бөлүгүн түзөт. Бул туралуу Жусуп Баласагын: «Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө», башка бир ойчул: «Сөздөрүң седеп кадырына тең болгондой сүйлөгүн, кезегинде үн катып турганыңда дур-гаухарга айлансын» , – деген.

«Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө» деген накылда кандай маани камтылган? Инсан канчалык туура ойлой алат деп эсептейсиң? Пикириңди далилде.

Эмне үчүн адамдын оозунан чыккан сөздөрү зер-седепке окшоштурулат? Сөздү дагы кандай баалуу таштарга окшоштуруу мүмкүн?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачылык иш-аракет

*Чоң атам ар дайым эскертет: «Азиз неберем, бирөө менен маектешип жатканда эч качан катуу сүйлөбө жана мектешиңдин сөзүн бөлбө. Инсандын кооз кулк-мүнөзү анын берешендиги, ширин сөздүгү жана жөнөкөйлүгү менен өлчөнөт. Мындай сапаттарга ээ болгон инсан чыныгы агартуучу инсан болот».*

1. Мамиле маданияты өнүккөн инсандар менен илим-билимдүү инсандардын айырмасы эмнеде? Пикириңди далилде.
2. Кеп маданиятына ээ болбогон кишилер кандай изги касиеттерден бебахра колади.
3. «Сүйлөө билимдүүлүктөн, тыңдоо маданияттан, байкоо руханияттандыр» деген ойду мүнөздөөгө аракет кыл.

## Ой жүгүртүү үчүн

### Эне жөнүндө үч аңгеме

Айыл өкмөттүн имаратына жашы кырктан ашкан киши кирип келди. Айыл башчысы анын тынчсызданганын сезип:



– Эмне болду? – деп сурады.

– Кемпирди берип койдук!

– Кайсы кемпирди?

– Апамды... – деп, жооп берди киши.

***

Устатымдын үйүнө зарыл иш менен бардым. Түшкү тамак убагы эле.

– Сиз олтуруп туруңуз, мен азыр, – деп үй ичине кирип кетти.

Үй ичинен анын кимдир бирөөнү эркелетип тамак жедирип жатканы угулду.

Ооба, неберелеринин бирөөсү менен сүйлөшүп жатат мени күттүрүп, деп капаландым.

– Апакем, бейишим, дагы бир кашык жеңиз, суранам, келиңиз, мен жардам беремин...» деген дабыш угулду.

Билсем, устатымдын сексен жаштан ашкан апасы бар экен, ал киши жакында гана инсульттан түзөлгөн экен.

***

Мектеп короосунда 10-класста окуган кыз телефондо кимдир бүрөөнү кагып сүйлөп жатат.

– Мены тынч коюсузбу, жок-пу? Сиз өзү эмнени түшүнөт элеңиз? Мен билбеймин,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Бүгүн курбуларым менен кафеде олтурабыз, мага акча керек. Качан акча сурасам, акчам жок дейсиз... Мен сизге таарындым

Жанында турган кыз бир телефонго, бир курбусуна карады да, ыйлап жиберди. Кыз телефонду коюп жатып:

– Эмне болду? Эмне аза тутасың?

– Апам эсиме түштү.

– Апаңа эмне болгон эле?

– Апам каза болгон… Сен абдан бактылуусуң. Бактыңдын кадырына жет!

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Берилген аңгемелерден кандай жыйынтык чыгардың?

2. Биринчи жана үчүнчү окуянын күбөсү болсоң, эмне деген болот элең?

3. Жакындарыңарга качан акыркы жолу жылуу сөз айткансың?

4. Үй-бүлөңүздөгүлөргө айта турган жылуу сөзүңөрдүн тизмесин түз. Канча сөз болду? Бул сөздөрдү бир күндө канча ирет кайталайсың?

5. «Мен барктаймын...» оюну. Төмөнкү ойлорду толтуруп, улантыргыла жана дептериңерге көчүрүп жаз: «Мен өзүмдөгү…нү барктаймын», «Үй-бүлөмдөгүлөрдүн … сапаттарын баалаймын», «Мен жашоодо…ды кадырлаймын».

## Руханият казынасынан

*Эгер мен жашоодо кандайдыр бир маанилүү нерсе жараткан болсом, алда болсо негизинен сабырым жана берилгендигим себептүү, башка эч кандай талантым аркылуу эмес.*

*Исаак Нютон*

## Сабактан туура корутунду чыгар

1. Качан адам бакыт-таалайга жетишет?

2. Улуулар жаштарды дуба кылып: «Бактылуу, таалайлуу болгула», дегенде эмнени көңүлдө тутушат?

3. «Атам – дөөлөтүм, апам – башымдагы таажым» деген пикирди кандай түшүнөсүң? «Үй-бүлө – бакыт коргону» темасында улуулар катышуусунда видео интервью даярда:

а) каармаыңарды танда;

б) суроолорду калыптандыр;

в) ар бир суроого берилген жоопторду кунт коюп ук жана жыйынтык чыгар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 6-7-ТЕМА: ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ МИЛДЕТТЕР ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИК

## Активдетирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. «Ар бир инсанда милдеттер жана жоопкерчилик алгач үй-бүлөдө калыптанат», – деген пикирди кандай түшүндүрөсүң?

2. Үй-бүлөңөр алдыдагы милдеттериңер кимдер тарабынан орнотулган деп ойлойсуң? Сен аларга канчалык даражада баш ийесиң? Аларга баш ийбестиктин акыбетин ойлоп көрдүң беле? Пикириңди баяндоого аракет кыл.

## Ой жүгүртүү үчүн

**Үмүт кылба, чечим кыл!**

Ошол күнү чет элден кайтып жаткан агамды күтүп алуу үчүн аэропортко бардым. Мен күтүп жаткан самолёттун келүү убагы кечиктирилгендиктен ар түрдүү шаарлардан келип жаткан жүргүнчүлөрдү күзөтүп, өзүмдү алаксытууга аракеттенип жатат элем.

Алдымда наристе кызды көтөрүп алган орто жаштардагы аял да эки уулу менен кимдир бирөөнү күтүп жатат. Бир аздан соң үй-бүлө шаңдана кетти жана балдар аэропорт терминалынан шашып чыгып келе жаткан, желкесине асма жүк сумкасын илип алган кишиге кол шилтеше башташты.

Ал киши үй-бүлөнүн алдына келип, жүктөрүн орундукка койду да, балдарын бир-бирден сүйүп, кучактады. Анын бул аракеттеринен ошол үй-бүлөнүн башчысы экени даана билинди.

– Менсиз кыйналган жоксуңар-бы? Баарыңар сак-саламат экениңерден кубанычтамын, – деди ал.

Кийин ата балдарынын жашы улуусуна кайрылды да, алаканы менен анын чачтарын тозутуп, эркеледи.

– Уулум, чоң жигит болуп калыпсың! Сапарда болгонумда апаң жана инилериңе камкордук кылганың үчүн сенден кубанычтамын, – деди.

– Сен-чи, уулум мектепке барып жатасыңбы? Мына, эми кайра чогуубуз. Сени кечки спорттук машыгууларыңа өзүм алып барамын, – деп кичүү уулун өзүнө жакыныраак тартты.

Андан соң көтөрүп алган, чамасы эки жаштардагы кызын эркелете кучагына кысты.

Бул окуяны көрүп, үй-бүлөдөгү мээр-махабат мамилелеринен абдан таасирлендим. Үй-бүлө курганыма эки жылдан өтсө да, үй-бүлөлүк мамилелерде мындай абалды көрбөгөн элем.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



– Кечиресиз – дедим, үй-бүлө башчысына кайрылып. Ал киши узак жолдон чарчаган көздөрүн мага бурду.

– Көптөн бери сапарда жүргөн окшойсуз? – дедим, кызыгып.

– Ооба, үч күндүк сапарда элем – деген жообу мени дагы да таң калтырды. Ишенгим келбейт эле, бирок ал чын айтып жатканы анык. Кийин турмуш курганына канча жыл болгонун сурадым. Ал киши жубайына карап жылмайды жана ушул жазда никелерине он төрт жыл болгонун айтты. Кызыгуум дагы да артты

– Таң калып, үмүттөнөмүн, менин да үй-бүлөмө, жубайыма болгон мамилем он жылдардан кийин да дал ушундай жогору болот, – дедим сөзүмдү чечмелегендей болуп.

Ошондо мени түшүнгөн үй-бүлө башчысыны мага оор басырыктуулук менен карап:

– Үмүт кылба, чечим кыл, досум! Себеби, эркектин өз үй-бүлөсүнүн жыргалчылыкка баштоосу анын үмүтүнө эмес, чыгарган чечимдерине байланыштуу, – деди жана бул жолдо мага оомат тилеп, коштошту

## Чыгармачылык иш-аракет

Тапшырманы өз алдынча аткаруу сунушталат.

Берилген пикирлерден кайсы бири тура, кайсы бири тура эмес экендигин «Ооба» же «Жок» белгиси менен туюнт.

**Перзенттердин милдеттери**

1. Ата-энени урматтоо, алардын насааттарын угуу.
2. Эгерде ата-энеси айткан жумушту так аткарууга көзү жетпесе, мындай учурда ошол абалдан келип чыгып иш көрүү.
3. Билим алуу, кесип-өнөр ээлөө жана убакты келгенде ата-энесинин ыраазычылыгы менен турмуш куруу.
4. Ата-энe, ага-ини, эже-сиңдилерге колдон келишинче материалдык жана руханий жардам берүү.
5. Өзүнүн арзыбаган жумуш жана көйгөйлөрүн ата-энесине айтуу.
6. Үй-тиричилик иштеринде ата-энесине жардам берүү.
7. Өз жакындарына зыян бербестик.
8. Ар бир иште ата-эне менен кеңешүү.

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

Эл-журт арасында жогорку кадыр-баркка ээ болгон кадырман атадан «Сиз мындай мартабага кантип ээ болдуңуз» – деп сурашыптыр. Ал киши төмөнкүдөй жооп бериптир:

1) жаштыгымдан жогорку арзууларды максат кылдым;
2) ата-энемдин кызматынан баш тартпадым;
3) устат– мугалимдер жана жакшы ниеттүү инсандардын сөздөрүнө амал кылдым.
4) туулуп өскөн жайымды өз үй-бүлөмдөй ыйык билдим;
5) баалуулуктарга берилдим;
6) сөзүмдө туура, ишимде адал болдум;
7) досторумдун ийгиликтерине өзүмдүн ийгилигимдей кубандым;
8) бирөөнүн жакшылыгын унуткан жокмун;
9) башкалардын акына көз салбадым;
10) китеп окуу жана билим алуудан тажабадым;



11) кесибиме тиешелүү болгон жаңылыктарды үйрөндүм жана аларды тартууладым;
12) дене-тарбия менен үлгүлтүксүз алектендим, ден-соолугума көңүл бөлдүм;
13) ар дайым алдыга умтулуп жашадым;
14) перзенттеримдин таалим-тарбиясы, үй-бүлөмдүн кадыр-баркын жашоомдун башкы маселеси деп билдим.

## Руханият казынасынан




Эй перзент, ата-энени урматтоо, сыйлоо ар бир перзент үчүн эң чоң парыз экенин унутпа! Ата-энени эмне үчүн урмат кыламын деп көңүлүңдөн өткөрбө, себеби алар сен үчүн өз жанын кыйууга да даяр.

Ар бир перзент акылдуу жана тарбиялуу болсо, эч убакыт ата-энесин ак эмгегин актоодон баш тартпайт. Эй перзент, ошондуктан да ата-энеңди бир аз болсо да көңүлүн оорутпа!

*Кайковус*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачылык иш-аракет

1.«Үй-бүлөдөн башталган жоопкерчилик коомдун жанкүйөр мүчөсүнө айландырат» деген пикирди жогоруда берилген текст менен байланыштырып түшүндүр.

2. Өзүңөр жашап жаткан жер, мааленердеги ушундай урмат-сыйга ээ болгон инсандарды билесиңби? Алардын кайсы сапаттары сага жагат жана эмне үчүн?

3. Сен да жашоодо аларга окшошуңар үчүн өзүңөрдө кандай сапаттар болушун каалайт элең?

4. Жогорку кадыр-баркка ээ болуу үчүн жогорудагы он төрт эреженин ар бирине мүнөздөмө бер.

5. «Үй-бүлөмдүн баалуулуктарына туруктуумун» деген пикирди кандай түшүнөсүң?

6. Келечекте кандай кесипти ээси болгуң келет? Тандаган кесибиң жаңылыктарды үйрөнүү жана аларды тартуулоону талап кылабы?


7. Сен тандаган кесип үй-бүлөдөгү жоопкерчилигиңерге кандай таасир тийгизерин ойлоп көрдүң беле? «Менин кесибим жана үй-бүлөдөгү жоопкерчиликтерим» темасында Венн диаграммасын түз.

8. Кайкавус ибн Искендердин «Кабусname» чыгармасынан берилген пикирди перзенттик туруктуулук жана жоопкерчилиги менен байланыштырууга аракет кыл. Сен да буга баш ийесиңби?

## Сабактан туура корутунду чыгар

1. Үй-бүлө алдындагы милдеттериңди санап өт.

2. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн «мыйзамда жазыл-баган милдеттери жана жоопкерчиликтери» дегенде эмнени түшүнөсүң? Бул «мыйзамда жазыл-баган милдет жана жоопкерчилигиңди» кайсы бирин эң негизгиси жана аны аткаруу керек деп ойлойсуң?



3. Төмөндө берилген сүрөттүн көлөкөсүнө көңүл бур. Тема менен кандай байланышы бар? Пикириңди теманын негизинде чыгарган жыйынтыгыңа таянып чечмеле.

## Руханият казынасынан

Кылына турган жакшылыктын эң абзели кишинин өз үй-бүлөсүнө кылган жакшылыгы. Мындай жакшылыктын бир учу өзүнө да жетип турат.

«Эй Раббим! Мени (алар) бөбөктүгүмдө тарбиялагандай, Сен да аларга ырайым кылгын!

*Сураны карим. Исро сүрөсү, 24-аят*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

**Оң колуң бергенин сол колуң билбесин!**

Бүгүн пенсия алган Санабар эне неберелерине таттууларды алуу үчүн дүкөнгө бармакчы болуп, кошунасы Назира энени чакырды. Назира эне пенсиясынын аздыгынан даттанды.

– Менин пенсиям абдан жакшы, балдарымдан акча сурабаймын, – деди Санабар эне.

– Ай, кандайча?! Экөөбүздүн иш жайыбыз да бир жерде, стажыбыз да бирдей эле-го! – деп, таңыркады Назира эне.

– Билбейм, уулум барып кайра эсептетип, көбөйтүрүп келген. Пенсиямдын бир бөлүгү пластик картама түшөт, азырагын колума алып келип беришет…

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Эмне деп ойлойсуң, Санабар эненин уулу кантип апасынын пенсиясын көбөйтүргөн болушу мүмкүн?
2. Пенсияны кантип көбөйтүрүү мүмкүн?

## Ой жүгүртүү үчүн

Назира эне үйүнө келди да, уулун тездик менен чакырып: – Санабар эненин уулу пенсиясын көбөйтүрүп бериптир. Сен да сүйлөшүп көр, балким, менин пенсиямды да көбөйтүрөр? Менимче, уулунун тааанышы болсо керек.

– Эй апаке, эмне деп жатасыз?! Кимгедир эмнедир берүү керек.

– Мейли, уулум, бир айлык пенсиямды берермин.

– Макул, апа.

## Чыгармачылык иш-аракет

Назира эненин –«… бир айлык пенсиямды берермин» , – дейиши канчалык туура? Назира эненин уулунун ордунда болсоңор кандай жол тутат элең?



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Эки дос жолугушту.
Назира эненин уулу:
– Санабар эненин пенсиясы көбүрөөк экен, ким менен сүйлөштүң?
– Эч ким менен сүйлөшкөн жокмун.
– Мейли, каражатын беребиз, апамдын да пенсиясын көбөйтүрүүгө жардам бер.
– Макул. Эгерде апама айтпасаң, сага жардам беремин.

Санабар эненин уулу кандай жооп берген болушу мүмкүн?




Санабар эненин уулунун жасаган иши жана «Милдеттүү аш татыбас» макалын ортосунда кандай байланышы бар?

– Жүр, банкка киребиз.
– Эмне үчүн?
– Апаңдын атына карта ачтырасың, ар айда пенсия келе турган күн өзүң акча салып турасың.
– Өзүнүн колуна берсе болбойбу?
– Жок, андай кылсаң милдеттүү болуп калат...

Санабар эненин уулу эмне үчүн мындай кылган деп ойлойсуң?

## Руханият казынасынан

**Ардактуу перзент!** Ата-энең менен чогу тамактанганыңда алардан мурда тамакка кол сунба. Чайын куюп бер. Себеби, кызмат кылуу жаштын милдети экенин унутпа. Ата-энең менен бирге жүрүүгө туура келсе, алардын алдына түшүп жүрбө, себеби, аларга карата урматсыздык, адепсиздик саналат. Отурган жериңе ата-энең келип калса, албетте, ордуңдан туруп салам бер, аларды ачык маанай менен тосуп ал. Ата-энең олтурбай туруп, алардан мурда отурба. Эгерде, ачуусу келип, сени бекеринен тилдесе да, эч качан аларга каяша сүйлөбө. Меники туура деп аларга каяша сүйлөсөң, көңүлүн оорутуп койгон болосуң.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Захиджан ата жана небереси Азим шахмат ойноп отурган эле.

– Чоң ата, сизди айылда баары урмат кылат жана ар дайым үлгү катары көрсөтөт. Мындай урмат жана баркка кандай жетишкенсиз? – деп, сурады Азим.

– Эң биринчи, жакшы ниеттүү, жөнөкөй болдум, эң негизгиси, адал жашадым. Ата-энем жана үй-бүлөм алдыдагы жоопкерчилигимди сездим жана алардын урматын жайына койдум. Инилерим жана карындаштарыма ар дайым үлгү болууга аракет кылдым, – деп, жооп берди чоң атасы.

## Чыгармачылык иш-аракет



1. Үй-бүлөдөгү бурч жана милдеттериңердин тизмегин түз. Пикириңди классташтарыңар менен бөлүш.

2. Үй-бүлөңөр алдыдагы милдеттериңерди аткарууда өздүк кызыкчылыктарыңдан кече аласыңбы? Эмне үчүн?

3. Үй-бүлө алдыда жоопкерчиликтүү болуу жөнүндө 10 факт келтир.

4. Презентация түрүндө төмөнкү дарак шактарына өз санжыраңарды жайгаштыр. Санжыраңарды сыймык менен улантыруу үчүн кандай милдет жана жоопкерчилигиң бар? Үй-бүлө дарагыңардын терең тамыр атуусу эмнелерге көңүл бурушуң керек?

5. Эр жигиттин үй-бүлө алдындагы негизги жоопкерчилиги эмнеде деп эсептейсиң.

6. «Арамга караба, адалыңа көз тиет» деген макалды үй-бүлө тынчтыгы менен кандай байланышы бар. Бул накыл кепте айтылган ойду үй-бүлө алдыдагы жоопкерчилик менен кандай байланышы бар?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Өз алдынча иштөө

1. «Келин да, кыз да – перзент, үй-бүлөнүн уланткычы, эртеңки таалайы эсептелет» деген пикирди далилдеп бер.


2. Баалуулуктарды сактап калуучу жана байытып баруучу үй-бүлө мүчөлөрүнө кимдерди киргизүү мүмкүн? Өз үй-бүлө мүчөлөрүңөрдү мисал кылып, түшүндүрүп бер.

3. Өз доорунун улуу инсандары: «Бейишке жол эненин таманы астында» , деп айтышкан. Ушул мазмундагы дагы кандай накыл кептерди билесиң? Бул сыяктуу накылдардын кылымдар аша муундан муунга өтүп келишинин сыры эмнеде?

4. «Коомдун мүчөлөрү өнүкпөсө, коом да өнүкпөйт. Коом мүчөлөрүнүн өнүгүшү үчүн аларды акылы өнүгүшү керек. Акыл болсо китеп окуу менен өнүгөт» Ушул кепти кандай баяндайсың, мисалдар менен түшүндүр.

5. «Уул баланы окутуу бир үй-бүлөнүн сабаттуу болушуна, кыз баланы окутуу бүтүн бир муундун сабаттуу болушуна жеткирет» деген сөздү мазмунун түшүндүрүп бер.

6. Төмөндөгү берилген сүрөттөргө кунт коюп кара. Сүрөттөрдү ата жана аларды баяндоого аракет кыл.











*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 8-ТЕМА: БАКЫТТЫН ДАРЕКТЕРИ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Бакытты кандай элестетесиң?
2. Кыялыңда бакыттын формасы, көрүнүшү, касиети жана белгилери кандай сүрөттөлөт?
3. Жакындарыңарга кандай жолдор менен бакыт тартуулай аласың?
4. Өзүнөрдү бактылуу сезген күнүңөрдү эстеп көр?



Бакытты ар ким өз алдынча, ар түрдүү элестетет, бирок бул түшүнүктүн чени биздин ой-таанымыбыздан анчейин кеңири жана аны бир гана сөз менен туюнтууга болбойт. Алсак, адам баласынын дүйнөгө келиши – бакыт! Кимдир бирөө үчүн сүйгөн адамына үйлөнүү – бакыт! Перзенттүү болуу – бакыт! Кимдир бирөөгө сүйгөн кесиби менен алектенүү – бакыт! Ата-эненин дубасын алуу – перзент үчүн бакыт! Авто унаага, өз үйүнө ээ болуу, той кылуу, дагы башка арзуу-максаттарына жетүү... Булар да кимдир бирөө үчүн бакыт. Адамдар бакыт деп бул сыяктуу мисалдарды каалаганча улантырышы мүмкүн.

## Чыгармачылык иш-аракет

*Чиймеге көңүл бургула жана аны улантырып дептериңерге көчүрүп жаз. Дагы эмнелер аркылуу инсан өзүн бактылуу сезиши мүмкүн?*



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Руханият казынасынан

Адам жалгыз өзү эч качан бактылуу боло албайт, бардык адамдар бактылуу болгондо гана ал да бактылуу болот!

*Лев Толстой*

## Билесиңби?

*Бакыт – руханий, ахлактык түшүнүк. Бакыт инсанда өз иш-аракети натыйжаларынан, жашоодо жетише алган ийгиликтеринен, жашоо шартынан ыраазы болушу, белгилүү бир максатка жетиши, тилек-максаттарынын орундалышы, армансыз жашоо катарында көрүнөт.*

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Алсак, сенин бардык нерсеңер бар, бирок бакытыңар толук болушу үчүн кандайдыр бир нерсе жетпей жатат. Бул нерсе эмне болушу мүмкүн?
2. Бактылуулукту толук сезүү үчүн эмнелер тоскоол болот?




## Ой жүгүртүү үчүн

Адам өзүндө бар нерсени барктоосу зарыл. Бакыт бул – башкарыла турган сезим. Бул инсандын дүйнө таанымы менен байланыштуу.

Бакыт бул – ата-эне, ага-ини жана эже-сиңди, чын досторуңдун бар экендиги.

Бакыт бул – билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу, себеби, билим жеткилең инсан болуп жетишүүгө жардам берет. Андан соң башка тилек-максаттар пайда боло баштайт жана аларга жетүү да инсанды бактылуу кылат. Ошондуктан, инсандын келечектеги жашоосу жалгыз өзүнө, өзүнүн умтулуу жана аракетине байланыштуу.

## Руханият казынасынан

Даанышмандар айтышат: «Турмушта үч мейман убадалашпай да келе берет – ырыскы, махабат, бакыт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




## Ой жүгүртүү үчүн

### Оор көпүрө...

... Чакан болсо да, бирок бекем курулган бул көпүрөөнүн негизги милдети алыс бир аймакты дүйнө менен байланыштыруу эле.

Качан жана ким тарабынан курулгандыгы белгисиз болгон бул көпүрөө өз «башы»нан кандай гана күндөрдү өткөрбөдү. Оттузунчу жылдардан тарта бул жолдон ат-арабалардан жүк машиналарына чейин өттү. Бул жылдар аралыгында канчадан-канча адамдар ал жактан бул жакка өтүп кайтпайт. Канча жакшы-жаманды көрдү бул улуу көпүрөө. Кимдир бирөө аны перзенттерине «Жашоо көпүрөөсү» деп тааныштырса, башка бирөө алыс аймактын «куткаруучусуна» окшотушат эле. Дагы бирөөлөр аны бузуп таштоо керектигин айтышчуу. Кыскасы, жашоонун бардык «ачуу-таттуу» даамын тарткан бул байыркы көпүрөө бардык доордо өз басырыктуулугун, келбетин сактап калды. Адамдардын ортосунда чыр жаралса, карыялар жашы улуусуна: «Сен көптү көргөнсүң, бир аз оор бол, сен деген чоң, оор көпүрөөсүн», деп бекеринен айтышпаган экен.



## Чыгармачылык иш-аракет

1. Бул көпүрөө адамдарды бактылуу болушуна себепчи болгон деген пикирге өз көз карашыңарды билдир.
2. Эмне үчүн бул көпүрөөнү кимдир бирөөлөр бузушмакчы болушкан? Себептерин сана.
3. «Бакыт бул – ...» деген пикирди улантыр. Пикриңди далилдеп бер.

## Руханият казынасынан

Адамдардын жашоосу да узун көпүрөөгө окшойт. Аны татыктуу басып өтүү ар кимдин өзүнөн көз каранды. Татыктуу басып өтүлгөн жол бекем көпүрөө сымал адамдын тагдырын да кооз кылып барат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

### Бакыт жөнүндө уламыш

Күндөрдүн биринде үч ага-ини токойдо сейилдеп жүрүп, терең аңды көрүп калышты. Аңга Бакыт түшүп кеткен эле.

Чоң ага чукурга ийилип, деди:

– Эгерде акчам көп болгондо эле, абдан бактылуу болоор элем.

Бакыт ага абдан көп акча бериптир, уулдардын чоңу кубанып, жолун улантырды.

Экинчи ага да чукурга ийилип, деди:

– Эгерде өмүр бою жанымда болуучу туруктуу досум болсо, өзүмдү бактылуу сезет элем.

Бакыт анын да тилегин ишке ашырды, экинчи ага да өзүн бактылуу сезип, досу менен жолго түштү.

Кенже ини чукурга ийилгенде, Бакыт андан:

– Сенин тилегиң эмне? – деп сурады.

– Өзүңдүн тилегиң эмне? – кайтарып сурады ини – Бакыттан.

– Мени ушул аңдан куткарышыңды каалаймын, – деди Бакыт.

Кенже ини аны аңдан куткарып, өз жолун улантырды. Бакыт кубанганча анын артынан ээрчип кетти...

## Чыгармачылык иш-аракет

1. «Бактылуу болууну кааласаң, жакындарыңды бактылуу кыл» деген пикарди кандай түшүнөсүң?

2. Сен жакындарыңарды (ата-энең, үй-бүлө мүчөлөрүңөр, класс-таштарыңар) өздөрүн бактылуу сезиши үчүн кандай аракеттер жасаган болот элең?

## Билесиңби?

Бакыт эч бир жерден изделбейт. Кандайдыр бир максатарыңардын ишке ашуусу сенди бактылуу кыла албайт. Өзүңөрдү ушул жерде, ушул үйдө, ушул шаарда бактылуу сезе албаганыңарга чейин, сен үмүт менен күтүп жаткан убакыт келгенде да бактылуу инсан боло албайсыңар. Ошондуктан, жакын инсандарыңар менен ушул убакыттагы абалыңар менен бакытты туя бил. Бакыт сенин ичинде, ичиңдеги бакытты тапкыла жана өзүңдү бактылуу кыл.

Бакытты ар дайым сез...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Руханият казынасынан

Ким бакыт келген кезде андан пайдаланууну билбесе, ал өтүп кеткенде даттанбастыгы керек.

*Мигел де Сервантес*

## Ой жүгүртүү үчүн

### Бакыттын ачкычы

Бир даанышмандан шакирттери:

– Эмне кылсак, тынч жана ыраахатта жашайбыз? – деп сурашты.

Даанышман :

– Эч бир жерде эч кимге бир да сөз айтпа, үн каткыла, – деп жооп берди. Шакирттер:

– Ар дайым унчукпоого болбойт-ко! Бизге башка жолун айтыңыз, –дешти.

Даанышман ушундай кеңеш берди:

– Үнката албасаңар, кыска жана мазмундуу сүйлөгүлө, оозүңдан эч качан жаман сөз чыкпасын. Жаман сөз угармандын көңүлүн оорутат, мындан өзүңөрдүн көңүлүңөр да жапа чегет.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Сөздүк коруңар канчалык бай жана ар-түрдүү, ушул туралуу эч ойлоп көрдүң беле?
2. «Адамдын бакыты айткан сөзү менен да калыптанып барат» деген ойго кошуласыңбы?
3. «Көңүл бейпилдиги инсанга бакыт келтирет» деген пикирге өзүңдүн мамилеңди билдир.

## Ой жүгүртүү үчүн

### ҮЧ ТАСМА

Акылдуу кишилер өз иш столдорун үстүнө үч тасма жайгаштырып коюшат:

**Биринчисине:** «Бүгүнкү күнүң чыныгы күн» деп жазылган. Ушул күндүн чегинде жаша.

**Экинчисине:** «Ой жүгүрт жана шүгүр кыл!» Сага берилген дөөлөттөр жөнүндө  ой жүгүрткүлө жана ага шүгүр кыл.

**Үчүнчүсүнө:** «Ачууланба!». Бул тасма сени эң жакын жана оңой жолдор менен бакытка жетелейт. Алар жөнөкөй бирок, абдан пайдалуу.

*Доктор Оиз Карний, саудиялык аалым, коом окумуштуусу*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Руханият казынасынан

Бир тикен капысынан бутка кирсе,
Эмне болот, айт, ал көңүлгө тийсе?

*Жалалиддин Румий*

## Ой жүгүртүү үчүн

Күндөрдүн биринде апамдын жанына келип, анын тизесине башымды койдум да, бир азга тын алдым, дүйнө түйшүктөрүн аз болсо да унуттум. Анан кыял отунун чексиз тереңдиктерине сейилдеп, мээримдүү энекемден эң бактылуу күндөрү жөнүндө аңгемелеп беришин сурандым.

Энекем, бейишим бир аз тын алды да, кийин бир чекитке тиктегенче, сабырдуулук менен сөз баштады...

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Эне эмне деген болушу мүмкүн?
2. Эне бакытты кандай элестетет деп ойлойсуң?
3. «Ой жүгүртүү үчүн» рубрикасында берилген текстти окуганыңда кыялыңдан кандай ойлор өттү.

## Сабактан туура корутунду чыгар

1. Берилген сүйлөмдү темага байланыштыр: «Адамдын жашоосундагы эң мактоого ылайык абал – жыгылгандан кийин өзүн тургуза алуу».
2. Адам өз жолун тапкан мезгилде өзүн бактылуу сезе алабы?
3. Өзүңөр урмат кылган инсандардын биринин бактылуу кездерин эстегиле жана бул туралуу дептериңе жаз.

Мисал үчүн:

Менин атам же апам (жакындарым, досторум)... бактылуу адамдар. Себеби...

4. Өзүңдүн бакыт формулаңарды жарат (формула жаратууда фигуралардын саны көбөйүүсү мүмкүн).




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# II БӨЛҮМ.
# АДАМ ЖАНА КООМ








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 9-ТЕМА: МААЛЕ – БААЛУУЛУКТАРДЫН БЕШИГИ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Төмөнкү сүрөттөрдө кандай баалуулуктар сүрөттөлгөн? Бул баалуулуктарды ким ойлоп тапкан?

2. Сенин да маалеңерде ушундай салттар барбы? Берилген сүрөттөр аркылуу пикриңди түшүндүр.

3. Маалеңерде боло турган ашарларда катышасыңбы, ага сенин эмне мажбур кылат?

4. Эмне себептен маале «баалуулуктардын бешиги», «демократия мектеби» деп аталышы жөнүндө өз пикриңди билдир.













*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Тарыхка назар

Тарыхчы алым Наршахий «Бухара тарыхы» чыгармасында мындан 1100 жыл мурда маале элдин башкаруу усулу экенин жазган эле. Байыртадан маале социалдык гана эмес, ошондой эле административдик-аймактык түзүлүшү катары да таанылган. Алишер Наваийдин «Ҳайрат ул-аброр» («Жакшы кишилердин таң калуусу») чыгармасында төмөнкү кош сап учурайт:

*Шаардын чыныгы берметин даңктап,*
*Жүз шаар биригип аталды Герат.*

Мааленин «Шаар ичиндеги шаар» деген мазмунун жогорудагы окшоштуруудан байкалып турат. Орто кылымдарда Гири деп аталган Герат шары жүз даана кичине «шаарча» – маалелерден түзүлгөн экен.

## Ой жүгүртүү үчүн

*Өткүр Хашимов*

**ТАМ ШЫБАК**

1) Айылда күз маалында там шыбак кылуу салты болор эле. Анын жазылбаган эрежеси бар. Биричиси, эч ким тамын жалгыз шыбак кылбайт: ашарга баары келет. Экинчиси, бей-бечара, колу кыска үй-бүлөнүн тамы эң мурда шыбак кылынат. Андан кийин кезек менен улантыра берилчүү.



## Чыгармачылык иш-аракет

1.«Анын жазылбаган эрежеси бар», деген кепте эмне көңүлгө алынып жатат? Сен жашаган мааленин да өзүнө жараша мыйзам-эрежелери барбы?

2. Эмне үчүн эң биринчи бей-бечара, колу кыска үй-бүлөнүн тамы шыбак кылынган?

3. Мааледеги баалуулуктарга дагы кандай мисалдарды айта аласың?

## Ой жүгүртүү үчүн

2) Мугалимибиздин ашарына көп адам жыйналды. Үйү чоң жолдун жакасында эле. Жолдун бир четинен аң кылынып, ылай даярдалган экен. Саман чоң жолдун шыбышып жаткан топурагына аралашып, абдан жумшак болуптур. Мугалимибиздин Азим ага деген кошунасы иш башкаруучу болду. Бирөө аңга түшүп, ылай салып берди, бирөө чакалап ташыды, дагы бирөө тамдан туруп, илмек менен тартып алат, башка бирөөсү астейдил шыбак кылат...





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачылык иш-аракет

1. Кошуналардын ынактыгын кандай мүнөздөөгө болот? Аларды эмне бириктирип турат?
2. Ашардын кандай жазылбаган эрежелери бар?
3. Эмне үчүн мугалимдин ашарына көп адам жыйналды?

## Ой жүгүртүү үчүн

3) Түшкө чейин эле бардык жумушту калыбына келтирип койдук. Короо ортосундагы тыттын көлөкөсүндө тамактанып олтурсак, мугалимдин улгайган энеси кирип келди. (Кийин билдик, бир жума мурда көз жарган кызынын үйүнө кеткен экен). Кемпир кол таягын такылдатып, туура мугалимдин алдына барды. Уулунун берген саламына жооп да бербей:

– Эмне кылдың? – деди. – Эмне кылып койдуң?!

Баарыбыз таң калдык. Мугалим окуучуларынын алдында уят болгонунан кызарып кетти.

## Чыгармачылык иш-аракет



1. Мугалимдин энеси эмнеден капа болгон?
2. Эмне үчүн мугалим окуучуларынын алдында ыңгайсыз абалга туш болду?

## Ой жүгүртүү үчүн

4) – Эмне кылыптырмын, апа? – деди, көздөрүн жалдыратып.

– Оопат! – кемпир таягын жерге какты.

– Сага качан акыл кирет, акмак бала! Кийин Азим агага кайрылды.

– Бул-го акмактык кылыптыр, сиз кай жерде элеңиз? Эмнеге жолдон ылай жасадың? Көчөнүн топурагына тийип болобу, келесо! Элдин акысы-го бул?! Бир аз үшкүрүп турду да, капыстан ыйлап жиберди.

– Мен элдин акына шыбалган тамдын астында жашай албайм! – ушундай деди да, сөрү четине барып, тетири отуруп алды...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачылык иш-аракет

1. Мугалимдин энеси топуракты «көчөнүн акысы» деп айтты. Эмне деп ойлойсуң, көчөдө жаткан топурак да бирөөлөрдүн акысы болушу мүмкүнбү?
2. Эне: «Мен журттун акысына шыбалган там астында жашабаймын!» дегенде эмнени назарда туткан?
3. «Көпчүлүктүн акысы», «бирөөнүн акысы», «журттун акысы» деген сөздөрдү кайсыл жерлерде жана кандай абалдарда колдонулушу мүмкүн?

## Ой жүгүртүү үчүн



5) ...Баарыбыз кайрадан тамга чыктык. Шыбак кылуудан көрө ылайды көчүрүү бир топ кыйын экен. Бир да калтырбай, тамдан тазалап түшүрдүк. Чакалап ташып, көчөдөгү ылай казылган анды толтуруп койдук. Арадан бир канча жылдар өтүп, кемпир көз жумганда канчалаган адамдар аны ошол жолдон акыркы сапарга узатып барышты. Көчөнүн топурагы толук эле. Тегиз эле.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Эгерде сен да ушул окуяда катышканыңда эмне кылат элең?
2. Төмөнкү окуяны кунт коюп оку. Жогорудагы окуялар менен байланыштуу жери барбы?

## Ой жүгүртүү үчүн

### Кошунанын акысы



Үйүбүз кышта сууп кетти. Көп кабаттуу үйдүн 6-кабатында жашайбыз. Атам үйдү эптеп жылытуу үчүн ушул тармактын адисин чакырды. Өз ишин мыкты билген Мурат ага бардык куурларды бир-бирден текшерип чыкты да: «Кошуналарыңыз жылытуу курулмасына кошумча куурлар орнотуптур. Ошондуктан, үйүңүзгө жылуулук жакшы жетип келбей жатат», деп айтты. Ошол күнү атам жана Мурат ага



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



керектүү болгон куурлар жана кошумча каражаттарды орнотушту. Бир кезде апам, «Атасы, балконду да бир жолу жылуу кылып алайлы», – деп сунуш киргизди. «Ооба, болот, келиң, чоң бөлмөнүн куурунан тартсак эле болду», деди Мурат ага, апамдын сунушун макулдап. Атам бир азга ойлонуп турду да: «Жок, болбойт, кошунанын акысы», – деп жооп берди.

Мен болсо: «Балконго жылуу сууну чоң бөлмөдөн тартсак, кандайча кошунанын акысы болуусу мүмкүн» деп ойлоп калдым.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Кошунаны акысы эмнеде экендигин түшүндүр?
2. QR коддо берилген тасманы кунт коюп көр.

Тасмадагы «аманат» сөзүн кандай түшүндүң? Истат эне: «Аманатыңды өзүңө тапшырайын», дегенде эмнени көңүлгө туткан.

## Ой жүгүртүү үчүн

Базарга кирип бир кездеменин баасын сурадым. Дүкөнчү ошол кездемени тапканга чейин алдыма 20 чакты оромдогу кездемелерди төгүп салды. Алардын ичинен бирөөсү мага жакты, ошону сатып алмакчы болдум. Баасы деле макул болду. Сатуучу:

– Сизге ушул кездеме жактыбы?– деп сурады.

– Албетте, ушул жакты

– Анда жолдун капталына өтсөңүз, тээтиги дүкөндө да дал ушул кездемеден бар. Ошол жерден сатып алыңыз.

– Ай, эмнеге? Бардык нерсени ушул жерден соода кылдым, сиздин деле убактыңызды кетирдим. Эмне үчүн ал дүкөндөн сатып алышым керек? Эмне үчүн өзүңүздө бар кездемени башка бирөөдөн алышымды каалап жатасыз? Мунун сыры эмнеде?

– Капталдагы сатуучу менин кошунам, таң эртеден бери эч теке сата албаганын көрүп жатамын. Мен болсо бир топ соода кылып койдум.



## Чыгармачылык иш-аракет

«Кошунанын акысы» аңгемеси жана QR коддо берилген тасманын «Үй алба, кошуна ал» деген макал менен кандай байланыштуулугу бар?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Руханият казынасынан

Билесиңерби, кошунанын акысы эмне? Жардам сураса жардам, карыз сураса карыз беребиз. Кедейлешсе, тиричилигине көмөктөшөбүз. Ооруп калса кабар алабыз. Көз жумса, маарекесине катышабыз

Ооматы келсе, аны куттукта. Башына оор жоготуу келсе, тажыясында бирге бол. Андан уруксат албай туруп, үйүңөрдү кошунанын үйүнөн бийик кылып курба. Себеби, үйүңөрдү бийик кылып курсаңар, анын кандайдыр бир нерсесине тоскоолдук кылган болосуң. Мөмө алган убагында кошунаңарга да бер. Эгер анын мүмкүнчүлүгү болбосо, үйгө алып келгениңерди көрбөсүн. Балаңардын колуна мөмө берип, сыртка чыгарып жибербегиле, кошунанын баласы көрүп көңүлү өксүбөсүн. Казанында кайнаган эттин жыты кошунанын үйүнө да таралат. Бул жакшы абал эмес. Эгер алып келген этиңерден бир бөлүгүн ага берген болсоңор, анын айыбы жок.

## Чыгармачылык иш-аракет

*1. Төмөнкү текстти окуп, темага байланыштырып түшүндүр:*

*Кошунабыздын үйүндө той даярдыгы башталды. Атакем эртерээк чыгып, чоңдорго жардам беришибизди дайындады. Карындашым Шахиста белине фартук байлап, жардамга ашыкты. Мен столдорду ташууга жардамдаштым.*

*– Сен тойго келдиңер! Мейман болгула, келгиле, дасторконго өткүлө! – кыжалаттана сүйлөдү кошуна аял.*

*2. Эмне үчүн кыз же жигиттин адеп-ахлакы малееден сүрүштүрүлөт?*

*3. «Өз үйүңдү өзүң асыра», «Коопсуз аймак», «Үлгүлүү маале» ураандарынын коомдун коопсуздугун камсыздоодогу орду кандай?*

## Сабактан туура корутунду чыгар

1. Өзбекстан Республикасы Конституциясынан маале менен байланыштуу статяларды тап. Анда белгиленген эрежелерге канчалык баш ийишиңерди түшүндүргүлө.

2. Эмне үчүн, айрыкча, өзүңөрдүн маалеңерге мээримиңер башкача? Сени маалең менен эмне байланыштырып тургандыгын ойлоп көрдүң беле?

3. Маалеңдеги кечелерде катышасыңбы? Улуулардын мааленин баалуулуктарына тиешелүү жаш кездеги эстеликтеринен интервю ал.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 10-ТЕМА: КООМДУН РУХАНИЯТ НЕГИЗДЕРИ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Коомдун руханий баалуулуктарына эмнелер кирет? Коомдук руханияттын калыптанышына кандай факторлор таасир этет? Пикриңди далилде.
2. Инсан жана коом диний баалуулуктарсыз жашай алабы?
3. Улуттук жана дүйнөлүк диндер жөнүндө төмөнкү класстарда алган билимиңерди эске ал. Диндин кандай формалары бар?
4. Дин адамзат дүйнө таанымын калыптанышына канчалык таасир этет?
5. Сенин жашооңорда кандай баалуулуктар бар?

## Ой жүгүртүү үчүн

Коомубуздун руханий негиздери кылымдар бою ата-бабалардын осуяты, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын айкалышынан калыптанган жана өнүккөн. Ал адамдардын жан дилине эне сүтү, үй-бүлөдөгү тарбия аркылуу сиңип барат.


1

Кылымдар бою элибиздин көңүлүнөн терең орун алган улуттук маданиятыбыз жана жашоо шартыбыз, баалуулуктарыбыз, үрп-адат жана каада-салттарыбызсыз жашообузду элестетүүгө болбойт


2

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Берилген сүрөттөрдүн негизинде инсан руханиятынын калыптанышына таасир этүүчү факторлорду көрсөт.
2. Мамлекетибиздеги тарыхый имараттар, кол жазмалар, мультфилм каармандары руханияттын негизи боло алабы? Аларга дагы эмнелерди кошууго болот?
3. 5-сүрөттөгү өнөрпоздордун иштерине баа бер.
4. 1-, 3– жана 4-сүрөттөрдүн кандай байланышы бар? Аларды эмне байланыштырып турат?
5. 1-4-жана 5-сүрөттөрдүн коомдун руханий негиздеринин өнүгүшө кандай таасири бар?


3


4


5


6


7



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Тарыхка назар








1. Жогоруда берилген сөрөттөрдөгү жалпылыктар жана өзгөчөлүктөрдү аныкта. Аларды дүйнөлүк жана улуттук диндерге ажыраткыла.
2. Сүрөттөрдүн негизинде диндин социалдык турмуштагы орду жана маанисине мүнөздөмө бер.

## Ой жүгүртүү үчүн

Дин – арабча сөз болуп, өзбекчеде инаным, ишенүү маанилерин билдирет. Дин эзелтеден адамдарды жакшылыкка, изги-иштерге үндөгөн. Борбордук Азия элдери сыйынып келген Ислам дини да жогорку инсандык сапаттардын калыптанышына кызмат кылып келет.

Илим жана дин ар дайым өз ара жакын мамиледе болуп келген. Тарыхта алардын катышы түрдүү формаларда көрүнгөн. Байыркы Грецияда Сократ, Платон, Аристотель үчүн илим менен дин дээрлик бир багыт – философия болуп, ал «Физика», жана «Метафизика» бөлүктөрүнө бөлүнгөн. Кийинчерээк математика, астрономия жана медицина өнүгө баштаганда да илим менен дин өз ара шайкештигин сактаган. Дал ушундай мамиле Конфуций, Фарабий, Ибн Сина, Алишер Наваий жана башка Чыгыш ойчулдарынын иш-аракетинде да күзөтүлөт.

## Руханият казынасынан

Сенин жакшыларыңар дүйнө иши деп акырет ишин, акыретти деп дүйнө ишин таштабай турган жана адамдарга оорун түшүрбөй тургандарың эсептелет.

*Хадис*

***

Керек боло турган илимди үйрөнүүдөн өзүңдү алып качпа!

*Имам Аъзам Абу Ханифа*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Адамзат тарыхынан баарыбызга белгилүү болгондой, дүйнөнүн эч бир бөлүгү, калкы белгилүү бир дин жана ишенимдерсиз өз жашоосун элестете албайт.

Тарыхый доорлордун бардык баскычтарында коомдун негизги муундары өз иш-аракетин жүргүзүү үчүн бул же тигил диндик ишеним факторлоруна таянышкан. Бул абал бардык элдер жана улуттарга тиешелүү.

Дин негизинен, бечара, көңүлү жарды жана социалдык көмөккө муктаж болгон кишилерди коргогону үчүн коомдун манаптар табы аны дароо кабыл кылышпаган.

### Ой жүгүртүү үчүн

«Адамдар түрдүү диндерге сыйынып, түрдүү мамлекеттерде жашашса, түрдүү уруу жана улуттарга бөлүнүшсө да, алар барибир адамзаттын муундары... Алар бардыгы бири-бирин сүйүүсү, кадыр-баркын урмат кылышы жана жалпы жыргалчылык жашоону жаратышы зарыл».

Диний боорукердик жана башка диндер менен жакшы мамиледе болуу темасын өнүктүргөн А.Авлоний өзүнүн «Туркий Гулистон ёхуд аҳлоқ» чыгармасында мусулман диний таалими исламга инанбаган кишилерге адилетсиздик менен зыян жеткирүү, негизинен, алардын кадыр-баркына, мал-мүлкүнө же жашоосуна кастык кылууга тыюу салууну белгилеп өткөн.

### Билесиңби?

Дин коомдун жашоосунда маанилүү орунга ээ. Ал адамдарда изгиликке умтулуу, өзүн руханий жана физиологиялык тазалоо, айланадагыларга пайда келтирүү, жашоону кадырлоо сыяктуу оң сапаттарды калыптандырат. Диндер адамдарды дайыма жакшылыкка, изги иштерге үндөгөн.

Дүйнөдөгү дээрлик ар бир эл белгилүү бир динге ишенет, ошонун негизинде калыптанган өз үрп-адаты жана каада-салттары бар.

### Руханият казынасынан

Абу Райхан Берунийдин айтымында, адамдын негизги милдети өзүн курчап турган дүйнө сырларын үйрөнүүдөн турат. Илимдердин абалы да ошондой. Аларды адамдын жашоосу үчүн болгон керектөө дүйнөгө келтирди. Буга ылайык түрдө илим тармакталды.



Копия предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачылык иш-аракет

Төмөнкү текстти оку. Алардан дин кандай милдеттерди ишке ашырып жатканын аныкта:

– иудаизмда ушул дин өкүлдөрү бир идеология тегерегинде бир улут жана кеңеш ээлери болуп, жалгыз кудай Яхвенин сүйүктүү пенделери экендиги уктурулат;

– христиандыкта диндик-архитектуралык, сүрөттүү, музыка исскуст-восунан пайдаланылат, икона чийүүчүлөр мектеби жүргүзүлөт.

## Билесиңби?

Бардык диндер жакшылыкка кызмат кылат




Кээ бир күчтөр динден караөзгөй ниетте пайдаланышат








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачылык иш-аракет

1. Азиз экзаменден канааттандырарлыксыз баа алды. Баасын оңдоо үчүн мугалимге белек сунуш кылды.

2. Үмүт дарыгер көрүгүнө барды. Көрүк соңунда дарыгердин чөнтөгүнө акча салып койду.

3. Дилназа жол эрежесин бузду.

Ар бир окуяга өз мамилеңди билдир. Мындай окуялар коомдун руханий негиздерине кандай таасир этет? Ар бир окуя өнүгүп барса, кандай акыбеттерге алып келишин божомолдо.

## Ой жүгүртүү үчүн

Дин адамдардын көз карашын калыптандыруу, жоошутуу, бириктирүү, башкаруу, коммуникативдик, руханий-ахлактык тарбиялоо сыяктуу бир топ милдеттерди аткарып келет. Дин дүйнө жана адамзаттын жаралуу жолун ыйык түрдө түшүндүрүп берет.

**Диндин жоошутуучулук милдети:** Адам баласынын башына кандайдыр бир кайгы, кыйынчлык түшкөндө өзүнө дилден жубатуучу, көңүлүнө тынчтык берүүчү, жошутуучу күч тапкан.

**Диндин бириктирүү милдетин** аткарып, адамдар арасында биримдикти чыңдоого кызмат кылат. Ар бир дин ынануучуларды



**Мусулмандар дин башкармалыгы Актөбө окуясында каза болгондордун жакындарына көңүл айтты.**

Өзбекстан мусулмандар дин башкармалыгы 18-январь күнү Казакстандын Актөбө областында болгон кырсык натыйжасында каза болгон Өзбекстандыктардын үй-бүлөсүнө, жакындарына жана тuугандарына көңүл айтып, санаалаштыгын билдирди.

Урматтуу бир туугандар!

2018-жыл 18-январь күнү Казакстандын Актөбө областында болгон кырсыктан Өзбекстан мусулмандар дин башкармалыгы чоң кайгыда. Көптөгөн мекендештерибиз-дин каза болушуна себеп болгон бул окуя менен алардын үй-бүлөлөрүнө жана жакында-рына Өзбекстан мусулмандар дин башкармалыгы Аалымдар кеңеши атынан терең көңүл айтабыз. Өзбекстан Мусулмандар дин башкармалыгы, аалымдар жана имамдар тара-бынан каза болгондордун үй-бүлөлөрүнө көңүл айтуу, мечит-медреселерибизде кадмы Курандар окуп, алардын рухтарына багыштоо жана жакындарына далда берүү сыяктуу сооптуу иштер башталды.

өз эрежелерине амал кылууга чакырат. Аларды бул эрежелерге туруктуулукка үгүттөйт, ушул жол менен адамдарды бириктирет.

Дин өзүнө ынануучуларды жашоосун **тартипке салуу** милдетин да аткарат. Бул милдет ахлак нормаларынын негизинде ишке ашырылат. Дин ахлак нормаларын тартипке салат жана адал менен арам, сооп менен күнөө эмне экендигин белгилеп берет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**Диндин коммуникативдик милдети:** диний үрп-адат, каада-салт, ырым-жырым жана майрамдарды чогу өткөрүүгө, тууганчылык, жакындык, диндештик мамилелерин бекемдөөгө чакырат. Дин адамдын жашоосунун изгилик мазмунун ачат. Бул анын адамдарды **рухий-руханий тарбиялоо** милдетин аткарып жатканына айкын далили саналат. Дин маданияттын өнүгүшүнө да чоң таасир көрсөтөт.







## Чыгармачылык иш-аракет

1. Жогорудагы 1-жана 2– сүрөттөрдүн негизинде диндин милдеттерин түшүндүрүүгө аракет кыл.
2. Жогорудагы сүрөттөрдүн негизинде ибадатканалардын келбеттүү, көрктүү кылып курулушун себептерин сана.
3. «Дин жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды сактап калуу жана аларды муундан муунга жеткирүүдө чоң мааниге ээ» деген пикирге мамилеңди билдир.
4. Дин коомдо дагы кандай милдеттерди аткарат?

## Сабактан туура корутунду чыгар

1. Жеткилең инсанды тарбиялоодо диндин ролу кандай?
2. «Коомдун өнүгүшү жана жыргалчылыгы үчүн адамдардын ар дайым изги амалдарды аткарышы талап кылынат» деген пикирди далилде.
3. Дин жана руханий баалуулуктарды ортосунда кандай байланыштар бар?
4. «Дин эзелтеден инсан руханиятынын курамдык бөлүгү болуп келген». Жогорудагы кепке өз пикириңди билдир.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




# 11-12-ТЕМА: ДИН ЖАНА МАДАНИЯТ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. XX–XXI кылымдарда курулган төмөнкү ибадатканалардын архитектурасына көңүл бургула жана диндин маданияттын өнүгүшүнө тийгизген таасири жөнүндө малымат бер.

2. Дин ынаануучулардын руханиятына, социалдык жашоо шартына кирип барышы жөнүндө маалымат бер.

3. Пикириңди диндин маданий баалуулуктарды сактоо жана көбөйтүрүү, илимий-руханий мурасын урпактан урпакка калтыруу сыяктуу милдеттери менен байланыштырып түшүндүр.








## Ой жүгүртүү үчүн

Маданият адам жана коом турмушунда маанилүү орунда турат. Дин ынануучулардын социалдык, этникалык жана руханий жашоосуна таасир өткөзөт. Бул болсо диндин дүйнө элдери маданияты, адабияты исскуствосу сыяктуу тармактарга кирип барышында жүзөгө чыгат.

## Чыгармачылык иш-аракет

Тарых предметинен алган билимиңердин негизинде «Ислам маданияты борбору» наамын алган шаарлардын тизмегин түз. Алардын тарыхы тууралуу маалымат бер. Мында шаарлардын ЮНЕСКО тарабынан «Ислам маданияты борбору» деп жарыяланышына тийиштүү талаптардан пайдалан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачылык иш-аракет

1. Дин жазуу, китеп чыгаруу, исскуствонун өнүгүшүнө кандай салым кошкон?

2. «Сен тарыхы бай, улуу улуттун перзентисиң», «Сен улуу ойчулдар, даанышмандар жашап өткөн өлкөдө төрөлгөнсүң» деген сөздөрдү укканыңда дилиңде ушул Мекенде, ушул журтта жашап жатканыңдан сыймыктануу сезими болгонбу? Пикириңди далилде.



3. Көңүл бурсаңар, мындан 1000 жылдар мурда жашап өткөн ата-бабаларыбыздын илимий мурастары жөнүндө көп кеп кылышат. Ойлоп көргүлөчү, жүз жылдан кийин сен тууралуу урпактарыңар кандай эстеши мүмкүн?

## Руханият казынасынан




Европанын бардык тармактарындагы өнүгүшүндө Ислам маданиятынын кызматы эсепсиз жана анын Европанын өнүгүшүнө таасир эткен бир топ чыгармалары бар...Европага жашоо тартуулаган табият билимдери гана эмес, балким Ислам маданияты бул өлкөгө алгачкы нурларын жибергенден эле ар жактуу өз таасирин тийгизген эле.

*Роберт Бриффаулт, «Адамзаттын жаралышы» («The Making of Humanity») китебинен*

## Тарыхка назар

Улуу Британия Парламентинин лордтор палатасы өкүлү лорд Мухаммад Илтаф Шейх: «Эгерде, Улугбек тирүү болгондо, өзбектер биринчи болуп айга сапар жасаган болор эле. Ал-Харезмий болбогондо, заманбап технологиялар да болбойт эле. Ибн Синанын чыгармаларынын негизинде азыр Европа медицинаны үйрөнүп жатат. Биз радикалдашууга Өзбекстан маданияты менен каршы күрөшүшүбүз керек. Сен Имам Бухарийдин хадистерин англис тилине которуп, чечмелеп бер. Биз бул китептер менен сабатсыздыкка каршы күрөшөбүз».

*Өзбекстан жана Улуу Британия окумуштуулары, дин өкүлдөрүнүн жолугушуусунан. 2018-жыл 1-март, Лондон.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

Христиан дининде музыка исскуствосуна атайын өзүнө тиешелүү багыт бар. Православ, католик жана протестанттык ибадат салтанаттарында хор болуучу вокал, акапелла жана инструментал музыка «Чиркөө музыкасы» катарында аткарылат. Бул динде музыканын максаты инсандарды изгиликке чакыруусу, музыка усулу инсан рухуна терс таасир этпестиги, ырдын мазмуну диний ынанымдарга карама-каршы болбостугу маанилүү эсептелет. Музыка диндик рухтагы тексттер менен байланыштуу болуп, алар чиркөө кызматтары убагында да, күнүмдүк турмушта да аткаруу үчүн ылайыкташтырылган.

Иудаизм дининде да музыка өз алдынча орунга ээ. Уламыштарга караганда, Муса пайгамбар коому Кызыл деңизди кесип өткөндөн кийин, душман аскерлерин курман болгонун көрүп, Муса (а.с) башчылыгында бардык коом «Деңиз ырын» ырдашкан. Бул диндик көз карашына көрө, музыканын инсан рухунун абалына таасири чоң. Негизинен, музыка инсанды Кудай жана анын Китебине жакындаштыруу же болбосо, тескерисинче алыстатышы мүмкүн.

## Билесиңби?



Өзбекстан эл артисти, академик, композитор, ырчы жана музыкант, өзбек музыка мурасын жыйноочусу **Жунус Ражабий** бир канча байыркы өзбек элдик музыка жана ырларын кайра иштеп чыккан. Элдик музыка жана ырларды нотага түшүргөн.

Жунус Ражабий 5 томдук «Өзбек эл музыкасы» топтомун басмадан чыгарган. Ага миңге жакын түрдүү жанрдагы музыка жана ырларды киргизген. Шашмакамдын жаңы басмасын жана граммпластинка жазууларын толук топтомун жаратты.



**Иёган Себастян Бах** белгилүү композиторлордун бири. Бахтын 300гө жакын диний контата, хорал жана ораториялары («Иоан боюнча кумарлар», «Матвей боюнча кумарлар», «Х-молл чоң мессасы», «Магнификат») өзүнчө орунга ээ. Булардын темалары Инжил китебинен алынган болуп, мазмунунда инсандуулук, жашоодон ыраахаттануу, жогорку сулуулукка умтулуу, жыргалчылык жана кайгы-капалык сезимдери чагылдырылган.



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Тарыхка назар



Абу Наср Махаммад Фарабий – Чыгыш музыка теориясынын негиздөөчүлөрүнөн бири. Ал «канун» жана «гижжак» аттуу музыка аспабын жараткан. Фарабийдин эстетикалык караштары негизинен музыка исскуство теориясы жана практикасын иштеп чыгууга каратылган.



Ал «Музыка жөнүндө китеп», «Музыка жөнүндө ойлор», «Ритмдерди классификациялоо жөнүндөгү китеп» сыяктуу чыгармаларды жараткан, музыка эстетикасы менен байланыштуу көйгөйлөрдү болсо «Илимдердин классификациясы китебинде» жарыткан. Ал өз доорундагы бардык музыка аспаптарында ойноп алган.

Айрыкча, обондорду най жана танбур аспаптарында чоң чеберчилик менен аткарган.

## Руханият казынасынан

Ислам дини илим-билим, маданият жана исскуство тармактарынын өнүгүүсүнө эч качан тоскоолдук кылбаган, белгилүү бир чектөөлөр орнотулганда да жаңы-жаңы идеялар жана жанрлар, исскуствонун өзгөчө багыттары өркүндөшүнө да жол ачып берген.

Алла таала пенделерине көрүү үчүн көз берди, жыт сезүү үчүн мурун берди, кол берди, бут берди. Көз да, кулак да дүйнөдөгү дөөлөттөрдөн пайдаланат, кулактын ыраахаты эң кооз обондорду, жакшы маектерди угуу, кулактын дөөлөтү болсо, жакшы аткаруулар, жакшы ырлар. Ошондуктан, эмне үчүн биз музыканы арам деп эсептейбиз?

*Имам Газзалий, "Илим китеби", 2-том 162-бет*


## Чыгармачылык иш-аракет

1. Адамдардын иш-аракети менен байланыштуу кандай ырларды билесиң? Эмне үчүн кээ бир адамдар ыраазычылыгын билдирүү үчүн ыр ырдашат? Сенде да ушундай абалдар болгонбу? Сен адатта кайсыл ырды ырдайсың?

2. Иниңерге айтылган алдей ырына мас болуп уктап калгансыңбы? Алдей ырынын сөзүн эстей аласыңбы?

3. Эмне үчүн дүйнө мамлекеттеринин өз гимни бар жана алар эмнеге обонго салып аткарылат? Гимнде эмнелер даңазаланат?


4. Кандай музыкалар адамдын руханиятына терс таасир тийгизет?



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн



Ибн Сина музыканы математикалык билимдердин тармагына киргизген. Ал музыкага үндөрдү үйрөнүүчү, алардын ритмдүү хору натыйжасында обон жаратуучу предмет катары караган. Пифагор окуусуна караганда, ал музыка адамдарга тиешелүү жана алар менен тыгыз байланыштуу, деп билген.

Ибн Сина музыканы коомтаануу, психология, поэтика, этика жана физиология предметтери катарынан да үйрөнөт.

Фарабий жана Ибн Синананын музыкалык аспаптарды үйрөнүүгө тийиштүү эмгектеринин натыйжасында музыкалык аспаптаануу илими негизделген.

Алишер Наваийдин «Мажолис ун-нафоис» чыгармасындагы маалыматка көрө, гижжакт ойной алуу бардык сарай музыканттары үчүн шарт болгон.

1. Кайсы музыкалык аспаптарда ойногонду билесиң? Музыка укканыңда өзүңдө кандай өзгөрүүлөрдү сезесиң?

2. Эмне үчүн Ибн Сина музыканы математика, коомтаануу, психология, поэтика, этика жана физиология предметтери менен байланыштырып үйрөнгөн? Пикириңди далилде.

3. Кошумча булактардан Фарабийдин музыка таануу илимине кызыгуусун далилдөөчү маалыматтарды тапкыла.

4. Музыканын адам рухуна таасирин үйрөн. Маалыматтык булактар менен бөлүшкүлө.

5. Музыка инсанга өзүнүн терс таасирин тийгизүүсү мүмкүнбү? Пикириңди далилде.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Кызыгып көргөнсүңбү дагы кайсыл окумуштууларыбыздын иш-аракети музыка менен байланыштуу?

2. Сен кандай музыкаларды тыңдоону жактырасың?

3. Шашмакам жөнүндө уккансыңбы? Анын өзбек музыка исскуствосунда туткан орду кандай?

## Руханият казынасынан

«Хишам ибн Урва аңгеме кылат: «Айша разиаллаху анха бир келинди бир ансарий күйөөнүкүнө күзөтүп койду. Мырза Расулуллах: “Эй айша, музыка чалып, оюн-күлкү менен күзөттүңөрбү? Ансарлар музыка чалып, оюн-күлкү кылганды жактырышат!», деди».

*Имам Бухарий, “Нике китеби” 5162-хадис*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Ой жүгүртүү үчүн

Имам Абу Ханифанын бир кошунасы болгон экен. Ал ар күнү музыка чалып, ыр ырдайт экен.  Бир күнү ырдабай коюптур. Мындан таң калган Имам Абу Ханифа кыжаалат алып сураптыр. Кошунаси кандайдыр бир көйгөй менен камалып калган экен. Имам Абу Ханифа тезинен ага кепил болуптур жана аны куткарып алыптыр.

*Абу Ханифа, "Тазрикат ул хамдуния" китебинен*

### Чыгармачылык иш-аракет

1. Алишер Наваийдин пикирлерин жогорудагы маалыматтар менен байланыштырып түшүндүр.

*«Алар айтышат, рубап бул дил эшигинин ачкычы, эгер андан көңүлүбүз шаттанса,  соон болор».*

*«Насойим ул-муҳаббат» чыгармасынан*

2. Имам Бухарий, Абу Али ибн Сина жашаган доордогу коомдо диндин ордуна баа бергиле жана ушул доордогу адамдардын музыка жана исскуствого болгон көз караштарын чечмелөөгө аракет кыл.

### Ой жүгүртүү үчүн

Уламыштарга караганда, Фарабийдин эң бир сүйкүмдүү музыка чалышын уккан шаар өкүмдары окумуштууну өз сарайына чакырып:

– Сен ушундай бир укмуш музыка чалгын, биз отургандар каткырып күлөйлү, тулку боюбуз да күлкүдөн чер жазсын.

Фарабий ичек үздү музыка чалып, отургандардын баарын күлдүрдү.

– Эми, – деди өкүмдар, өзүн күлкүдөн араң токтото, – сен бизди ыйлатып жибере турган музыка чал.

Фарабий эң бир муңдуу музыка чалып, сарайдагылардын баарын ыйга жетеледи. Ыйдан өзүн араң токтоткон өкүмдар көздөрүн арчып, эми музыка чалып, баарын уктатууну сурады. Фарабий башка бир чакан музыка аспабын колуна алып,  не бир кереметтүү обон салды, отургандардын баары уйкуга кеткенинен пайдаланып, сарайдан чыгып кетти.

### Билесиңби?

Харезм лазгиси ЮНЕСКОнун материалдык эмес эстеликтерин коргоо эл аралык комитетинин чечимине ылайык, Адамзаттын материалдык эмес маданий мурасы тизмегине киргизилген.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Ой жүгүртүү үчүн

Алишер Наваий китеп сүйүүчүлөрү менен абдан жылуу мамиледе болгон, кийинчерээк Наваийдин өздүк китепканасында заманынын эң белгилүү оймо-чийме сүрөтчүсү устат Камалиддин Бегзат жана анын шакирттери, Султонали Машхадий, анын издештери да эмгектенген, улуу акындан бизге жалгыз «Чынжырлуу арстан» сүрөтү жетип келген. Ал өз доорунун китеп сүйөрмандарынын демөөрчүсү гана эмес, бул тармактын билимдүүсү да эле.






Орто кылымдарга тиешелүү Чыгыш миниатюра исскуствосу

### Билесиңби?

Самарканд муфтийси болгон Махмудкожо Бехбудийдин «Падаркуш» чыгармасы биринчи өзбек драмасы болгон. Бул чыгарма мазмундук жактан жөнөкөй болуп, сабатсыз, тажаал жана наадан баланын өз атасын өлтүргөнү жөнүндө эле. Бехбудий бул чыгарманын жанрын «Улуттук трагедия» деп атаган. Драма 1914-жыл 25-январда Самаркандда, кийинчерээк Ташкентте кайрадан сахналаштырылган.

### Чыгармачылык иш-аракет

1. Өз доорунда муфтий болгон Бехбудийдин «Театр бул өрнөккана» деген пикирин далилде. Бүгүнкү күндө театрдан кандай жаратман идеяларды мүнөздөөдө пайдалануу мүмкүн? Театр исскуствосуна дүйнө диндеринде кандай мамиле билдирилген?
2. Дин жаратман идеяларга каршы чыгышы мүмкүнбү?

### Сабактан туура корутунду чыгар

1. Сократтын төмөнкү оюн окугула жана руханий мурастын улуттук салттар менен байланышын түшүндүр: «Мен байыркы даанышмандар өз чыгармаларында бизге калтырып кеткен акыл берметтерин күзөтөмүн; эгер, биз аларда кандайдыр жакшы нерсеге кезиксек, аны өздөштүрүп алабыз жана абдан чоң пайда тапкан болобуз».
2. Дин жана маданияттын шайкештиги жөнүндөгү өз чечимиң менен бөлүш.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




# 13-14-ТЕМА: ДҮЙНӨЛҮК ДИНДЕРДЕ ГУМАНДУУЛУК ИДЕЯЛАРЫ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Гумандуулук эмнелерде көрүнөт? Коомдо гумандуулуктун жоктугу эмнелерге алып келет?
2. Гумандуулук жана тынчтыкты асыроо жоопкерчилиги ортосундагы байланыш эмнеде деп ойлойсуң?
3. «Бир күн уруш болгон жайдан кырк күн береке кетет» деген накылды маанисин билесиңби?
4. Уруш жана бузгунчулук кандай акыбеттерге алып келиши мүмкүндүгү жөнүндө пикириңду билдир.

## Ой жүгүртүү үчүн




## Руханият казынасынан

Кемчилдик жана айыптарыңды көрсөтүп, сени тилдеген даанышмандын этегинен бекем тут. Анткени, ал адам казынага алып бара жаткан жол башчыга окшойт жана сен такыр кем болбойсуң.

*Будда*




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Билесиңби?



*Христиандык – дүйнөдө эң кеңири тараган дин эсептелет. Тарыхта бул динди бет кап кылып бузгунчулук, кан төгүү максаттарында пайдаланылганы, «Крестүүлөрдүн жүрүштөрү», «Инквизиция» аттары астында көптөгөн шаарлар кыйратылып, миңдеген адамдардын курман болгону тарыхтан малым.*

*Чындыгында, христиандыкта эч кимге жамандык кылбоо жөнүндө окутулат.*

*Бул дин да бардык диндер сыяктуу тынчтыкты жактоого, жакшылык кылууга жана изгиликке чакырат.*

*Ислам udининде христиандыктарды насранийлер деп аташат. Бул наам Иса пайгамбардын Назарет кыштагында төрөлгөндүгү менен байланыштуу.*

## Руханият казынасынан



Эч кимге жамандыгы үчүн жамандык кылба. Бардык адамдардын көзү алдында жакшылык кылууга умтул. Эгерде мүмкүн болсо, колуңдан келгенче, бардык адамдар менен тынч-ынтымакта жаша.

*Жаңы Осуят. Римдиктерге кат, 12-бөлүм*

## Ой жүгүртүү үчүн

Эл арасында чыгым козутуу, жалаа жана ушак таратуу жолундагы аракеттер, тынчтык жана бейпилдикти изден чыгаруучу окуялар же аракеттер исламдын маңызына таптакыр каршы келет.

## Билесиңби?

Буддистик окуусунун өзүнө мүнөздүү жактары бардык жандуу нерселерге сүйүү менен кароонун үгүттөлүшүндө, акылдын көрсөтмөлөрүнө катуу баш ийүү жана сезимге берилбестикте да көрүнгөн. Тынчтыкты жактоочу жана изгилик идеялары буддалыктын «Панча шила» (сенскритче – беш насаат) эрежесинде да көрүнөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





Ага ылайык буддист адам өлтүрүү, уурулук, адашуу, жалган сөз, мас кылуучу нерселерден сактанышы керек. Бул динге ишенген ар бир монах башкалардын мүлкүнө көз артпоо, бирөөгө жек көрүү менен карабоо, адилеттүүлүк жөнүндө ойлоо, татыктуу адамдардан жакшылыкты аябоо, ахлактык иш-аракет эрежелерине амал кылуусу шарт эсептелет.

## Ой жүгүртүү үчүн

Улуттук диндерде болгон индуизм жана жайнийликте тынчтыкты жактоочу идеялар «ахимса» – күч колдонбоо окуусунда өз чечимин тапкан. Ага ылайык жер жүзүндө бузгунчулук кылуу, адамдарга гана эмес, атүгүл бардык жандыктарга зыян тийгизүүгө тыюу салынат. Мисал үчүн бул окуу зордукчулдукка зордук менен жооп берүү, согуш кылганга каршы согушууну да каралап чыгат.

Ахимса жалгыз адамдар гана эмес, балким бардык тирүү жандыктарга карата да зордук кылбастык болуп саналат.

Экологиялык маданият жана байыркы Ахимса идеясынын ортосунда кандай байланыштар бар? Мисал келтир.

Борбордук Азияда пайда болгон зардуштийлик дини да өзүнүн тынчтыкты сүйүүчүлүгү менен өзүнчө айырмаланып турган. Бул «Авесто»до чагылдырылган «Изги ой, изги сөз, изги амал» окуусунда да өз чечимин тапкан. Анда тынчтыктын маанилүүлүгү жөнүндө ойлор билдирилген. Зардуштийликте ар бир зардушт тыйылышы зарыл болгон нерселердин катарында чарбаны талап-тоноо, зыян жана кыйратуудан тыйылуу да санап өтүлгөн.

Үч топко бөлүн. Зардуштийликтин «Изги ой, изги сөз, изги амал» идеясын социалдык, экономикалык жана саясый жашоого байланыштырып 5 тен мисал келтир.

Мисалы:

1-топ. Социалдык жашоодо – кошуначылык мамилелери,...

2-топ. Экономикалык жашоодо – ишбилерман жашоодо жасалма жолдор менен бааны ашырып жибербестиги, ...

3-топ. Саясий жашоодо – өлкөдөгү тынчтыкты сактоо, ...

**Презентация жаса.**

Уккандарыңардын негизинде «Изги ой, изги сөз, изги амал» идеясын заманбап жашоого тартуулоо жолдорун ойлоп тапкыла. Бул тапшырманы аткарууда адамгерчилик принциптерине таян.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Ой жүгүртүү үчүн



Тынчтык идеясына эң чоң көңүл бурган диндердин бири ислам дини эсептелет. Анткени, «Ислам» сөзүнүн маанилеринен бири да тынчтык дегенди билдирет.

Тынчтыкты баалоо, бейпил жашоо үчүн шүгүр кылуу аны сактап калуу жана чыңдоонун зарыл шарты эсептелет. Ислам окуусунда маселенин бул жагына да өзүнчө көңүл бурулган.

Ислам дини окуусунда улуу дөөлөт болгон эл-журт тынчтыгын, элдин бейпилдигин баалоо, асырап-абайлоо, ага зыян тийгизүүдөн сактоо зарылдыгы жөнүндө туруктуу көрсөтмө берилет.

Кайдыгерлик, бейкапарлык, топуксуздук эмес, тескерисинче берилген дөөлөттү таанып-билүү, анын баркына жетүү, ардактоо, асырап-абайлоо шүгүрчүлүктүн маңызын түзөт.



Өз ара жаңжалдарды келишүү жолу менен чечүү, коомдогу тынчтыкка коопсалууда, агрессияны жана зордукчулдукту токтотпой тургандарга карата кескин жана ыкчам чаралар көрүү зарылдыгы белгиленет.

### Чыгармачылык иш-аракет

1. «Тынчтыкты сактоо үчүн ар бир киши жооптуу, аны сактап калуу жана чыңдоо үчүн ар ким өз салымын кошуусу зарыл» деген пикирди парталашыңар менен  чечмеле жана бул жараянга сен кандай салым кошо алаарыңды айтып бер.

2. Төмөнкү текстти окугула жана тема менен байланыштуулугун түшүндүрүп бер. Айрым аймактарды дүрбөлөң, туруксуздук, өкүм сүрүп жатканын мамлекетибиздеги тынчтыкты камсыздоо өз-өзүнөн болбой жатканын түшүнүүгө, өз ара дагы да жакын жана ынтымакта болуп жашоого үндөйт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачылык иш-аракет

1. Эгер, коомдо кайдыгерлик, көңүлсүздүк, бейкапарлык, топуксуздук, ич ара чатактар, кол салуучулук жана зомбулук өрчүп кетсе, бул кандай акыбеттерге алып келиши мүмкүн? Сен мындай абалдарды алдын алуу үчүн эмне кыла аласың?

2. «Бир күн уруш болгон үйдөн кырк күн береке качат». Бул макалды коомго карата колдонуп көр.

## Билесиңби?

Биз ыйык динибизди эзелки баалуулуктарыбыздын камтылгандыгы негизинде чексиз кадырлайбыз. Биз ыйык динибизди зордук жана кан төгүү менен бир катарга коюучуларды катуу жектейбиз жана алар менен эч качан оң мамиле кыла албайбыз.

*Өзбекстан Республикасы Президенти Шавкат Мирзиёевти 2017-жыл 19-сентябрдагы БУУнун 72-сессиясындагы кебинен*

## Чыгармачылык иш-аракет

1. «Эки дөөлөт бар, көп адамдар анын кадырына жетишпейт. Ал тынчтык жана сак-саламаттык» деген накылдын темага кандай байланышы бар?

2. Мамлекетибизде тынчтык жана саламаттыкты сактоо үчүн кандай иштер жүзөгө ашырылып жатат?

3. Жаштардын ой-таанымын агартуучулук негизинде калыптандыруу жана тарбиялоонун негизги булагы катары динге кайрылышат. Дин, билим жана тарбия түшүнүктөрү мазмундук жактан бир-бирине жакын деген пикирге сенин оюң кандай? Пикириңди далилде.

4. Төмөнкү сүрөттөрдү гумандуулук идеялары менен байланыштыр.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

Дүйнөдө согуш оту алоолонуп турган мамлекеттерде канчалаган бей күнөө кишилер курман болуп жатышат. Адистердин эсептөөлөрүнө караганда бир гана Афганистанда акыркы жети жылдын ичинде 15 миңде ашуун бейкүнөө адамдар курман болгон.

Акыркы тогуз жылдын аралыгында Иракта 162 миң адам кырылган.

Сириядагы кандуу салгылашууларда 120 миң адам согуш курманы, 6.5 миллион адам үй-жайын таштап кетүүгө мажбур болду. Эки миллиондон ашуун жарандар башка мамлекеттерге качууга аргасыз болгон.

Мындай мисалдарды Африка мамлекеттеринде да көрүүгө болот. Бул цифралар оздон замматта чыгып кетип жаткандай, бирок, ойлонуп, терең талкууласа, ар бир цифра артында адамдардын тагдыры жатат.

## Сабактан туура корутунду чыгар

1. «Тынчтыкты сактоо үчүн ар бир адам жоопкер, аны сактап калуу жана чыңдоо үчүн ар ким өз салымын кошуусу зарыл» деген пикирди далилде.

2. Сенин бейпил жашооң, мектепке барышың, эс алышың, телевизордун астында каалаган берүүнү жыргап көрүшүң үчүн канча адам өз ыраахатынан кечиши керек?

3. Кайдыгерлик, көңүлсүздүк, бейкапарлык, топуксуздук сыяктуу илдеттер тынчтыкка кооп салышы мүмкүнбү? Пикириңди мисалдар менен далилде.

4. Берилген сүрөттөрдүн негизинде тынчтык жана бейпилдиктин баасын аныкта.










*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 15-ТЕМА: ЭҢ ЧОҢ МУРАС

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Сен үчүн эң чоң мурас эмне?

2. Ата-энеден перзенттерине эмнелер мурас болуп калышы мүмкүн? Сен ата-энеңерден эмнени мурас кылып алган болот элең?

3. «Ал ушундай мурас, аны канча иштетсең, ошончолук көбөйөт, иштетпесең, өз-өзүнөн жоголуп кетет...» Эмне деп ойлойсуң, бул мүнөздөмөнү адамдын тарбиясына карата колдоно аласыңбы?

4. Адам турмуш жараянында үйрөнүп, эмгектенип, турмуштук тажрыйбасы натыйжасында өзүнөн кийинки муунга калтыра турган мурастары ичинен эң керектүүсү кайсы? Пикириңди далилде.

5. Жаштардын бакыты жана жыргалчылыгы үчүн эң зарыл болгон сапаттар кайсылар? Алардын зарылдыгы эмнеде?

## Ой жүгүртүү үчүн

Адамдын руханияты анын тарбиясынын жеткилең болушун камсыздайт. Тарбиялуу жана руханияттуу адам өзүнүн жигердүү аракети, чыныгы күйөрмандыгы менен коомго пайдасы тиет жана анын активдүү мүчөсүнө айланып барат. Чыныгы билимге ээ болгон адамдар мындай изги иштерди кылууга кудурети жетет. Сабаттуулук жолунда ар ким өз жөндөмү, таланты, аракетине жараша белгилүү бир даражага жетишет. Адеп-ахлак нормаларын өздөштүргөн адамдар гана тарбия казынасына ээ болушат.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Биз кандай адамды чыныгы тарбиялуу деп айтабыз?

2. Эгер адам абдан бай, сулуу, ак сөөк болсо, ал адамды жөнөкөй, акылдуу деп айтууга болобу? Жообуңду далилде.

3. Классташтарыңар менен классыңардын «Ахлак нормаларын» иштеп чык.

А) Ар бириңер дептериңерге өзүңөргө макул болгон 10 норманы (критерий) жазгыла

Б) Парталашыңар менен кеңешип, 5 жалпы жана 2 зарыл деп эсептеген нормаларды калтыр.

В) 6 адамдык топто талкуулагыла жана 7 жалпы жана 3 зарыл деп эсептеген нормаларды калтыр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Г) Үч чоң топко бириккиле, 10 жалпы жана 5 тен зарыл деп эсептеген нормаларды ажыраткыла.

Д) Ар бир топтун презентациясын даярда. Топтор тарабынан билдирилген сунуштарды жалпылаштыр. 10 негизги деп эсептеген нормаларды калтыр. Натыйжаны доош берип тастыктап кой.

4. Кабыл алган нормаларыңарга баш ийесиңби? Ага кандай тоскоолдуктар бар?

## Руханият казынасынан

### Аңгеме

Падышанын эки кызматкери бар экен. Бири абдан сулуу болуп, экинчиси анын тескериси эле. Бир күнү падыша экөөн сыноо максатында алдына чакырды жана сулуу кулуна карай:

– Шеригиң жөнүндө эмне дейсиң? – деди. Ошондо ал:

– Анын пейили абдан жаман. Ишеничтүү эмес. Колунан ар кандай жамандык келиши мүмкүн, – деди.

Падыша берки кызматкерин алдына чакырып, деди:

– Шеригиң жөнүндө эмне дейсиң?

– Падышам! Мен шеригим жөнүндө бир ооз сөз айта албаймын. Болгону анын жакшылыгын көрдүм, – деп жооп берди.

– Ошондо падыша дагы сурады:

– Ал сен жөнүндө жаман ойдо, буга эмне дейсиң?

– Падышам! Эч бир пенде айыпсыз эмес. Мен өз кемчилдиктеримди билемин. Кийин падыша кулку жаман кызматкерин чакырып, мындай деди:

– Сенин дилиң таза эмес экен. Мага жардамчы боло албайсың. Тез сарайымдан кет! Падыша берки кулуна карап:

– Көңүлүң тышкы көрүнүшүңдөн кооз экен. Сен менин ишеничтүү кишимсиң, – деп, ишеничин билдирди.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Төмөнкү текстке таянып суроолорго жооп бер.

Өз доорунун чыгаан соодагерлеринин бири перзентине башталгыч билим берүү үчүн устат жалдап, уулунун кат-сабатын чыгарууну сураныптыр. Устат баланы окутууну баштайт. Бала атасына китепти так окуп берди. Ошондо соодагер чөнтөгүнөн 500 динар алып, устаттын алдына койду. Ошол доордо 1 динар тенге 5 грамм алтынга же чоң бир койдун кыйматына тең эле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Устат бир аз кыжаалат болду, соодагерге абдан көп акча бергени, бир динар да көптүк кылышын айтты.

– Устат, кызматыңызды жеңил санабаңыз. Бул болгону жанымда бары. Эгер жанымда бүт малым болгонуда да, сизге тартуулаган болор элем. Сиз уулума билим бердиңиз, – деди, ыраазычылык менен соодагер.

2. Соодагердин «Устат, кызматыңызды жеңил санабаңыз» деген оюн устаттарыңардын билим берүүдөгү машакаты менен байланыштырып түшүндүр.

3. Абу Ханифа Имам Азамдын «Он жыл ачка жүрсөң да, билим же өнөр издөө жолунан калба!» деген пикирин келечегиңер менен байланыштырып түшүндүр. Билимсиз жана колунда эч кандай өнөрү болбогон адамдын келечегин кандай элестетүүгө болот?

4. Бар мүмкүнчүлүктөрдөн кандай даражада пайдаланып жатасың?

5. Өзүңдөгү кайсы сапаттар үчүн ата-энеңерден ыраазысың?

6. Топ менен «Менин эң чоң байлыгым» темасында класстер түз.

## Руханият казынасынан

Билим ал, анткени ал, кедейликте дөөлөт, байлыкда седеп.

*Накыл*

## Билесиңби?

Бухарадагы Абдуллахан медресесинин маңдайында «Билгендер жана билбегендердин даражасы теңби?» жана «Илим ушундай бир нерсе, ага бүт өмүрүңдү арнабасаң, сага өзүнүн бир бөлүгүн да бербейт» деген сөздөр жазылган.



## Ой жүгүртүү үчүн

Жакшы тарбия адамдын интеллектуал жөндөмү, билими, руханий-ахлактык сапаттары, үлгүлүү кулкунун топтому. Анын негизинде адамдар арасында таза чөйрө калыптанат, руханий баалуулуктар, үрп-адаттар сакталып калат. Кулк, адеп, ахлак, маданият, илим-билим, дин жана билим берүү системасы өз ара байланыштуулукта үйрөнүлөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1. Сен суктанган адамдар жетишкен ийгиликтердин себеби эмнеде деп ойлойсуң? Алардын кайсыл сапаттары артык?

2. «Адам билими жана жөндөмү, таанып-билүү даражасы жогорулап барышы үчүн өз тарбиясына таянат жана эмгектенет» деген пикирди күнүмдүк иш-аракетиңерге байланыштырып түшүндүр.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Испаниядагы Кордова (Куртуба) мечити VIII кылымда, Бухарадагы Саманийлер күмбөзү болсо IX кылымда курулгандыгын эстеп, алардын архитектурасына көңүл бур.




Испания. Кордова (Куртуба) мечити VIII кылым



Бухара. Саманийлер күмбөзү IX кылым

2. Өзүңөр жашаган үйдүн планын чийгиле жана анын канча квадрат метрди түзөрүн аныкта. Ар бир бөлмөнүн чиймесин чийүүгө аракет кыл. Ушул чиймени чийүүдө сага кандай билимдер керек болот? Кандай каражаттар, окуу куралдарынан пайдаландың?

3. Эми ойлонуп көргүлөчү, Кордовадагы мечитти же Саманийлер күмбөзүн куруу үчүн кандай билимдер зарыл болгон? Ушул маселеге ошол доордогу социалдык турмуштан келип чыгып баа бер.

## Чыгармачылык иш-аракет

Эгер бир адам башка бирөөгө биринчи болуп жана эч кандай милдет кылбай жакшылык кылса, бул жакшылыктын сообу ага башка жактан келет. Эч болбогондо мына ошол жакшылык себептүү ал душар болушу мүмкүн болгон оопаттан арылат. Бул сөзгө эч кандай күмөн жок жана аны иш жүзүндө сынап көрүү үчүн сенде мүмкүнчүлүк бар: башкаларга жакшылык кылгыла жана аны унуткула! Тарбиясы жеткилең адам ар кандай абалда да башкаларга жардам берет, мээр-акыбеттүүлүк негизги жумушуна айланат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1. Даанышмандардын «Сага жакшылык кылгандарды унутпа. Өзүң кылган жакшылыкты жана сага кылынган жамандыкты унут!» деген пикирин түшүндүр.

2. «Жакшылыктын артында чоң казына жатат» деген пикирди мазмунун түшүндүр.

3. «Бул дүйнөнүн жыргалчылыгы жана ыраахаты – адамдын туура жана керектүү тарбияны өз убагында алуусу, аны башкалар менен бөлүшүүсү жана жемиштүү эмгеги аркылуу өзүн таануусунда билинет...» деген пикирди жогорудагы текстке байланыштырып түшүндүр.

4. Эмне үчүн «Тарбия – казыналардын ичинен эң кымбат баалуусу», дейилет?

## Руханият казынасынан

Наадандык жолунан кайтып, агартуу жолун тандаган адам көңүлү таза суу менен чайкалган чыныга окшойт. Эй, адам, кийин бушайман болуудан арылам десең, чынчыл бол, изги иштерге бел байла, кайрымдуулук тонун ар дайым жакаңа илип жүр.

## Өз алдынча иштөө

1. Окумуштуулардын төмөндө берилген накыл кептеринен тарбия менен байланыштуу түшүрүп калтырылган сөздөрдү тапкыла:

Билимден жакшыраак ... болбойт,
Колунан келгенче алсаң сени колдойт.

***Абу Абдулла Рудакий***

...деги эң чоңката абдан шашкалактык

***Жан Жак Руссо***

Тарбия ... ден өйдө турат, адамды тарбия эрезеге жеткирет.

***Херберт Спенсер***

... кайтаруу жана кайталоо мөмөсү

***Абу Райхан Беруний***

(Билим; тарбия; таалим; казына)

2. Руханияттуу жана илимдүү адамга тиешелүү болгон өзгөчөлүктөрдү жаз.

3. Жеткилең инсан болушуң үчүн сага кандай сапаттар зарыл? Өз адаттарың жана иш-аракетиңди анализде. Эмнелерден кечишиңер керектигин ойло. Бул аракетиңдин натыйжасынан кимге көбүрөөк пайда болушу мүмкүн? Эмне үчүн? Пикириңди далилде.

4. *Адам, коом, мурас, тарбия* сөздөрү ортосунда кандай байланыш бар? Бири башкасысыз да жашашы мүмкүнбү?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Руханият казынасынан

Билим Чин-Мачин (Кытай)де болсо да, аны издеп таап, үйрөн. Анткени, билимди талап кылуу ар бир мусулманга парыз болуп эсептелинет.

*Хадис*

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Эмне деп ойлойсуң, хадисте кандай билимдер көңүлгө тутулган?

2. Тарых предметинен алган билимиңге таянып, VII кылымда Кытайда илим-билим өнүккөндүгү жөнүндөгү маалыматты эске ал. Аларды мектепте алып жаткан билимиң менен салыштыр. Жыйынтыгыңды төмөнкү текст менен салыштыр.

## Ой жүгүртүү үчүн

Жогорудагы хадистен дүйнөлүк билимдерди да үйрөнүүгө үндөлгөндүгүн түшүнүүгө болот. Ислам дини дүйнөлүк билимдерди, т.а үй-бүлө куруу, соода, дыйканчылык менен алектенүү, күнүмдүк турмуш-тиричилик жумуштары жана дене-тарбияга тиешелүү билимдерди да үйрөнүүгө чакырат. Али ибн Абу Талип: «Балдарыңарга өздөрү жашап жаткан доор билимдерин үйрөткүлө, себеби, алар сенин дооруңдан башка доордо төрөлүшкөн» – деп, айтып өткөн.

## Сабактан туура корутунду чыгар

1. Философ окумуштуу ибн Сина: «Акыл таразасында өлчөнбөгөн ар кандай билим чыныгы билим боло албайт, демек, ал чыныгы билим эмес», – деген сөзүндө эмне үчүн билимди акылдын таразасында өлчөө керектигин баса белгилейт?

2. Төмөнкү текстти окуп, өзүңөрдүн көз карашыңарды билдир.

Тынчтык жана бейпилдик болбосо, илим-билим тармагында эч кандай өсүү, өнүгүү болбойт. Кайсы жерде тынчтык жана бейпилдик болсо гана илим-билим борборлору, академиялар, жогорку окуу жайлары өнүгөт.

3. «Билим – жыргалчылыктын ачкычы, билимсиздик бул наадандык» деген накылдын маанисин чечмеле.

4. Бүгүнкү күндө мамлекетибизде кандай жаңы билим берүүчү мекемелер түзүлүп жатат? Аларды кандай максаттар бириктирет? Ошол билим берүүчү мекемелер жөнүндө презентация даярда.




Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# III БӨЛҮМ. СОЦИАЛДЫК ТАРМАК: МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР ЖАНА КОРКУНУЧТАР










*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 16-17-ТЕМА: БУЗГУНЧУ ИДЕЯЛАРЫ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Бузгунчу идея эмне? Эмне үчүн көптөгөн бузгунчу топтор өздөрүнүн караөзгөй максаттарын амалга ашырууда динден бет кап катарында пайдаланышат?

2. Экстремисттер, террористтер жана миссионерлер кимдер? Алардын негизги максаты эмне деп ойлойсуң?

3. Руханий коопторм адамзаттын өнүгүүсүнө канчалык даражада таасир этет?

4. Качан адамдын дүйнө таанымында боштук пайда болот? Боштук пайда болбостугу үчүн эмне кылуу керек. Пикириңди далилде.

## Ой жүгүртүү үчүн

Акыркы жылдарда Евразия жана Африка материктеринде жайгашкан бир канча мамлекеттерде саясий-социалдык абалга терс таасирин тийгизип жаткан экстремистик жана террористик уюмдардын активдешүүсү күзөтүлүп жатат. Буларды төмөнкүдөй түшүнүүгө болот.

| | |
|---|---|
| Түрдүү дин өкүлдөрүнүн ортосунда | Индияда мусулмандар, индийлер жана сикхтер, Мянмадагы мусулмандар жана буддисттер ортосундагы келишпестиктер |
| Бир динге ишенүүчүлөр ортосунда | Пакистан, Афганистан, Ирак жана Судан |
| Чырлуу мамилелер, дүйнөлүк түзүмгө каршы күрөшүү | Сирия, Ирак, Афганистан… |
| Эл-аралык даражадагы карама-каршылыктар | «Ал-Каида», «Ал-жихад ал-исламий» жана «Хизбуллах» уюмдары |

## Руханият казынасынан

Дүйнөлүк диндер адамзатты изгилик жана тынчтыкка, ар дайым чыныгы адамдык сапаттарды асырап-абайлоого үндөп келет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачылык иш-аракет

1. Диний жана улуттар аралык боорукер инсанга кандай сапаттар таандык болушу керек? Сен өзүңдү боорукер инсан деп эсептейсиңби? Пикириңди далилде.

2. «Коомдогу бузгунчулуктар диндин мазмунун туура түшүнүп жетпестик, Мекен тарыхын билбестик, үй-бүлө жана маалеге карата күйөрман болбостуктан келип чыгат» деген пикирге кошуласыңбы? Адам ар түрдүү бузгунчу идеялардан алыс болушу үчүн кандай сапаттарга ээ болушу керек? Мындай сапаттар жана бузгунчу идеяларга 20 дан мисал келтир.

*3. Текстти кунт коюп оку. Андагы элибизге эзелтеден мүнөздүү болгон боорукердик, кең пейилдүүлүк сапаттары жөнүндө пикириңди билдир:*

*Өзбекстан көп улуттуу жана көп конфессиялуу мамлекет. Бүгүнкү күндө өлкөбүздө 130 дан ашуун улут жана элет өкүлдөрү бир үй-бүлөнүн перзеттериндей бирдиктүү жана ынак жашап келүүдө. Бул жаатта, эч шексиз, элибизге эзелтеден мүнөздүү кең пейилдүүлүк салттары эң негизги ролду ээлейт.*

| Изги сапаттар |
|---|
| билим алуу |
| үй-бүлөсүн, маалесин, журтташтарын кадырлоо |
| ... |


| Бузгунчу идеялар |
|---|
| терроризм |
| экстремизм |
| ... |

## Ой жүгүртүү үчүн

Самарканд шаарындагы жаангер Амир Темур доорунда курулган Данияр пайгамбар наамы менен аталган күмбөз ислам, христиан жана иудаизм дини өкүлдөрү тарабынан бирдей ыйык саналат ...

Ушул бир гана мисалдын өзү даанышмандык, изгилик жана боорукердик сапаттары элибиздин табияты, менталитетин өзгүн түзүшүнөн дарек берет.









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Ой жүгүртүү үчүн

**Өзүн Ислам наамы менен байланыштырган экстремисттик уюмдардын талаптары:**

– дүйнөлүк принциптерге катуу каршы турган абалда өкмөт жана коом ортосунда келишпестик мамилесинде жаратуу аркылуу «халифалык»ты куруу;

– динди өкмөттөн ажыратууну таануу жана коомдун бардык мүчөлөрүн диндик талаптардын негизинде жашоого үгүттөө;

– ислам динин дүйнөнүн башка коомдоруна каршы коюу;

– өзүнүн жеке максаттары жолунда мамлекет жана коомдо социалдык-саясий абалды изден чыгарууга каратылган аракеттерди жасоо;

– өз идеяларына жетишпеген мусулмандарды динден чыгууда, «каапырлык»та айыптоо;

– салттуу ислам жактоочулары болгон окумуштууларды кадырсыздандыруу, аларга кысым жасоо жана жашоосуна кол салуу;

– террордук усулдардан пайдаланып, өз максатына жетишүү;

– мусулман мамлекеттериндеги энергетикалык запастардын үстүнөн өз көзөмөлүн орнотуу;

– суннийлер жана шиялар ортосунда карама-каршылыктарды мамлекеттер аралык мамилелердин даражасына көтөрүү жана мыйзамсыз түзүлгөн куралдуу күчтөрдү колдоп-кубаттоо.

### Чыгармачылык иш-аракет

1. Жогоруда берилген тестти кунт коюп оку. Ушул тизмекке дагы кимдерди кошот элең?

2. Экстремистик идеялардын таасирине түшүп калбоо үчүн эмнелерге көңүл буруу керек? Кеңештериң менен бөлүш.

3. Экстремистик аракеттерге каршы кандай нормалдык документтерди билесиң?

Жарандар канча жаштан ушул сыяктуу кылмыштардын субъекти болушу мүмкүн?

4. Кунт коюп оку. Төмөнкү берилген мыйзамдык документтен алынган статяны тема менен байланыштырып түшүндүрүүгө аракет кыл.

Өзбекстан Республикасы аймагында экстремистик ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүнө тыю салынат.

*Өзбекстан Республикасынын «Экстремизмге каршы күрөшүү жөнүндө»гү Мыйзамы 6-статясы*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



5. Топторго бөлүн. Өзбекстан ар кандай көрүнүштөгү чыр-чатактарга аралашпастык, бузгунчу идеяларды жактабастык, тынчтыкты жактоо, диндик кең пейилдүүлүк идеяларын жайылтуу сыяктуу кандай эл аралык уюмдарга кошулган? Расмий сайттардан пайдаланган абалда маалымат бер.

А. 2018-жыл 12-декабрда Өзбекстан Республикасы Президентинин демилгеси менен БУУ Баш Ассамблеясында кабыл алынган «Агартуучулук жана диний кең пейилдүүлүк» атайын резолюциясы.

Б. ...

## Билесиңби?

Терроризмди жайылтуу, террордук топтор жана уюмдар түзүү ошондой эле, алардын үшмердүүлүгү; террордук иш-аракетке тиешелүү болгон чет эл жарандары жана жарандыгы болбогон адамдардын Өзбекстан Республикасына кириши; даярданып жаткан же жасаган террордук аракеттерине тиешелүү болгон маалымат жана фактарды жашырууга тыюу салынат.

*Өзбекстан Республикасынын «Экстремизмге каршы күрөшүү жөнүндө»гү Мыйзамы 5-статясы*

## Тарыхка назар

### Адилеттүү чечим: согуштун алды алынды



605-жылы Каабаны реконструкциялоо жараянында уруулар ортосунда «Хажарул Асвад» («Кара таш»)ты өз ордуна коюу туурасында жаңжал чыкты. Бул жаңжал өрчүп, согуш даражасына жетти. Ушул маселеге Мухаммад (с.а.в) адилеттүү чечим тапты. Ал адам бир кездемени жерге салып, «Хажарул Асвад»ты койду жана урууу башчыларына кездеменин четинен кармап, чогуу көтөрүүнү буюрду. Алар ташты ушундай кылып көтөрүп барып, өз жайына коюшту. Бүт келишпестик заматта тарады, пайдасыз согуштун алды алынды, бары адилеттүү чечимден ыраазы болушту. «Ал-Амин адилеттүү, туура чечим чыгарды», – дешти

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Адилеттүү өкүм кандай чыгарылганын түшүндүр.

2. Бул окуяны биримдик, теңдик, көйгөйлөрдү тынч жол менен чечүү сыяктуу принциптер менен байланыштыр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Билесиңби?



Маалыматтарга караганда, жер жүзүндө жылына 10 миңден ашуун террордук аракеттер жасалат. 70 миңден ашуун адам мындай аракеттердин натыйжасында курман болууда. Мындан 80% ын эрезеге жетпеген жаш балдар түзөт. Дүйнө жүзүндө 500 дөн ашуун террористик уюмдар бар.



## Ой жүгүртүү үчүн

Өзбекстан Республикасы Конституциясы жана мыйзамдарында улуту, тили жана динине карабастан бардык жарандар тең укук жана эркиндикке ээ экендиги кепилденген. Аларга өз улуттук маданиятын, салт жана үрп-адаттарын сактоо, ар тараптуу өнүктүрүү үчүн бардык мүмкүнчүлүктөр жаратылган.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Жарандардын тең укук жана эркиндиктери кепилдиги кандай жолдор менен жүзөгө ашырылып жатат?

2. Жарандар өз улуттук маданиятын, салт жана үрп-адаттарын өнүктүрүүдө кандай жоопкерчиликтерди билүүсү керек? Өзбекстан Республикасы Конституциясы жана мыйзамдарына таянып, пикириңди негизде.

## Билесиңби?



Улуу аалым Абу Мансур Матуридийдин (870-944) чыгармаларында диний кең пейилдүүлүк, бардык диндерди бирдей урматтоо каралган.

Анын Куран тафсирине арналган, ислам ааламында абдан кеңири таанылган «Таъвилоту аҳлус-сунна» чыгармасы «Хаж» сүрөсүнүн 40-аяты тафсиринде «Чиркөө жана синагогаларды талкалоого тыюу салынат. Ошондуктан да, мусулмандар өлкөсүндө ушул доорго чейин алар бузулбай сакталып калган. Бул маселеде илим жамааты ортосунда тартышуу жок», дейилет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Руханият казынасынан

Качан кара желек көрсөңөр, үйүңөрдөн жылба. Колдоруңар жана буттарыңарды кыймылдатпа. Андан соң алсыз бир коом чыгат. Алар көңүл бурууга ылайыктуу эместер. Алардын көңүлдөрү темирдин заңына окшойт. Алар мал-мүлк ээлери. Убадага да, антка да бекем турбагандар. Адилеттикке чакырышат, бирок өздөрү адилеттүү эмес. Аттары лакаптардан куралган. Чачтары аялдардын чачына окшоп, асылып турат. Алар акыры барып тообо кылышат жана акыйкат жүзөгө чыгат.

*Али ибн Абу Талип*

## Чыгармачылык иш-аракет



1. Сүрөттөрдүн негизинде экстремизм жана терроризмге мүнөздөмө бер.
2. Сүрөттөрдөгү аялдарды жана балдарды ушул абалга салгандардын аракеттери жалпы адамзаттык жана диний баалуулуктарга туура келеби?
3. Мына ошондой абалдардын алдын алуу үчүн эмнелерге көңүл буруу керек? Сенден эмне талап кылынат?
4. Топторго бөлүнүп, экстремизм, терроризм жана миссионерликтин бузгунчу идеяларын жайылтуу жана бүгүнкү күндө дүйнө коомчулугуна келтирилип жаткан зыяндары туурасында презентация даярда.

## Руханият казынасынан

Эгер окусаң, бирок, ойлобосоң чаташып каласың. Эгер ойлосоң, бирок, окубасаң шек-күмөндүн астында калып кетисиң.

*Конфуций*

## Сабактан туура корутунду чыгар

1. Эмне үчүн эл аралык терроризм азыркы учурдун актуалдуу глобаллдык көйгөйлөрүнөн бирине айланды?
2. Дин бет кабындагы экстеримизмдин негизги өзгөчөлүктөрү эмнелерден турат?
3. Коомду ар кандай көрүнүштөгү бузгунчу идеялар таасиринен коргоо үчүн кандай сунуш билдирген болот элең?
4. Руханий баалуулуктарды асыроо үчүн эмне кылуу керек?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 18-19-ТЕМА: САБАТСЫЗДЫККА КАРШЫ АГАРТУУ ЖОЛУ МЕНЕН

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Интернет тармактары менен иштөөнү билесиңби?
2. Адамдардын дүйнө таанымында боштук кандай пайда болот жана мындай абалга туш болбоо үчүн эмнелерди кылуу керек?
3. Ар түрдүү көрүнүштөгү бузгунчу идеяларга эмнелер кирет жана алардын пайда болуу жолдору кандай?
4. Адам акыл-эстүү болушу үчүн кандай сапаттарга ээ болушу керек?
5. Сабатсыздык кандай терс акыбеттерге алып келет?

## Ой жүгүртүү үчүн

... Билимдүү эл кайраттуу болот. Кайраттуулук көңүлдүн чыдамдуулугунан, рухтун саламаттыгынан турат. Агартуудан, илим-билим жана маданияттан алыс болгон эл караңгылык манжаларынын арасында камыр сыяктуу эзилгендей, кулк-мүнөзүнүн тегерегинде да өз напсисинен бошоно албайт... Анткени, караңгылык жана коркунучтар кедейлик жана муктаждыктан көрө кооптуу кырсык.

*Абдулла Авланий*

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Коом илим-билимсиз өнүгөбү? Тарыхтан буга окшош мисалдар келтир?
2. «Эгер коомдо илимсиздик, түркөйлүк өкүм сүрсө, ал жерде баалуулуктар убал болот, адамдар ортосунда мээр-акыбет, руханият, маданият өзүнүн маани-маңызын жоготот. Натыйжада бул коом өсүп-өнүгүүдөн токтойт» деген пикирди Абдулла Авланийдин жогоруда берилген накылы менен байланыштыр. Сенин оюңча түркөйлүктүн душманы эмне?
3. «Билим жана өнөрдү таамай ээлеген жаштар канча көп болсо, мамлекеттин тынчтыгы, бейпилдиги, дүйнөлүк аренада туткан рейтинги жана кадыр-баркы, коомдун жыргалчылыгы өсөт» деген пикирди темага байланыштырып түшүндүр.

## Руханият казынасынан

Адамдардын бүткүл жыргалчылыгы үчүн эки нерсе зарыл: биринчиси – билим, экинчиси – амал кылуу. Адамдын бактылуу болуусу үчүн жалгыз билим гана жетерлүү эмес, балким адам билими жардамында дене жана рухту тарбия кылууга милдеттүү.

*Имам Газзали*

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

### Аңгеме

Бир кечте Аюб ибадат кылып, көзүнөн шүдүрүмдөй жаштар агып олтурат эле. Ал берметтей көз жаш деңизине сиңип, шам сыяктуу күйүп жанат. Панада бир бурчту өзүнө турак кылгандыгы бир кутунун ичинен эң таза седеп орун алгандай көрүнөт.

Ошол кечте бир ууру анын үйүнө чуңкур каза баштады. Кечеси менен жер астын оюп, жол кылып чыкканда үйдө бир адамдын башын көрдү. Аюб да муну түшүнүп, эч теке дебеди; ибадат кылууну улантырып, көңүл бурбады. Ууру болсо ошол тешиктин ичинен чыгып, үйдөн эмне тапса, баарын топтоп, канчасын көтөрө ала турган болсо, болжолдоп, аркасына бекем асып алды. Чуңкурга кирмекчи болгондо, тешик тар, жүк болсо абдан чоң болгондуктан ал жерге батпай койду. Анын кыйналып калганын көргөн Аюб ордунан турду да, эшикти ачып жол көрсөттү:

– Жүгүң оор болуп кетиптир, тешик болсо тар. Бул жактан чык, эшик ачык.

Ууру кантип адашкан болсо, шейх ага ушинтип жол көрсөттү. Адам бирөөгө мынтип жол көрсөткөндөн кийин, ал бул жолдон четке чыгышы мүмкүнбү? Бул абал ууруну алсыз кылып койду, оор жүк болсо желкесин бүктү. Денесин бир от жандырып, дарт берди, мындан көгүлтүр асмандын да ысыгы жогорулап кетти. Желкесиндеги жүктү ошол отко таштап, өз денесин жүгүн да күйдүрүүгө даяр эле. Бул ыңгайсыз абалдан башы жерге ийилди, намыс аны ардантырды. Наар тартып, селдей жашын төктү. Шейхтин таманына башын урду. Шейхтин жакшылыгынан, күнөөсүн кечиргенинен тили келимеге келбеди, берешендигинин жүгү болсо, денесин алсыздандырды. Шейх берешендик кылып анын көз-жашын сүрттү, ага урмат көрсөтүп башын жерден көтөрдү...

*Алишер Наваий «Ҳайрат ул-абрар» чыгармасынан*

## Чыгармачылык иш-аракет



1. «Бир адам түркөйлүк жолуна кирип, аны тезинен байкап жетсе, анын оору жеңил болот» деген ойду текстке байланыштырып түшүндүр.
2. Туура жолдогу адамды жолунан адаштыруу кыйын болот, бирок ийри жолдогу адамды туура жолго багыттоо оңойбу же кыйынбы? Пикириңди далилде.
3. Ийри жолдон туура жолго өтүүдө чыдамкайлык, эрк, чечкиндүүлүктүн орду кандай?

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

2013-жылдын апрель айында Иракта түзүлгөн Ирак жана Шам ислам мамлекети (ИШИД) тарабынан соңку жылдарда 10 миңден ашуун террордук аракеттер жасалды. ИШИД террордук уюму анын идеяларын жактабаган уламаларды курман кылууга чейин барды. Мисалы, 2014-жылдын 14-июн күнү ИШИДчилер кылмыштык ишти макулдабаган 12 ислам уламаларын Масул шаарындагы «Ал-Исра» мечитинин жанында, эл алдында курман кылышты.

**Сирия: 2013-жылга чейин**



**Сирия: Азыр**



## Чыгармачылык иш-аракет

1. Берилген тексттен адам укуктарын коргоого тиешелүү болгон маалыматтарга көңүл бур.

2. Тексттеги «Эй адамдар! Ар бир кылмышкер өз айыбына өзү жооптуу. Эч бир кылмышкердин күнөөсү үчүн анын урпактары жазага тартылбайт...» деген сүйлөмдү Өзбекстан Республикасы Кылмыш Кодексинин 9-статясындагы эрежелер менен салыштыр.

3. ИШИДтин иш-аракети төмөнкү берилген тексттин мазмунуна канчалык шайкеш?

**«Вида хутбасы»нан**

«Эй адамдар!... Бул күнүңөр (курмандык күнү) кандай ыйык болсо, бул шаарыбыз кандай ыйык шаар болсо, билгиле, жаныңар жана малыңар да ушул сыяктуу ыйык. Буларга жасалган ар кандай кооптор арам.

Эсиңерди жыйнагыла! Билгиле, эч качан менден кийин эски адашууга кайтып, бир-бириңерди мойнуңарды кеспегиле!

Эски караңгылык доорунан калган бардык өч алуу, кан төгүүлөр түбүнөн бекер кылынды.

Кимдин жанында бир аманат болсо, аны ээсине кайтарып берсин.

Эй адамдар! Аялдардын акысына кыянат кылба. Аларга мээримдүү, кечиримдүү бол. Алардын акысы негизинде Аллахтан корккула! Аялдар сага Аллахтын аманаты...»

*Хижрий 10-жылдын 9-зилхижжасы*
*(мелодий 632-жылдын 8-марты)*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Ой жүгүртүү үчүн

Мусулман колу жана тили менен башка бирөөлөргө зыян, жапа жеткизбей турган киши. Ыйык китептерде уруш чыгаруу жолунда чыккынчылык кылуу адам өлтүрүүдөн да оор кылмыш эсептелген. Дүйнөлүк диндерде зулум кылуу, адам өлтүрүү караланган, тескерисинче, мээр-акыбеттүү, келишүүчүлүктүү, адамгерчиликтүү, ырайымдуу болууга чакырылган.

### Чыгармачылык иш-аракет

Сүйлөмдү оку. Андагы «чыккынчы» сөзүн кандай түшүндүң, бул түшүнүккө өз мамилеңди билдир. (чыккынчылык – алдоо, тынч элдер ортосунда чыр чыгаруу). Чыккынчылык адам өлтүрүүдөн да чоң күнөө.

*Кураны карим, «Бакара» сүрөөсү, 217-аят*

### Билесиңби?

**Улуттук, расалык, этникалык же диндик кастыкты козготуу**

Улуттук, расалык, этникалык жана диндик касыкты жайылтуучу материалдарды таратуу максатында даярдоо, сактоо же таратуу, ушундай кылмыштар үчүн админстративдик жаза колдонулгандан кийин кайра кайталанса,

**– базалык эсептөө өлчөмүнүн алты жүз эсесине чейинки өлчөмдө айып пулу же үч жылга чейин ахлак түзөтүү иштери, же бир жылдан үч жылга чейин эркинен ажыратуу менен жазаланат.**

Улуттук, расалык, этникалык же диний ынанымына карап, элдик топторго карата кастык, келишпестик же чыр келтирип чыгаруу максатында улуттук кадыр-баркты кемсинтүүгө, диний ишенимине же динсиздигине карап жарандардын сезимдерин кемсинтүүгө каратылган касттан кылынган аракеттер, ошондой эле, улуттук, расалык, этникалык абалына же динге мамилесине карап жарандардын укуктарын түздөн-түз же атайын чектөө жана түздөн-түз же атайын артыкчылыктар берүү,

**– эки жылдан беш жылга чейин эркинен ажыратуу же беш жылга чейин эркинен ажыратуу менен жазаланат.**

Ушул статянын биринчи же экинчи бөлүгүндө көңүлгө тутулган аракеттер:

а) башка адамдардын жашоосу үчүн кооптуу усулда;

б) денеге оор жаракат жеткизген абалда;



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*в) жарандарды жашоо жайынан зордук менен көчүргөн абалда;*
*г) мансаптуу адам тарабынан;*
*д) бир топ адамдар тарабынан алдын ала биригип жасалган болсо,* – **беш жылдан он жылга чейин эркинен ажыратуу менен жазаланат.**

*Өзбекстан Республикасы*
*Кылмыш кодекси 156-статья*

## Ой жүгүртүү үчүн

Берилген текстти оку. Согуш кандай кесепеттерге алып келиши жөнүндө ой жүгүрт.

Согушта жеңген жана бактылуу падыша, жеңген жана бактылуу кошуун, жеңген жана бактылуу мамлекет, жеңген жана бактылуу режим болушу мүмкүн. Бирок жеңген жана бактылуу адам болбойт. Анткени, согуш адамды адам өлтүрүүгө мажбур кылат. Адам өлтүргөн адам болсо эч качан бактылуу болбойт.

*Өткүр Хашимов, «Дафтар ҳошиясидаги битиклар»*

## Билесиңби?



2021-жылда Японияда өткөрүлгөн 53– эл аралык химия олимпиадасында Өзбекстан терме командасы мүчөлөрү 1 алтын жана 3 коло медалына ээ болушту:

Сабыржан Аманов – Ташкент педиатрия медициналык институту академик лицей окуучусу, алтын медал;

Фирдавс Сабиров – Бухара шаарындагы 35-мектеп окуучусу, коло медал;

Дурдана Мухтархожаева – Абу Али ибн Сина атындагы жаш биалогтор жана химиктер мектеп-интернаттын окуучусу, коло медал;

Икрамиддин Баймахаммадов – Абу Али ибн Сина атындагы жаш биалогтор жана химиктер мектеп-интернаттын окуучусу, коло медал.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Курбуларыңдын ийгилигин түркөйлүккө каршы агартууга салыштыруу мүмкүнбү?
2. Сен түркөйлүккө каршы кандай күрөшө аласың?
3. Билимиңер жана жөндөмүңөрдү жогорулатуу үчүн кандай аракеттер жасап жатасың?
4. Түркөйлүккө каршы агартуу менен күрөшүү үчүн билимдин өзү жетишерлүү боло алабы? Эмне үчүн? Пикириңди далилде.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

*Чоң ата жана небересинин суроо-жообу:*

– Чоң ата, айтыңыз-чы, эмнелер адамды түркөйлүккө жетелейт?

– Булар негизинен үчөө: билимсиздик, сабырсыздык жана кол салуучулук.

– Алардын терс натыйжалары кандай?

– Билимсиздик адамда үмүтсүздүк, эртеңки күнүнө карата ишеничсиздикти ашырат. Сабырсыздык, т.а барына шүгүр кылбастык, өз тагдырынан улам кейүү адамды эл-журттун назарынан калышына себеп болот. Эң акыркысы, башкалардын акына кол салуучулук, адамдын өзүнөн кетүүсү.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Жашооңорго кандай маалыматтык кооп же түрдүү кооптор таасир этиши мүмкүн? Жообуңду далилде.

2. Интернет булактары менен иштөөнүн артыкчылыктары эмнеде деп ойлойсуң?

3. Телеграмм тармагы аркылуу «Иштериңер жакшы болушун кааласаңар, ушул кабарды он адамга жибергиле, же болбосо...» деген кабар алдыңар. Бул кабар жана тапшырмага мамилеңер кандай?

4. Материалдык алдамчылык жөнүндө уккансыңбы? Социалдык тармактарда таралып жаткан ушундай абалдарга көз карашыңар кандай?

## Руханият казынасынан

Тынчтыкты жактоочу болгон тил бир ооз сөз менен жүздөгөн татаал түйүндү чече алат. Беймаал айтылган чатак чыгаруучу сөз болсо, сүйлөөчүнүн зыянына иштейт.

*Ажы Самандар Термизий*

## Чыгармачылык иш-аракет

1.Төмөнкү берилген абалды талкуула.

Көптөн бери бир-бирин көрбөгөн Атхам жана Анвар аттуу достор кездешип калышты. Атхам досуна ушул жакын жерде ыңгайлуу улуттук тамактар ашканасы бар, интернет да бекер, деп досун чогуу түштөнүүгө чакырды. Аларды тыкан кийинген ашкана кызматкери күтүп алды. Атхам ашкана кызматкеринен интернетке улап берүүнү суранды. Телефондор дүйнөлүк маалымат тармагына уланды. Буюрулган тамакты алып келишти.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Эки  дос тамак маалында телефондоруна жөнөтүлгөн сүрөттөрдү көрүү, анекдотторду окуу менен алек болуп отурушту. Алар тамактанып болуп, көчөгө чыгышып, телефон номерлерин жазып алышты жана бир-бирине  телеграмм аркылуу кабар жазып турууга убадалашышты.

2. Сен да жакындарыңар менен кездешкенде ушундай кыласыңбы?

3. Бүгүн социалдык тармактар аркылуу кирип келе жаткан кабарлар, маалыматтар жаштарды кандай даражада түркөйлүккө жетелеши мүмкүн?

4. Ушул аңгемеде кандай баалуулуктар унутулуп бара жаткандыгы чагылдырылган?

5. Сен да өз билимиңер менен ар кандай көрүнүштөгү түркөйлүккө каршы тура аласыңбы?  Кантип?

## Билесиңби?

Инсан өзүнүн эркин пикирине, бекем ынанымына, өзү таяна турган турмуштук улуттук баалуулуктарга, жаратман көз карашка, бекем эркке ээ болбосо, түрдүү караөзгөй идеологоянын басымына, кысымына туруштук бериши кыйын болот. Мындай ачык же жашыруун чабуулдарга каршы бийик руханияттуу адамдар гана сергектик менен каршы тура алышат.

**Унутпа!!!**
**Экстремизм жана терроризм**
**дин тандабайт.**

## Руханият казынасынан

Жаштардын дүйнө таанымында кандай маанай жогорулугун айтсаң, кийинки муундун табияты кандай болоорун мен сага айтып беремин.

*Эдмунд Берк, ирландиялык саясатчы*



## Сабактан туура корутунду чыгар

1. Түркөйлүккө каршы күрөшүү үчүн агартуучулуктан башка дагы кандай күч бар?

2. «Коомду кырсык жакасына алып келүүчү эң курч курал – түркөйлүк» деген пикирге сенин мамилең кандай?

3. Коомдуу түрдүү көрүнүштөгү түркөйлүктөн асыроо үчүн кандай жолду тандаган болот элең?

4. Террорчулуктун коомго карата кооптуулугу эмнелерде көрүнөт?

5. Мамлекетибиздин мыйзамдарында экстремистик же террордук аракеттерди жасагандыгы үчүн кандай жазаа түрлөрү белгиленген?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 20-ТЕМА: КООПСУЗ МЕДИА БУЛАКТАРЫ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Коопсуздук эмне? Сен аны кандай түшүнөсүң?
2. Кооп кайсыл жерде же качан, кандай формада жаралышы мүмкүн?
3. «Жашоо бармактарыбыздын учунда жайгашкан» деген кепти талкуула.
4. Интернет сенин жашоондо кандай рол ойнойт?
5. Коопсуз медиа булагы дегенде эмнени түшүнөсүң?
6. Жалган маалыматты таратуу мүмкүнбү? Ал кандай акыбеттерге алып келет?

## Чыгармачылык иш-аракет

Парталашыңар менен өз ара 3 маалымат алмашкыла (өзүңөр жөнүндөгү бир маалыматты ката айткыла).

Мугалим көрсөткөн окуучу жөнүндө анын парталашы маалымат берет жана маалыматтардын тууралыгын далилдейт. Кайсы маалымат жалгандыгын табат.

Мисалы: жашы, келечектеги кесиби жөнүндөгү маалымат. Калган окуучулар маалыматтардын канчалык туура экендигин текшерип барышат.

## Ой жүгүртүү үчүн

**«Жетип келдик»**

Андижан областы Балыкчы районундагы «Аккоргон» мечитинин имамы Рустамжан ажы Хамидов өзүнүн үлгүлүү иштери менен көпчүлүктүн алкышына ээ болгон. Ал демөөрчүлүктөн түшкөн каражат эсебинен көптөгөн жетим жана багуучусун жоготкон балдардын материалдык камсыздыгынан кабардар болуп турат эле. 2021-жылдын 28-июль күнү Рустамжан ажынын өздүк фейсбук баракчасына «Жетип келдик» темасы астында видео жайланды.

Видеодогу кабарга караганда, айрым кишилер YouTube, Instagram, Telegram сыяктуу тармактарда «Рустамжан ажы» аты менен каналдар ачкан жана бул каналдар аркылуу ар түрдүү рекламалар берип, кайрымдуулук шылтоосунда акча табууга аракет жасашкан.

Маалыматтарга ылайык, мындай «кайрымдуулук каналдары» 170 тен ашкан. Ошол себептүү Рустамжан ажы бул кайрымдуулук ишин материалдык жана руханий жактан колдоп-кубаттаган демөөрчүлөргө өз ыраазычылыгын билдирген абалда бул иш-аракетти жыйынтыктаганын жарыялады.



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Чыгармачылык иш-аракет

1.«Адамдардын муктаждыгынан, оорулуулардын оор абалынан пайдаланып байлык арттыруу» дегенде эмнени түшүнөсүң?

2. Жалганчылык жолу менен акча табууга мыйзамда кандай жазаа түрлөрү белгиленген?

### Ой жүгүртүү үчүн

Маалыматтын тездик менен таралышы, өз кезегинде, чыныгы маалыматты жалган маалыматтан айырмалай албастыкка, ар түрдүү терс мазмундагы маалыматтардын жайылышына, агрессивдүү, зордукчулдукка үгүттөөчү сайттардын пайда болушуна алып келет.

### Чыгармачылык иш-аракет

Атасынын көзү өткөндөн кийин үй-бүлөнүн жоопкерчили Р. аттуу кыздын желкесине түштү. Социалдык тармак аркылуу С. аттуу аял менен таанышып калды. Р. нын үй-бүлөлүк шартынан кабар тапкан С. ага тез-тез материалдык жактан көмөк көрсөтүп турууну адат кылды. Бир топ убакыт өтүп, С. ага чет элден кирешелүү иш сунуш кылды жана «Дагы канча кыйналып жүрөсүн, мен жардам берип чет элге жумушка жиберген кыздар эчак эле машина алышты», – дейт, өзүн ырайымдуу кылып көрсөтүп. Кыйналып калган үй-бүлөсү, апасы жана инилерине жардамы тийишин ойлогон Р. эч экиленбей С. нын сунушуна ыраазы болду...

1. Социалдык тармактар аркылуу алданып калуунун акыбети инсандын тагдырына кандай терс таасирин тийгизиши мүмкүн?

2. «Адам соодасы», материалдык жалганчылык сыяктуу социалдык тармактарда кең таркалган кылмыштардын алдын алууга тиешелүү сунушуңарды калыптандыр.

### Билесиңби?

Маалымат талаасында кабарлардын агымы күчөйгөн сайын ишеничтүү жана туура булактарды аныктоо бир топ кыйынчылыктарды жаратууда. Сыр эмес, адамдар кээде жалган кабарларга да туш болушат. Ушундай абалдарда «фейк» экен деген сөздөр кулакка угулат. Негизи, бул сөздүн мааниси кандай? Фейк (ing. fake) – «жалган», «калп» деген маанилерди туюнтат. Мындай маалыматтарга чындыкка абдан жакын болгон жалган кабарлар, атайын программалар аркылуу өзгөртүрүлгөн фотосүрөттөр, монтаждалган видеороликтер, социалдык тармактарда башка адамдар (адатта, көзү өткөн адамдар) атынан ачылган «жалган аккаунттар» мисал боло алат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Билесиңби?

Медиабазарда даярдоочу, маалымат (продукт) жеткирип берүүчү жана кабыл алуучу катышат. Даярдоочу бул – идеянын автору, – материалдарды топтойт, анализдейт, медиатекстти даярдайт, аны жөнөтөт; продукт (маалымат) – текст, белги, сүрөт жана символдордо туюнтулган маалымат; жеткирүүчү (канал) – маалыматты жайылтуу каражаты ( медиа); кабыл алуучу – маалыматтуу алуучу, үйрөнүүчү, талкуулоочу адам.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Дептериңерге төмөндө берилген түшүнүктөрдүн медиа булактарында калыптануу процессин удаалаштыгын туура кой. Биз сүзүп жаткан медиа булагынын коопсуз болушу үчүн бул түшүнүктөр адатта кандай тартипте турушу керек?




2. Эмне үчүн дал ушул тартипте койгонуңарды далилдеп бер.

**Медиа менталитет, Медиа иммунитет**
**Медиа билим, Медиа сабаттуулук**










## Руханият казынасынан



Мен үйүмдүн эшик жана терезелерин бекем бекитип отура албаймын. Себеби, таза аба кирип турушу керек жана ошону менен бир катарда, эшик жана терезелеримден кирип жаткан аба куюн болуп, үйүмдү кыйратып, өзүмдү жыгытып сала тургандай даражада ачып да коё албаймын.

*Махатма Манди*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачылык иш-аракет

Төмөнкү берилген тапшырманы төрт топко бөлүнгөн абалда аткар.



1-топ — Интернеттеги чоочун ким? Бейтааныштар менен коопсуз маектешүү эрежелерин билесиңби?

2-топ — Интернет аркылуу амалга ашырылган кандай кылмыштарды билесиң? Киберкылмыштардан кантип коргонуу мүмкүн?

3-топ — Интернет аркылуу жакшылык кылуу мүмкүнбү? Жашоодого мисалдардан келтир.

4-топ — Интернет аркылуу алданып калбастык үчүн эмнелерге көңүл буруу керек? Жалган жана чын маалыматты кантып айырмалоо мүмкүн?

## Өз алдынча иштөө

Төмөнкү сүрөттөргө мүнөздөмө бер. Алардан кайсыл биринин таасири жана акыбети чоң жоготууларга алып келет? Эмне үчүн? Пикириңди далилде.






## Сабактан туура корутунду чыгар

1. Социалдык тармактар аркылуу таркалган жалган кабарды танда. Бул кабарды жалган экендиги жөнүндөгү маалыматтарды жыйнагыла жана анализдеп, далилдеп бер.
2. Жалган кабарды аныктоо үчүн эмне кылуу керек? Пикириңди далилде.
3. Сен коопсуз медиа булагынан өз келечегиң, изги максаттарың үчүн канчалык керектүү болгон маалыматтарды аласың?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 21-ТЕМА: ЖАЛГАН КАБАРЛАРДЫН АРТЫНДА ЭМНЕ БАР?

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Адам качан ишеничтүү жана ишеничсиз, жалган кабарларды айырмалай алат? Бул үчүн кандай билимдерге ээ болушу керек болот деп ойлойсуң?

2. Улуу ойчул Алишер Наваийдин «Эгер сергек болсоң, падышасың» деген баа жеткис накылында кандай маани жатат?

3. Тез убакыт ичинде дүйнөгө таркалып жаткан маалымат агымынын коомго таасири кандай болууда? Пикириңди далилде.

## Руханият казынасынан

Акылдуу адамдын мүнөзү, жалганга ишенбейт, өзү да жалганды колдонбойт; амалкөйлүккө учпайт, өзү да айлакерлик кылбайт; жакшы сөздөрдү угат, өзү да жакшы сөздөрдү сүйлөйт; куулук кылбайт, даанышмандар менен бирге жүрөт; шектенүүгө барбайт, өзү да жалгандан алыс болот.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Төмөнкү пикирге өз мамилеңди билдир.

Биз жогорку технологиялардын доорунда жашап жатабыз: каалаган маалыматты, өзүбүзгө керектүү болгон ар кандай информацияны издөөдө интернет булактарынан көбүрөөк пайдаланабыз. Эмне үчүн мындай?

2. Интернеттеги маалыматтар тез-тез жаңыланып турат, андан пайдаланышыбыз эч кандай кыйынчылык жаратпайт, бирок анын ишеничтүүлүк даражасы жогору деп айта алабызбы? Пикириңди далилде.

## Ой жүгүртүү үчүн

Информациялык технологиялар ылдамдык менен өнүгүп бара жаткан шартта маалымат коопсуздугу адам, коом, мамлекеттин улуттук кызыкчылыктарын камсыздоодо чоң ролду ээлейт. Коомдун улуттук кызыкчылыктарын экинчи даражалуу деп эсептей турган маалымат булактары өзүнүн караөзгөй максаттарына жетүү үчүн зордукчулдук, кол салуучулук аракеттерине себепчи болушат. Мындай маалыматтар эл аралык террордук уюмдар колунда негизги жана коркунучтуу куралга айланып жатат.

1. Мунун негизги себеби эмнеде деп ойлойсуң?

2. Жалган маалыматтын курманына айланып калбастык үчүн кандай жолду тандоо керек?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Руханият казынасынан

Эки жүздүүнүн үч белгиси: сүйлөсө жалган сүйлөйт, убада берсе, убадасын аткарбайт, аманатка кыянат жасайт.

*Хадис*

## Ой жүгүртүү үчүн

Жаштарыбыздын медиасабаттуулугун жогорулатууда массалык маалымат каражаттарынын ролу чоң. Алар аркылуу түрдүү көрсөтүүлөр уюштуруп баруу, дүйнөдө болуп жаткан социалдык-саясий өзгөрүүлөр жөнүндөгү пикирлерди үйрөнүү, анализдөө жаштарды туура жолго салып баруунун эң натыйжалуу жолу эсептелет. Мында жаштар интернет тармактарынан пайдаланганда, расмий жана ишеничтүү сайттардан көбүрөөк пайдаануулары максатка ылайык.

Азыркы күндө оң мүнөздөгү маалымат менен бир маалда терс маалыматты да адамдын, атап айтканда, жаштардын аң-сезимине сиңдирүүнүн усул жана каражаттары дал ушул интернет аркылуу ишке ашырыла баштады. Бул маселенин алдын алуунун бир гана жолу бар, бул – кең дүйнө тааным, жогорку билим жана тарбия.

## Чыгармачылык иш-аракет

Урматту +998 93 … … 25 номеринин ээси, сизди куттуктайбыз! Сиз «Байып кет» оюнунун жеңүүчүсү болдуңуз! Байге – 300 000 сом! Ушул @mailге кат жиберишиңизди суранабыз: … @...com. Катта жеңүүчү болгон күнүңүздү, телефон номериңизди, Аты жөнүңүздү албетте көрсөтүңүз жана керектүү документтерди: пластик карта, ИНН, ИНПС номерлерин каттаңыз. Кеңири маалымат алуу үчүн http://... тиркемеге кириңиз.

1. Ушул сыяктуу маалымат сага да жиберилгенби?
2. Мындай абалдарда кандай жол тутуу керек деп ойлойсуң?
3. Өзүңөргө тиешелүү болгон маалыматарды каттооңор керекпи?
4. Өздүк маалыматтар кимдерге жана кайсыл жерге берилиши мүмкүн?




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн



Бүгүнкү күндө окуучулардын укуктук маданиятын калыптандыруу, аларды түрдүү агымдардан коргоо, интернет тармагы аркылуу кирип келе жаткан ар түрдүү маалыматтык кол салуулардан кабардар кылуу негизги милдетке айланды.

Медиамаданиятка ээ болуу руханий баалуулуктар жана ахлак нормаларын өздөштүрүүнүн негизинде адамдардын бир-бирине, үй-бүлөсүнө, коомуна, Мекенине жана бүтүн адамзат тагдырына гумандуулук мамилелерин көрсөтөт жана коомдун өнүгүшүнө оң таасирин тийгизет.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Төмөнкү берилген устат жана шакирттин маегин теманын мазмунунан улам түшүндүр.

– Адилеттүү адамдар ар дайым чын сүйлөшөт. Мунун сыры эмнеде, устат?

– Себеби, жалган сүйлөө үчүн аларга мүмкүнчүлүк табылбайт.

– Мунун себеби эмне?

– Эмнеге дегенде, мүмкүнчүлүк табуу үчүн жалган сөз издешпейт…

2. Эгер адамдар сергек, тарбиялуу жана билимдүү болсо, аларды жалган кабарларга ишентирүүгө болобу? Алар кандай жолдор менен маалыматты ишеничтүү же жалган экенин ажырата алышат?

3. Сен башка бир компьютерден пайдаландыңар. Пайдаланылган сайттардан, тактап айтканда өз паролуңарды жана почтаңарды өчүрүүнү унуттуң. Бул ишиңер кандай акыбеттерге алып келиши мүмкүн?



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Жалган кабарлардан арылуу жана аны таратуучулардын торуна түшүп калбастык үчүн төмөнкү эрежелерге амал кылуу зарыл:

- мүмкүндүк болушунча маалыматты алуу үчүн «uz» домениндеги расмий сайтка кирүү.
- үйрөнүлүп жаткан маалыматтын автору жана таратуучусуна көңүл бурган абалда, ишеничтүүлүгүн аныктоо жана айырмалоо.
- социалдык тармактарда бейтааныш адамдар менен таанышпастык, аларга өздүк маалыматтарды, телефон номерлери жана үй даректерин бербестик.
- Социалдык тармактар, мобилдик месенжерлерден дареги белгисиз болгон социалдык лекциялар, ырлар (диний), диний мазмундагы роликтер, түрдүү жамандыктар камтылган видео жана аудиоматериалдарды көчүрүп албоо.
- Тармактан пайдалануу учурунда жаралган суроо жана көйгөйлөр боюнча тездик менен улууларга кайрылуу.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Түрдүү кабарлардын артында кандай максаттар болушу, ал бир гана адамдын өнүгүүсү эмес, балким бүткүл бир коомдун өнүгүшүнө да түздөн-түз таасирин тийгизиши жөнүндө даанышмандарыбыздын кайсы чыгармалары жана кандай булактарда мисалдар келтирилген?
2. Төмөнкү пикирди темага байланыштырып түшүндүрүүгө аракет кыл.
«Учурда таркалып жаткан жалган кабарлар, социалдык тармактар аркылуу берилип жаткан ар түрдүү маалыматтар адамзатты өз ара талаш-тартышка, келишпестиктерге алып баруучу, руханиятты кедейлештирүүчү, акыбетте аны оор абалга душар кылуучу жаңы «баалуулуктар» калыптанышына алып келип жатат».
3. Бүгүнкү жалган кабарларды таратуучулар кимдер же алар кандай максаттарды көздөшкөн деп ойлойсуң?

## Сабактан туура корутунду чыгар

1. Бүгүнкү күндө ылдам кулач жайып жаткан интернет тармактары – медиа продуктылары жаштардын ахлактык маданиятына кандай таасири бар?
2. Жаштардын дүйнө таанымын интернет каражаттары аркылуу башкаруу мүмкүнбү?
3. «Маалымат кимдин колунда болсо, ошол дүйнөнү башкарат» деген пикирди кандай түшүнөсүң? Пикириңди далилде.



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# IV БӨЛҮМ.
# ЭМГЕКЧИЛДИК, ИШКЕРДИК ЖАНА КЕСИПТИК КӨНДҮМДӨР






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 22-ТЕМА: БАКТЫЛУУ ЖАШООНУН ПАЙДУБАЛЫ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Ар бир жумуштун негизи – пайдубалы болот. Пайдубалдын бекем болуусу – ал имараттын ... негизи болот. Чекиттердин ордуна тиешелүү сөздү коюп, пикириңди толукта.
2. Сен бакыттын пайдубалын кандай түшүнөсүң? Бакыттын пайдубалы эмнеден куралат?
3. Тынчтык, бейпилдик, саламаттык, адалдык, сабыр, ыраазычылык сөздөрүн бакыт менен байланыштыр. Алардан кайсы бири бактылуу жашоо пайдубалына негиз болот?
4. Адал эмгек дегенде эмнени түшүнөсүң?
5. Өзүнүн адал эмгеги менен ийгиликке жетишкен адамдардан кимдерди билесиң?

## Ой жүгүртүү үчүн

Илгери өткөн заманда бир кишинин үч уулу болуптур. Убактысы келип, ата дүйнөдөн өтөр кезде, перзентерине мындай осуят кылыптыр: «Уйкуну ширин кылып укта, тамакты ширин кылып жегиле».

1. Эмне деп ойлойсуң, чындыгында атанын осуяты эмне жөнүндө болгон эле?
2. Сенин оюңарча, ага-инилер кандай жол тутуусу мүмкүн?

Чоң жана ортоңчу ага чарпаяга жай салып, «Атам айткандай, уйкуну ширин кылуу керек», «Атам айтканындай, тамакты ширин кылып жеш керек», деп жатаберишиптир.

Барган сайын жешке тамагы, кийүүгө кийими, жатууга жууркаsuccessfully калбай, аянычтуу абалга түшүшүптүр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1. Чоң жана ортоңчу уулдардын аракетин кандай баалайсың?
2. Үчүнчү уул атасынын осуятын кандай түшүндү деп ойлойсуң?
3. Эмне үчүн чоң жана ортоңчу уулдардын абалдары аянычтуу?
4. «Уйкуну ширин кылып укта, тамакты ширин кылып жегиле», дегенде ата эмнени көңүлдө туткан?

Кенже уул болсо темирчилик өнөрүн үйрөндү. Ал иштеп, чарчап, талыгып келгенде каттык наны да, ичкен суусу да барган сайын ширин сезиле бериптир, анын үстүнө мал-дүйнөсү да көбөйүптүр...

1. Эмне үчүн кенже уулга каттык наны да ширин болуп сезилди?
2. Атасынын осуятынан соң сен кандай жол тутууну сунуш кылган болот элең?
3. Бактылуу жашоо пайдубалынын бекемдиги төмөнкүлөргө негизделет: адал эмгек, ынактык, адилеттик, мамиле, ... . Катарды толтур.


## Руханият казынасынан

Кооз жана жыргал жашоону куруу үчүн бар мүмкүнчүлүктөн пайдалануу, кесип жана өнөр үйрөнүү, кайраттуулук менен эмгек кылуу зарыл.

## Чыгармачылык иш-аракет

1.«Адалдык, ак ниеттүүлүк, изгилик жолунда эмгек кылуу, жашоо өткөрүү» дегенде эмнени элестетесиң, ушунун негизинде сөздөрдүн удаалаштыгын жаз.

2. Берилген сүрөттөн бакытка жетүү жолдорун көрүп чык жана аны талкуула.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



3. Сүрөттөргө көңүл буруп кара. Бакыттын пайдубалы түшүнчөсүн чечмеле.








**Чыгармачылык иш-аракет**

**Кесибимдин жоопкерчилиги материалдык кызыкчылыктан жогору**



Пластик хирург Надыр Ибатов журналист менен болгон интервюда төмөнкү пикирлерди билдирди: « Адам өз кесибин сүйүшү жана анын күйөрманы болушу керек. Болбосо, ал жакшы адис боло албайт».

1. «Өз кесибин сүйүү жана анын күйөрманы болуу» дегенде эмнелерди назарда туткан?

«Ар бир кардар, ар бир операциянын өзүнө жараша кыйынчылыктары бар. Даарыгерлик ошонусу менен кызык. Сен кардарды түшүнүшүң, аны колдоп-кубатташың керек. Кардардын ден-соолугуна зыяндуу болгон абалдан келетурган материалдык кирешеге кызыгып, аны пластикалык операцияга үгүттөбөстүк зарыл. Кээде «жок» деп да жооп бериш керек.

2. Адалдык, жоопкерчилик, кесиптик чеберчилик түшүнүктөрү жардамында келечектеги кесибиңе мүнөздөмө бер.

**Руханият казынасынан**

«Жеткилең инсан бардык инсандардын чындыгы, б.а. адамдардын ичиндеги эң чыныгы адам болуп эсептелет.

*Нажмиддин Камилов*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

### Ой жүгүртүү үчүн

Соодагер кечинде үйүнө келсе, аялы арызданды:

– Бүгүн дүкөнгө чыгып уулубузга бут кийим сатып алдым. Сатуучу амалкөйлүк кылып, калдык акчаны бербегени үчүн кызыбызга алабыз деген кийимди алууга акчам калбады. Кызымдын капа болуп ыйлаганынан көңүлүм абдан ооруду.

Соодагер терең ойго батты:

– Эй дүнүйөнүн иштери! Кече дүкөнүмө кирген кардарга напсимдин кулу болуп, ала турган нерсесин кымбатка сатканымдан абдан өкүндүм...

1. Адалдык, жакшы кулк, жөнөкөйлүк, ариеттүүлүк, абийирдүүлүк, колу ачыктык, мээримдүүлүк, адилеттүүлүк, туруктуулук, нысаптуулук, ыймандуулук сапаттарына ээ болгон адамды чыныгы бактылуу адам деп атайбыз.

Ушул ойду далилде.



2. Соодагер терең ойго батып, эмнелерди ойлоду? Ал эмне үчүн кылган ишинен өкүндү?

3. Аңгемеден чыгарган жыйынтыгыңарды классташтарыңар менен бөлүшкүлө.

## Руханият казынасынан

Дилиңерди жолдон азгыруучу илдеттерден, адамды көр кылуучу абалдардан, башкача айтканда катып калган үрп-адаттардан, адал эмес атаандашуудан, ач көздүктүн кулу болуудан, өз напсиңер үчүн күрөшүүдөн арылууңар зарыл.

*Абу Райхан Беруний*

## Сабактан туура корутунду чыгар

Жалкоолук адамдын жашоосун, келечегин убалы, бактысыздыкка баштоочу жол болуп эсептелет...

1. «Көңүлдү жолдон азгыруучу илдеттер» темасында класстер түз.

2. Төмөнкү текстти окуп, тыянагыңды жаз.

«Эй момундар, байлыктарыңарды ортоңордо адилетсиз (башкача айтканда, уурулук, талоончулук, сүткордук, паракордук, кумар сыяктуу) жолдор менен жебегиле! Өз ара ыраазычылык менен болгон соода аркылуу мал-дүйнө кура...»

*Құраны карим. Ниса сүрөсү, 29-аят*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 23-24-ТЕМА: КЕРЕКТӨӨЧҮ ЖАНА ИШКЕРДИК МАДАНИЯТЫ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Сен кандай кардарсың? Интеллектуал мүлк керектөөсүн кандай жүзөгө ашырасың?

2. Сен билим берүү системасынын негизги кардарлары катарында өз укук жана милдеттериңерди билесиңби? Сенин бир күндүк билим алышыңар үчүн канча каражат керектиги жөнүндө ойлоп көрдүң беле? Сен үчүн ажыратылган каражаттардан туура пайдаланып жатасыңбы?

3. Колдон чыгарылган мүмкүнчүлүк дегенде эмнени түшүнөсүң?

## Ой жүгүртүү үчүн

**Мектеп кимдики?**



10-класста окуп жаткан Надыр чоң атасына мектеби жөнүндө айтып берип жатып, наараазы абалда: «Физика мугалимибиз жалаң сабак кылбаганыбыз үчүн бизди кейип: «Бекеринен сага сарпталган ушунча каражат», – дейт, өзү мектеп акысыз болсо, мамлекеттики болсо, тамактануу үчүн үйгө келсек...», кеп ушул жерге келгенде Надырдын сөзүн чоң атасы бөлүп;

– Эй, балам, сен катаа ойлоп жатасың...

## Чыгармачылык иш-аракет

Суроолорго жооп жаз. Жазган жоопторуңды досторуңдун жооптору менен жалпылаштыр.

1. Надырдын чоң атасы кандай жооп айткан болушу мүмкүн деп ойлойсуң?

2. Экономикалык билим негиздери предметинен алган билимдериңерге таянып, салыктар эмнелерге сарпталышын эсте. «Акысыз билим берүүнүн баасы канча?» деген суроолорго жооп тап.

3. Эч кызыгып көрдүң беле, базарда майданы 3 кв.метр болгон дүкөндү ижарага алуу жана коммуналдык төлөмдөрүн төлөө, тазалыгын сактоо үчүн канча каражат сарпталат?

4. Сен бир күндө мектебиңдин класстык бөлмөлөрүнөн, спорт зал жана майданынан, ажатканасынан бир же бир нече жолу пайдаланасыңар. Булар үчүн ким акча төлөйт?

5. Инфографика жардамында чоң атанын жоопторун чечмеле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



6. Элестет, базардан картошка сатып алып жатасың. Кандай картошка аласың? Эмне үчүн?

7. Эмне үчүн чириген картошканы бекерге да албайсың? Мектепке сапатсыз тапшырма даярдап келишиң, зарыл болгон билимдерди ээлөөгө көңүлсүздүк кылышың дал ушул чириген картошка сыяктуу болушу мүмкүн. Салыштыр жана түшүндүр.

8. Мугалим берип жаткан билимдердин канчасын өздөштүрүп жатасың? Эмне үчүн?




9. Сен таалимдин кардарларысың, эми айткылачы, кардар жана ишкерди эмне байланыштырып турат?

10. Ишкер кандай өзгөчөлүктөрдү өзүндө калыптандырган болушу керек?

11. Сабактын башында берген жообуңду төмөнкү суроолорго берген жоопторуң менен салыштыр.

Интеллектуал деген эмне? Интеллектуал мүлк керектөө маданияты дегенде эмнени түшүнөсүң? Сен бул маданиятка кандай амал кыласың?

## Руханият казынасынан

Акча изгиликти жаратпайт, тескерисинче, изгилик аркылуу адамдар жеке турмушта да, коомдо да акча жана башка байлыктарга ээ болушат.

*Сократ*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

### Ооматтуу инсан

Бир күнү журналист ооматтуу фермерден интервю алганы келиптир. Андан бир топ жылдар аралыгында сынактарда жеңүүчү болуп жаткандагынын себебин, жүгөрү жетиштирүүнүн сырын сураптыр.

Фермер мунун эч кандай сыры жок экенин айтып:

– Мен ар жылы айланамдагы кошуналарыма эгүү үчүн эң сапаттуу жүгөрү уруктарын таратамын. Себеби эгин гүлдөгөн маалда шамал тегеректеги талаалардан да гүл чоңдарын алып келет. Эгер кошуналарымда сапатсыз эгин болсо, бул менин да түшүмүмө таасир этет, – деп жооп бериптир.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. «Ким ооматтуу болууну кааласа, өз жакындарынын да ооматтуу болуусуна жардам берүүсү зарыл» деген пикирге кошуласыңбы?

2. «Бардык адамдар бир-бири менен байланыштуу, ошондуктан ар дайым өз ара ынтымактуулукта жашоосу керек» деген пикирди ишбилермандык аракетине байланыштырып көр.

3. «Өзүңө ыраа көрбөгөндү башкаларга да ыраа көрбө» деген накылды текстке байланыштыр.

## Билесиңби?

Инсандын күндөлүк жашоосу жана жумушунда материалдык жана руханий негиздер бири-бирине салыштырмалуу кандай орун тутушу, алардын кайсы бири үстөмдүү болушу жөнүндө ар түрдүү, ал эми кээде карама-каршы ой-пикир жана көз караштар бар. Антикалык доор философторунан Сократ, Платон, Епикур жана Демокрит, кытай даанышманы Конфуций ж.б. сыяктуу ойчулдар бул жөнүндөгү теориялык көз караштарында рухий ааламды биринчи деп билсе, башкалары материалдык дүйнөнү биринчи орунга коюшат. Инсандын ички дүйнөсү, ага берилген сапат жана касиеттерди аягына чейин таануу, түшүнүүнүн өзү өтө татаал бир маселе болсо да, аны таанууга далалат кылып көрөбүз.

## Тарыхка назар

– Иш-аракетиң адилет жана чындыкка шайкешпи?

– Айткан сөзүң жасаган жумушуңа ылайык болсун.

*«Бизнесмендердин ахлах кодекси» нен, 1913-жыл*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

Адамдын ишмердүүлүгүндө эки зарыл фактор – материалдык жана руханий дүйнө өз ара айкалышып, кош канатка айланган кезде адам, мамлекет жана коомдун жашоосунда өсүү-өзгөрүү, жогорулоо жараяндары жүрөт. Материалдык жана руханий жашоо бири-биринен танбайт. Алар өз ара байланышып, бир-бирин толуктайт. Адам өз арзуу-тилектерине жетишүүсү, бактылуу-таалайлуу болушу үчүн жашоосун ушул эки фактор менен байланыштырат.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Материалдык жана руханий турмуш дегенде эмнени түшүнөсүң? Төмөнкү сүрөттөр аркылуу пикириңди далилде.

2. «Руханий турмуш», «материалдык баалуулук», «адал инсан» түшүнүктөрүн салыштырып, окшош жактарын айт.

3. Бүгүнкү күндө руханий жана материалдык жашоону бирдей алып баруу үчүн журтубузда кандай өзгөрүүлөр ишке ашырылып жатат?

4. Эмне деб ойлойсуң. Материалдык жашоонун өзү коомдун жыргалчылыгын жана адамдын бакытын камсыздай алабы?





5. Коомду кризиске алып келиши мүмкүн болгон абалдар боюнча негиздүү мисалдар келтир.

6. Гулназа маалесиндеги дүкөнгө кирип нерселер сатып алды, бирок уялып, алган буюмдарынын чегин сурабады.

– Гулназа кардар катары эрежелерге баш ийдиби?

– Анын бул аракети кандай көйгөйлөргө себеп болушу мүмкүн?

– Сен дүкөндөн сатып алган буюмдарыңардын чегин сурайсыңбы? Эмне үчүн? Пикириңди далилде.

## Руханият казынасынан

Инсан өздүгүн тааныган, ата тегин тереңирээк билген сайын жүрөгүндө Мекенге болгон сезими тереңдеп, өсүп барат. Бул сезим канча терең болсо, туулуп өскөн журтка болгон сүйүү да ошончо күчтүү болот.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачылык иш-аракет

Окуучулардын керектөө маданиятын сыноо үчүн аларга нарктары, сапаты жана курамы бир түрдүү болгон төмөнкү продукциялардын тизмеги берилди. Сен алардан кайсы бирин сатып алууга кеңеш берген болот элең?

Өзбекстанда иштеп чыгарылган — Чет өлкөдө иштеп чыгарылган










1. Дилназа жалаң Өзбекстанда иштеп чыгарылган окуу куралдарынан сатып алды.
2. Закиржан жалаң чет өлкөдө алып келинген таттууларды алды.
3. Дилшат жана Саадат болсо, продукцияларды аралаш алышты.

Сен кайсы продукцияларды сатып алат элең? Эмне үчүн?

Дилназанын апасы: «Өзбекстанда иштеп чыгарылган продукцияны сатып алсак, акча өзүбүздө калат», – деп кызынын көңүлүн көтөрдү. Сен бул пикирге көз карашың кандай?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

2020-жылда мамлекетибиздин эл аралык биржа базарына чыгуу мүмкүнчүлүктөрү дагы да жогорулады, алгачкы жолу улуттук валютада 2 триллион сомдук өкмөт еврооблигациялары төмөн пайыздарда жайгаштырылды.

Ушул жылы республикабызда 197 ири, миңдеген орто жана чакан өндүрүштүк жана инфратүзүмдүк объекттери курулду...

Айыл чарбачылыгындагы өзгөрүүлөр, жер майдандарын толук менчик кластер жана кооперацияларга берилгени пактачылыкта түшүмдү бир жылда орточо 10 пайызга ашыруу мүмкүнчүлүгү жаратылды.

Мөмө-жемиш, жашылча, данчылык жана чарбачылык да 500гө жакын кластер жана кооперациялардын ишмердүүлүгү жолго коюлду. Мунун натыйжасында, пандемиянын терс таасирине карабастан, 1 миллиард доллардык мөмө-жашылчалар экспорт кылынды.

Ушул жылы 91 миң гектар жер майданы кайрадан пайдаланууга киргизилди. 133 миң гектар же өткөн жылга салыштырмалуу 2 эсеге көп майданда сууну үнөмдөө технологиялары жолго коюлду.

Ишкерликти терең колдоп-кубаттоо боюнча көптөгөн артыкчылыктар жана жеңилдиктер берилди. Ишкерлик субъкттерине 100 триллион сом же 2016-жылга салыштырмалуу 4 эсеге көп кредиттер ажыратыды.

*Өзбекстан Республикасы Президенти*
*Шавкат Мирзиёевтин Олий Мажлиске Кайрылуусунан*
*29.12.2020-ж.*

## Чыгармачылык иш-аракет

133 миң гектар же өткөн жылга салыштырмалуу 2 эсе көп майданда сууну үнөмдөө технологиялары курулган болсо, бир жылда республикабызда 197 ири, миңдеген орто жана чакан ишканалар, ошондой эле инфратүзүмдүк объектилери курулган болсо, бул цифраларды үч, беш, он жылга көбөйтүр. Натыйжаларды анализде. Бул жараянда сенин туткан ордуң кандай болушу мүмкүн?

## Билесиңби?

Менчик мүлк башка мүлк формалары сыяктуу кол тийбес жана мамлекет коргоосунда. Мүлк ээси мыйзамда көздө тутулган абалдарда жана тартипте гана мүлкүнөн ажыратылышы мүмкүн.

## Руханият казынасынан

Эң жакшы тамагыңар өз кесибиңер аркылуу келген тамак. Давуд (а.с) падыша болсо да, темирчилик менен алектенген.





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




## Чыгармачылык иш-аракет

1. Өзбекстандын эл аралык биржа базарына чыгуу мүмкүнчүлүктөрү жүзөгө келиши үчүн кандай факторлор себеп болот?

2. Төмөнкү берилген жадыбалды анализде. Ишкердикке тиешелүү өзгөчөлүктөрдү аныкта. Ишкердикти өнүктүрүүдөн кандай кызыкчылык бар?

3. Сен ишкерлерди колдоо үчүн эмнелерди кыла аласың?




## Ой жүгүртүү үчүн

Адылжан соода-сатык менен алектенүү максатында курган чоң дүкөнүнө биринчи болуп чоң атасы Камариддин атаны алып келди. Чоң атасы аны абдан дуба кылып:

«Балам колуңда канча жумушчуң бар? Эгер мүмкүн болсо аларга айтчу бир ооз кебим бар», – деди.

Адылжан тездик менен дүкөндүн бардык жумушчуларын топтоду. Кыскача саламдашуудан кийин чоң атасы:

– Ата-бабаларыбыздан калган эреже бар, соодада эки жак – сатуучу да, кардар да ыраазы болбосо, алды-сатты адал болбойт;

– кишинин алдоо, кыянат жолу менен тапкан байлыгы жакшылыкка буюрбайт;

– буюмга чоң баа коюп, өздөн кетпестик, товардын түрү, сапаты, иштеп чыгарылган жайы жана каражаттары жөнүндө жалган аралаштырбастык керек:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



– сатып алууда да, сатууда да катуулук кылбастан, буюмдан да, баадан да өтүп берүү керек;

– соодада чын болсо да ант ичүүдөн тыйылуу зарыл;

Чоң ата сөзүн: «Сен да мына ушул осуяттарга амал кылсаңар, иштериңерде береке болот», – деп жыйынтыктады.

## Чыгармачылык иш-аракет

Төмөнкү жадыбалдардын ичинде берилген сөздөрдөн пайдаланып, коомдо экономикалык реформалардын өнүгүүсү жөнүндө чакан эссе жаз. Алардан кайсылары керектөө жана ишкерлик маданияты үчүн зарыл деп эсептейсиң? Пикириңди далилде.



– пландуу жана тартиптүү болуу;



– адалдык, чынчылдык, кичипейилдик;



– бейкабатыр жана кайраттуу болуу;



– киришимдүү жана билимдүү болуу;



– тобокелчи жана ишбилерман болуу.

## Сабактан туура корутунду чыгар

1. Эгер адам бай, дөөлөттүү болсо да, билими, пайдалуу кесип-өнөрү болбосо чогулткан көп байлыгы канчага жетиши мүмкүн?
2. Руханияттуу адамдын тапкан байлыктарынан кимдер пайда көрөт?
3. Бир инсан бай, акылдуу, даанышман, берешен да боло алабы?
4. «Ишкерлердин ахлак кодекси»нен алынган эрежелерди керектөө жана ишкердик маданияты менен байланыштыруу мүмкүнбү? Пикириңе мисалдар келтир.
5. Төмөнкү пикирди тема менен байланыштырып түшүндүр.

«Байлык менен кедейлик эт менен тырмак сыяктуу. Болгону алар маал-маалы менен орун алмашып турушуат. Ошондуктан, бай болгонунда өтө кубанба – ал өткүнчү. Жокчулукта көп эле кайгырба, бул да убактылуу... эгерде адам акылдуу болсо, ар бир жакшы-жаман окуя, кокустуктардан өзүнө керектүү корутунду чыгарып алат».



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 25-26-ТЕМА: КЕСИП ТАНДООНУН СЫРЛАРЫ

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Заманбап кесиптер дегенде кандай кесип түрлөрү көздө тутулат? Мындай кесип түрлөрүнөн канчасын санап бере аласың?
2. Бүгүнкү күндө адамдар көбүрөөк кайсыл кесиптерди ээлөөнү каалашат? Эмне үчүн деп ойлойсуң?
3. Сен кесип тандоодо эмнелерге көңүл буруп жатасың? Пикириңди далилде.

## Билесиңби?

Кесип бул – белгилүү бир адамга тиешелүү болгон билим жана көндүмдөрдүн топтому. Кесип маалым бир көндүмдөрдү ээлөө аркылуу колго киритилет. Андан тышкары, кесип кишинин өзүн таануусу, кылып жаткан ишинен ыраахаттануусуна алып келүүчү ишмердүүлүк болуп саналат.

## Руханият казынасынан

Ар ким өзүнүн сүйгөн кесиби менен алектениши керек, ошондо адамда мээримдүүлүк, кайраттуулук, туруктуулук, чыдамкайлык жана ыраазычылык маанайы сезилип турат. Коомго мындай адамдар бир топ пайда келтирет.

## Ой жүгүртүү үчүн

Заманбап кесиптер үчүн зарыл болгон сапат жана принциптер төмөнкүлөрдөн турат:

- Алектенип жаткан тармагы боюнча жетишээрлик билимге ээ болуу
- Уюштуруучулук жана демилгелүүлүк
- Экономикалык жараяндарды анализдей алуу
- Мыйзамдарга баш ийүү
- Инновациялык активдүүлүк
- Максатка карай умтулуу
- Адалдык
- Үнөмдүүлүк
- Өз берилген убаданы так аткаруу
- Өз тобу кызыкчылыгы үчүн күрөшүү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Өз алдынча иштөө

Келечекте ээлөөнү каалаган кесибиңерге байланыштырып төмөнкү суроолорго жооп бергиле:




## Билесиңби?

УНИСЕФтин атайын долбоору болгон У-РЕПОРТ жаштар платформасы 2019-жыл 13-май күнү жаштарды кесипке багыттоо боюнча суроо-жооп өткөрдү. Анда 6300 дөн ашуун Өзбекстандык жаштар катышты. Респонденттердин пикирине караганда, кесип тандоодо төмөнкү 4 фактор таасир өткөрөт:

– өздүк жөндөмдүүлүк (34%);
– кесипке болгон сүйүү (20%);
– материалдык мүмкүнчүлүктөр (20%);
– ата-энелердин чечими (11%).

Катышуучулардын 82 пайызы жаштарды кесипке багыттоо өкмөт тарабынан жолго коюлушу керек деп эсептешкен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

Ар бирибиз жашоодо бир жолу болсо да , биз үчүн бейтаныш болгон нерселерди тандоо менен кезигебиз. Бул болсо эң кыйын тандоо. Ар бир сатуучу өз пайдасын ойлогон абалда кардарларды өзүнө чакырууга аракет жасайт. Компаниясы өз тармагында ушул боштукту толтурууну чечти.

Пластикалык терезе алкактарын иштеп чыгаруу жана аны орнотуу механизмдерин түшүнүү үчүн эң негизги кадамдардан бири бул «Алкак жыйноо тармагы» видеоблогу болду.

Эми терезе алкактарын же профилди тандоо жана аны орнотууда кардар ушул жараянды толук түшүнүккө ээ болгон абалда пикир алыша алат. Бул жараян чоң баага ээ болгону жана 20 жылда бир жолу болгондугу үчүн да ар бир кадам маанилүү.

«Алкак жыйноо тармагы» блогу иштеп чыгаруу жана түзөтүүдө маанилүү баскычтар жөнүндө маалыматтарды берүү жана боштуктарды толтуруу үчүн жаратылган.



## Чыгармачылык иш-аракет

Компания кардар менен көбүрөөк ачык маек куруугa умтулуу үчүн кандай аракеттерди жасаган? Сенин жыйынтыгың кандай?

Сен кардар менен көбүрөөк ачык маек куруугa умтулуу үчүн кандай жол тандайт элең?

Кардар менен жылуу мамиле орнотуу үчүн кайсы кесиптин ээлерине кайрылган болушу мүмкүн?

## Өз алдынча иштөө

Төмөнкү текстти оку жана талкуула.

Экономиктер ишинин бир бөлүгү каталардын алдын алуудан турат. Бул болсо катаага жол коюуга караганда бир топ кыйын (бирок кызыктуу) иш.

Экономиктин катага жол коюшунун акыбети эмнеге алып келет? Өз стратегияңарды иштеп чык.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачылык иш-аракет

1. Ар бириң өзүң сүйгөн кесибиңди айт.
2. Эмне үчүн дал ушул кесиптин ээси болууну каалайсың?
3. «Өз кесибинин чебери» дегенде эмнени түшүнөсүң?
4. Тандаган кесибиң үчүн кандай билим жана көндүмдөр керек болот деп ойлойсуң? Бул билим жана көндүмдөрдүн канчасы сенде калыптанган? Жадыбалды дептериңе көчүрүп толтур жана тизмекти улант.

| Т,н | Тандаган кесибиң үчүн билим жана тажрыйбалар | Сенде калыптанган бөлүгү |
|---|---|---|
| 1 | Менежер үчүн кеп маданияты | Кечелерди уюштурууга жардам бере аламын |
| 2 | ... | ... |

5. Өзүңдө калыптанган билим жана тажрыйбаларды өнүктүр. Жокторун кандай калыптандырасың? Тандаган кесибиңе жетүү үчүн кандай аракеттер кылуу керектиги жөнүндө инфографика иштеп чык.

## Ой жүгүртүү үчүн



1976-жылдын 16-сентябрында Шаварш Карапетян агасы жана машыктыруучусу менен эрте менен чуркоо көнүгүүлөрүн аткарып жаткан эле. Троллейбус Ереван суу сактагычына кулап кеткенин көргөн Шаварш тездик менен адамдарды куткарууга киришти, ал көрүү нөл даражада болгон чукурлукка сүзүп, троллейбустун айнегин сындырды, ар бир түшкөнүндө эс учун жоготкон адамдарды куруктукка алып чыга баштады. Ал жалпы 92 адамдан 46 сын алып чыкты, 20 адамдын жашоосун сактап калууга себепчи болду. Ошондон кийин Шаварш бир айдан ашуун пневмания илдети менен ооруп жаткан...

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Шаварштан сууга түшүүгө эмне мажбур кылды?
2. «Инсан бул жашоодо кимдир бирөөнү жашоосу өзгөрүп кетишине себепчи болушу мүмкүн» деген пикири Шаварштын аракети менен байланыштыр.
3. Сен мындай абалдарда кандай жол туткан болот элең?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE







**Борт күзөтүүчүсү Нирджа**

1986-жылда Пакистандын Карачи шаарында PANAM-73 самолёту террорчулар тарабынан колго алынды.

Террорчулар америкалыктарды өлтүрүү үчүн жүргүнчүлөрдүн паспортторун алып келүүнү талап кылды. Эрктүү стюардесса АКШ жарандыгына ээ болгон адамдардын документтерин таштанды кутусуна жана орундуктардын астына бекитти.

Стюардесса Нирджа өзүн жоготкон жок, самолёт абага көтөрүлбөстүгү үчүн тездик менен учуучуларды кабардар кылууга жетишти. Учуучулар өзгөчө кырдаалдан чыгуу жолу аркылуу самолёттон чыгышты.

Пакистан полициясы аракетке өтүшү менен Нирджа жүргүнчүлөрдү да өзгөчө кырдаалдан чыгуу жолу аркылууу самолёттон түшүрө баштады. Орундуктун астында бекинип алган эки баланы алып чыгып жатканда, кылмышкерлер аларга ок атышты. Балдарды өз денеси менен тосуп алган Нира оор жаракат алганына карабастан, бар күчү менен балдарды самолёттон алып чыкты...

### Чыгармачылык иш-аракет

«Кесипке туруктуулук», «жашоонун кадыры» түшүнүктөрүн өз ара байланыштырып, борт күзөтүүчүсү Нирджанын аракеттери менен негизде.

### Ой жүгүртүү үчүн



**Менин жалгыз максатым**

Окуучуларымдын арасында олимпиадаларга 12 жолудан барган балдар бар. Ар дайым айтамын аларга: билим ал, билим ал. Өзүмдүн 7 гектарлуу багым бар эле. Ошонун эсебинен бир топ жыл мурда олимпиадага барган же райондук жана областык сынактарда жеңүүчү болгон окуучуларга стипендия дайындадым. Кайсы бала олимпиадага катышып жатат, орун алып жатат, кайсы класстын баласы үлгү болуп жатат, ар чейректе стипендия берүүнү токтотподум. Мына, бүгүнкү күнгө чейин пенсиямдын эсебинен мектеп баскычында жеңүүчү болгон окуучуга 50 миң сомдон төлөймүн, райондук сынактан өтсө, дагы беремин. Ошентип, 100, 150 жана 200 миң сомго чейин жогорулатып барамын. Ар айда алатурган 3 миллион эки жүз миң сом пенсиямды ушул жөндөмдүү балдарга таратамын. Жалгыз гана максатым –перзенттерибиз сабаттуу болушу керек.

*Хасият Караева, Денов районундагы 1-мектептин директору*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ой жүгүртүү үчүн

### Ырга коюлган айкел



Каракалпак өлкөсүнүн Эллик калаа районуна кызматтык сапар менен бардым. Жергиликтүү калк Бостон шаарын «Элүү биринчи шаар» деп да аташат экен. Бул шаар жөнүндө эмне үчүн кеп кылып жатканым сиздерге кызык болсо керек. Бул жерде мугалимге коюлган айкел бар деп уктум. Мына, ошол айкелдин жанындамын. Бир кучак дептер колтуктап, карышкырдан качып жаткан мугалим. Караңгылык жана жырткычтыкка каршылык кылып, бир ууч билимди келечекке жеткирип жаткан мугалим эжей ...

Чыгармачылык иш-аракет

1. Эмне деп ойлойсуң, эмне үчүн мугалимге мындай айкел коюлган?
2. Эгер сенден мугалимге айкел коюу боюнча кеңеш сураса, кандай сунуш берген болот элең? Сен бул айкелди кандай сүрөттөйсүң?
3. Жакшы көргөн мугалимиңдин кайсыл сапаттары сага жагат?

Ой жүгүртүү үчүн

### Сабактан кийин



*«Сабактан кийин» Ырынын автору Матназар АБДУЛХАКИМ*

Ошол күнү сабакта мугалим балдардын чөнтөгүнөн ширеңке кутусун алып койду. Аларды чегүү ден-соолукка зыян келтиришинен эскертти. Үй тапшырмасын аткарбаган жети окуучуну абдан кейиди, бирок эки деген баа койбоду. Эртеси кайра текшерүү шарты менен бир кучак дептерди колтуктап, үйүнө кайтмакчы болду. Түн кирген эле, бирок эмнегедир жолдошунан кабар болбоду. Мугалимдин үйү кырдын артында эле. Жарым жолдон өткөндөн кийин артынан карышкыр кууганын сезди. Карышкырды оттон коркушун билген мугалим дароо бир дептерди жагып, артына таштады. Үч-төрт дептер болсо жетишет, мугалим үйүнө жетип алат. Бирок айылга бир аз калганда дептерлер түгөндү. Ошентип, караңгы түн койнунда мугалим эжей жана карышкыр жалгыз калды...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

Өзбекстан Республикасы Президентинин «Өзбекстан Республикасы эгемендүүлүгүнүн жыйырма тогуз жылдык маарекеси менен мамлекеттик кызматкерлерди ошондой эле иштеп чыгаруу жана социалдык-экономикалык тармак өкүлдөрүнүн бир тобун сыймыктандыруу жөнүндө»гү буйругуна ылайык «Өнөрпоз» уюмунун Рыштан району бөлүмүнүн мүчөсү, уста-кулал Алишер Назиров «Шухрат» медалы менен сыйланды.





## Руханият казынасынан

Эгер сен кесипти ийгиликтүү тандасаң, иштесең жана рухуңду ага арнасаң, анда бакыттын өзү сени табат.

*Константин Ушинский*

## Сабактан туура корутунду чыгар

1. Төмөнкү пикирлерди оку жана талкуула.

– Чоң келечеги бар кесиптер жок, бирок келечеги улуу адистер бар (Иля Илф жана Евгений Петров)

– Адамдын табиятында терең орношкон керектөөлөрдүн бири бул – кесиптерди тандоо эркиндиги жана алардын ар түрдүүлүгү (А. Бебел).

– Профессионал киши бул – өз ишин жактырбаган абалда да аткара ала турган адам. Ышкыбоз болсо өз ишин жактырган абалда да аткара албай турган адам (Жеймс Айгатеб).

2. Сабактан алган билимиңе таянган абалда, кесиптердин кыйынчылык жактарын эске алып, кесип жөнүндөгү корутундуңарды дептериңе жаз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 27-28-ТЕМА: ҮЙРӨНҮҮДӨН ТОКТОБО

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. Ушул күнгө чейин алган билимиңди жана үйрөнгөндөрүңдү саресеп кылгансыңбы? Анын өлчөмү жана чени канча?

2. Эмне деп ойлойсуң, бул билимиңди өнүктүрүү керекпи? Эмне үчүн?

3. Бул билимдерден кандай абалдарда пайдаланасың?

4. Үйрөнүүдөн убактылуу токтоп турууга болобу? Эмне үчүн?


## Өз алдынча иштөө

Сүрөттөргө көңүл буруп, ойлоп көр. 1-сүрөт менен 3-жана 4-сүрөттөрдө кандай байланыштар бар?

3-, 4-, 5-сүрөттөрдү удаалаштыкта чечмелеп көр. Бул сүрөттөрдү эмне жалпылаштырат?


2– жана 4-сүрөттү жалпылаштырып текст түз.


Бардык сүрөттөрдү «Окуп үйрөнгөнүм сайын алсыздыгымды билип бардым» деген пикир менен байланыштырып түшүндүрүүгө аракет кыл.


1


2


3


4


5



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Ой жүгүртүү үчүн

## Натыйжалуу үйрөнүүнүн жети сыры

Ийгиликтүү жана атаандаштыкка туруктуу болуу үчүн адам ар дайым өз үстүндө иштеши, өзүн-өзү тарбиялашы керек. Бул жараянда билимдерди ийгиликтүү өздөштүрүү үчүн иштеп чыгылган натыйжалуу методдор жардам берет. Билимдерди натыйжалуу өздөштүрүүнү камсыздоонун сыры эмнеде?

**1-сыр** – абдан кыйын материалды үйрөнүүдө алгачкы 20 минутадан натыйжалуу пайдалануу, мээни ашыкча талыктырбастык жана кийинки минуталарда иш-аракеттин түрүн өзгөртүрүү. Демек, кыйын теманы өздөштүрүүдө иш-аракет түрүн өзгөртүрүүнүн мааниси чоң.




Сен турникте бир сааттан ашуун убакыт асылып тура аласыңбы? Элестетип көр, мында кандай дене тарбиялык жараян жүрөт? Денебиз талыгууну сезиши анык.



Бул денебиздин коргонуу механизми, ал бизди ашыкча талыгуудан коргойт. Дал ушул абал чет тилин үйрөнүүдө, грамматика жана жаңы сөздөрдү өздөштүрүүдө же татаал математикалык эсептерди чыгарууда мээбизде күзөтүлөт.

### Билесиңби?




Адам болгону 20 минута аралыгында жогорку даражада кунт коё алат. Жарым сааттан кийин көңүлдүн бөлүнүшү натыйжасында маалыматтын таркалышы 60% чейин, 45 минутадан кийин 40% чейин төмөндөп барат. Демек, татаалдык даражасы жогору болгон билимди бир саттан кийин түшүнүү барган сайын кыйындашып бара берет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Ой жүгүртүү үчүн

**2-сыр** – класстагы күнүмдүк жеңиш ...

Сабакта жана сабактан кийин ийгиликтеринди баалап баруунү адат кыл. Мындай аракет сага үйрөнүү жараянындагы терс сапаттарды жоготууга, окуу мативациясы жана өз алдынчылыгын ашырууга жардам берет.

Өзүңөрдүн кемчилдиктеринди аныкта жана аларды жоюуга аракет кыл. Мындай көнү-гүүлөрдү дайыма аткар. Ошондо өзүңдү көзөмөлдөй аласың жана катага жол коюу азаят.



### Өз алдынча иштөө

Сабакта жана сабактан кийин дайыма өзүңөргө натыйжалуу үйрөнүү үчүн жардам бере турган суроолор берүүнү үйрөн. Мисалы:

– Бүгүн мен үйрөнгөн эң маанилүү нерсе эмне?

Жообуңду түздөн-түз көнүгүү дептериңе жаз.

– Кайсыл суроолор мага түшүнүксүз болду?


Ушул суроолорду бат жазып ал, мүмкүнчүлүк болсо, мугалимден сурагыла жана жооп тап.

### Ой жүгүртүү үчүн

**3-сыр** – теорияны практика менен айкалыштыруу. Теориялык билимдер практика менен бекемделет жана өркүндөйт. Кээде айрым сөздөр бизге тааныш болсо да, кептин эмне жөнүндө экендигин түшүнбөй калабыз.

Сөздүн маанисин аныктай албайбыз. Сага бул көйгөй таанышпы? Мээбиз биз пайдаланбай турган маалыматтарды эмне кылат?

Туура, ал энергияны бекерге ийги-ликтүү үйрөнүүнүн үчүнчү сыры түздөн-түз





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




тажрыйба аркылуу билим алуу жана көндүмдөрдү ашыруу болуп саналат. Дал ушул нерсе «көз коркок, кол баатыр» экендигин, башкача айтканда, эң негизгиси үйрөнүлгөн теориялык билимди таанып билген түрдө колдоо керектигин билдирет.

## Билесиңби?

Мнемоника – эстеп калуу исскуствосу.

## Чыгармачылык иш-аракет

Практикалык ишмердүүлүктө колдонуу үчүн төмөнкү түшүнүктөрдөн пайдалан.




1. Бул инфографиканы дагы кандай тажрыйбалар менен байытууга болот?

2. Катаага жол койбостук үчүн алгач эмне кылган болот элең? Пикириңди далилде.

## Сабактан туура корутунду чыгар

**Сүйлөмдү толукта:**

1. Мен өзүмдүн ... га мамилемди өзгөртүрдүм.
2. Мен ... жөнүндө көбүрөөк билип алдым.
3. Мени ... таң калтырды.
4. Мен ... ны сездим.

1. Мурда мен ... деп ойлойт элем, эми болсо ... ды билемин.
2. Мурда мен ... деп ойлойт элем, эми болсо ... экендигин түшүндүм.
3. Мурда мен ... деп ойлойт элем, эми болсо ... ды колдой аламын.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн



**4-сыр** – элестетүү.

Элестетүү маалыматты таануу үчүн чоң мүмкүнчүлүктөр жаратышы сыр эмес. Бирок ал бир чоң кемчилдикке ээ – узак убагыт аралыгында алынган маалыматтарды сактап кала албайт. Мээнин кунт фильтрлери мээ энергиясын үнөмдөө үчүн керексиз маалыматтарды фильтирлейт.

Америкалык психолог Жорж Миллер «Миллердин капчыгы» деп аталган теорияны иштеп чыкты жана кийинчерээк ал «7±2» эрежеси деп атала баштады. Эреженин кыскача мазмуну инсандын кыска мөөнөттүк эс тутуму 9 дан ашык объектти эстей албайт.

## Билесиңби?

### Миллердин капчыгы

Адам мээсиндеги кыска мөөнөттүк эс тутум же өзүнө жараша «капчык» бир убакыттын өзүндө ар түрдүү баадагы «жети тенге» ден көп болбобогон «акча»ны кармап турушу мүмкүн.

$7 \pm 2$

Эгер алар жетиден же тогуздан көп болсо, мээ аларды интуитив абалда 5 тен 9 га чейин болгон топторго ажыратат. Жумушубуздун натыйжалуулугу жана 7 саны ортосунда түздөн-түз байланыш бар.

Мисал үчүн, иш столуңарды көз алдыңарга келтир. Эгер андагы нерселердин саны жетиден көп болсо, мээ аны тартипсиздик деп кабыл алат. Тажрыйбаларга караганда, адам иш столун тартипке келтиргенден кийин иштин үнөмдүүлүгү жогорулайт.

7 ± 2 эрежесине баш ийүү убакытты үнөмдөө, түрдүү проблемаларды чечүү, эң негизгиси, жараяндарды натыйжалуу башкарууга жардам берет.

Миллердин тажрыйбаларына көрө, адамдын кыска мөөнөттүк эс тутуму орточо абалда тогуз эки орундуу, сегиз көп орундуу сандарды, алиппенин жети тамгасын, беш бир муунду сөздү эстеп кала алат.

*Интернет булактарынын негизинде*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

**5-сыр** – Херман Еббинхауздун изилдөөлөрү натыйжасына көрө, ийри сызыкка негизделген кайталоо техникасы.

Бул жөнөкөй техникага амал кылуу аркылуу эс тутумду көпкө урунтурбастан 4 эсе көп материалды оңой гана сактоого мүмкүнчүлүк жаралат.




## Билесиңби?

Асадбек Аюбжанов – өзбекстандык таланттуу жаш дирижёр. Анын өзгөчө таланты жаштайынан белгилүү болгон. 6 жашында бир эмес, бир канча куплеттен турган 85 ырды жатка билген.



7 жашынан музыка мектебинин скрипка багытына катышты, 8 жашынан баштап эл аралык музыка сынактарында, фестивалдарда катыша баштады, Италияда болуп өткөн скрипкачылардын сынагында 1-орунду ээледи.

Асадбек Өзбекстандагы эле эмес, балким бүт дүйнөдөгү эң жаш дирижёрлордун бири. Атактуу дирижёр Владимир Спиваковдун жеке өзү термиздик таланттуу улан Асадбек Аюповду бир канча ирет «Москва досторду чакырат» эл аралык фестивалына чакырган.

## Ой жүгүртүү үчүн

Адамдын мээси маалыматты узак мөөнөт сактап калышы үчүн белгилүү бир убакыт аралыгында ага бир нече ирет кайрылуу зарыл. Бирок кайрылуу маалдары арасында эс алуу убакыттары да болушу керек. Экзаменден бир күн мурда окулган маалыматтар биздин кыска мөөнөттүк эс тутумубузда сакталат, мындай абалдагы алынган маалыматтар биздин узак мөөнөттүк эс тутумубузга өтпөйт. Акылга чабуул жаңы идеяны жаратуу үчүн пайдалуу, бирок бир нерсени жаттоо үчүн эмес. Мээнин кыска мөөнөттүк, бир жолку аракети натыйжасында маалыматтарды толук өздөштүрүү мүмкүнчүлүгү төмөн же ал мындай тез өздөштүрүлгөн нерсени узак мөөнөт эсте сактай албайт. Маалыматты жаттоодо аны түшүнүп, маанисин байкап кабыл кылуу маанилүү.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачылык иш-аракет

1.Кандайдыр бир маалымат эсиңерде калышы үчүн сен эмне кыласың? Эмне үчүн адамдардын эс тутуму түрдүүчө?

2. Өзүңөр эң татаал деп билген теманы алгыла жана Херман Еббунгауз методикасы негизинде өздөштүргөндөрүңөрдү сынап көр. Тажрыйбаңарды классташтарыңар менен бөлүш.

3. Өз жөндөмүңдү баалай аласыңбы? Эн зарыл маалымат жана кубулуштарды эстеп калуу учүн эмне кылуу керек деп ойлойсуң?

## Билесиңби?



Херман Еббунгауз эс тутумдун потенциалын белгилүү даражада жогорулатуу мүмкүн болгон алгоритмдерди аныктады. Маалыматты үйрөнүү жана эсте сактоонун көптөгөн усулдары анын изилдөөлөрүнүн натыйжасында жаратылган. Окумуштуу полиглоттор туулбайт, алар калыптанат деген тыянакка келген.

## Ой жүгүртүү үчүн

Эгер сен маалыматты  абдан узак убакыт эстеп калууңар керек болсо:

– биринчи кайталоо алгачкы окуудан кийин;  ;

– экинчи кайталоо биринчи кайталоодон 20-30 минута өткөндөн кийин;

– үчүнчү кайталоо экинчисинен 1 күндөн кийин;

– төртүнчү кайталоо үчүнчүсүнөн 2-3 жумадан кийин;

– бешинчи кайталоо болсо, төртүнчүсүнөн 2-3 айдан соң аткарылышы керек.

Ошентип, натыйжалуу кайталуу усулу салттуу усулга караганда эсибизде төрт эсе көп жаңы маалыматты сактап калуу мүмкүнчүлүгүн берет.

## Чыгармачылык иш-аракет

Төмөнкү түшүнүктөр эмне үчүн дал ушундай тартипке берилген? Алардан тескери тартипте пайдалууга болобу?

Билүү, түшүнүү, колдонуу;

Анализдөө, синтездөө жана баалоо, долбоорлоштуруу, конструкциялоо;

Изилдөө, жаратуу, дүйнөнү кандай болсо ошондой, башкача айтканда барыча кабыл кылуу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Руханият казынасынан**

Билим кайтаруу жана кайталоонун мөмөсү.

*Абу Райхан Беруний*

**Чыгармачылык иш-аракет**

### Эс тутум көнүгүүсү

Беш чакан топко бөлүн. Ар бир топ эки минута аралыгында берилген багыт боюнча он бештен ат, ишмердүүлүк жана түрлөр (фудбол командалары, кесиптер, мамлекеттер, заманбап брендтер, ойчулдар-даанышмандар) тизмегин түзөт. Флипчартка жазылган тизмекти ар бир топ кезек менен кырк секунда аралыгында класска көрсөтүп турат. Кырк секунда өткөндөн кийин, тизмек бекитилет, топтор тизмекте көрсөтүлгөн сөздөрдү тартип боюнча оттуз секунд ичинде айтып бериши керек. Көнүгүүнү аткарууда убакыт нормаларына баш ийүү талап кылынат.

| Мамлекеттер | Фудбол командалары | Заманбап кесиптер | Энциклопедик окумуштуулар | Атактуу брендтер |
| --- | --- | --- | --- | --- |

**Ой жүгүртүү үчүн**

**6-сыр** – үзгүлтүксүз аракеттер. Жумшак суу катуу ташты майдалаган сыяктуу сенин машыгууңарды тартипке келтирүүчү үзгүлтүксүз аракеттер эсептелет. Берилген тапшырмаларды оошпой аткаруу натыйжалуу жыйынтыкка алып келет. Тапшырманы кайталоо аркылуу өздөштүрүү – күч жалаң гана билимде эмес, балким максатты көздөй жасалган аракеттерде экенин далилдейт.

**7-сыр** – билим алууну туура системалаштыруу. Дептериңерге жогорудагы сырлардын бардык минуталарын так чагылдырышыңар керек, тактап айтканда:

– машыгуулардын максатын так жана ачык калыптандыр:
– көнүгүүлөр жана тапшырмалар жөнүндө кеңири маалымат ал;
– максаттуу билим жана көндүмдөрдү калыптандырууда, көйгөйлүү маселелер аныкталганда, аларды дароо чечүүгө умтулгула;
– алган билимиңерди практика жүзүндө колдонгула;
– аракеттер максатка шайкеш болушуна көңүл бур.

Билим алууга умтулгула! Эгер максатыңар жолунда астейдил, кунт менен аракет кылсаңар, сага эч нерсе тоскоолдук кыла албайт!





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 29-30-ТЕМА: ЭРКТҮҮЛҮК

## Активдештирүүчү суроо жана тапшырмалар

1. «Эрктүүлүк» дегенде эмнени түшүнөсүң? Адам эрктүү болушу үчүн эмнелерге амал кылуусу керек?

2. «Рухий «мен»ди ойготуу» эмнени чагылдырат?

3. Сен эрктүүсүңбү? Күчтүү эрк ээси экениңер кандай абалдарда жүзөгө чыгат?

4. Эрктин күчүн өлчөө, көрүү жана текшерүү мүмкүнбү? Эмне үчүн? Пикириңди далилде.

## Чыгармачылык иш-аракет

**1-тапшырма.** Дептериңге «Эрктүүлүк эмне жана мен аны кандай түшүнөмүн?» деген суроого кеминде 5 тен жооп жаз. Өзүңөрдүн жообуңду: «Эрктүүлүк бул – ...» деген сөз менен башта:

**Мисалы:**

Эрктүүлүк бул – баштаган жумушун сабырдуулук менен бүтүрүү...

**2-тапшырма.** Кумурска эрки эмнеде жүзөгө чыгышын негизде.



## Билесиңби?

Эрктүүлүк бул – ички күч, максаттарды таанып билген түрдө белгилөө жана пайда боло турган тышкы жана ички кыйынчылыктарды жеңип өтүп, максатты көздөй умтулуу жөндөмү.

Тышкы кыйынчылыктар айланабызды ороп турган социалдык чөйрөдөн келе турган кыйынчылыктар болуп эсептелет. Ички кыйынчылыктар болсо, ичибиздеги кыйынчылыктар (коркуу, үмүтсүздүк, ачуулануу, жек көрүү, менменсингендик, кайдыгерлик, кош көңүлдүк, ачкөздүк, жалгыздык) саналат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Чыгармачылык иш-аракет

Ички жана тышкы кыйынчылыктар таасирине түшкөнсүңбү? Мына ошондой абалда эмне кылуу керек деп ойлойсуң?

Ички коркуу, үмүтсүздүк, жек көрүү, жалгыздык абалына түшкөндө туура жолду кантип табууга болот? Өз пикириңди далилде.

## Ой жүгүртүү үчүн

Эрктүүлүк күчү адамга дух берет – максатка жетүү жолунда аны башкарат. Эгер инсандын руханияты бекем, жеңишке ишеничтүү, эрктүү болсо, өз мексаттарына жетишет. Тескерисинче болсо, мындай адам мүмкүнчүлүктөрдү эмес, максатка жетүүгө тоскоолдук кыла турган себептерди издейт. Ийгиликтүү адамдарга төмөнкү адаттар жардам берет:

– тыныгып уктоо;
– өз убагында ойгонуу;
– муздак сууда киринүү;
– маанилүү иштерди өз убагында аткаруу;
– чоң мааниге ээ болгон керектүү иштерге өзүн арноо;
– «эркти кайра жүктөө» топчусун басуу: бир саат иштегенден кийин, бир аз сейилдеп, бир стакан сок ичүү, дага активдүү иштөө, дагы эс алуу жана дагы иштөө;
– чоң ийгиликке жетишүү үчүн майда кадамдар коюу.



## Руханият казынасынан

Күчтүү кулк-мүнөз бул – өзүнө кыянаттык кылбастык.
Эрк болсо, өз-өзүн жеңүү.

*А. Круглов*

Эгер эрк күчтүү болсо, көп нерсеге жетишүүгө болот. Бирок, айткылачы, эркти кантип калыптандырууга болот?

*Ж.Ренар*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн



### Эрк күчүнө кошок

Зыяндуу адаттардан арылуу, түндөсү тамактанбастык, спорт менен машыгуу же билим алуу үчүн мотивация жана эрктин жетишпестигине канчалык тез кезигебиз? Биз ар дайым дүйшөмбүдөн баштап жаңы жашоону баштайбыз жана аптанын акырына келип дагы эски адаттарыбызга кайтабыз.

Бирок жакшы жаңылык бар: эгер чын дилден кааласак, бардыгыбыз өзгөрүшүбүз мүмкүн. Ар бирибиздин ичибизде коркуу жана күмөндөрдүн зыч катмары астында жашырынган ички ядро бар. Аны туюя билгиле, ошондо жашооңорду жакшы жакка багыттоого мүмкүнчүлүк жаралат. Кыйын абалдарда өзүнүн бекем кулк-мүнөзүн көрсөтө алган адамдар жөнүндө берилип жаткан төмөнкү аңгемелер туура багытты тандай алышыңа жана сенин жаңы ийгиликтерди көздөй шыктанышыңа себеп болот деген үмүттөбүз.

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Кыйынчылыктарды жеңип өтүүдө эмнелерге көңүл бурган болот элең?
2. Эгер эркиң бекем болсо да, бирок көңүлүң бош болсо, анда чечкиндүүлүгүңдү канчалык даражада көрсөтө аласың?

## Билесиңби?



Малала Юсуфзай – пакистандык. Тарыхта эң жаш Нобель сыйлыгынын ээси болгон кыз. Ал 17 жашында кыздардын билим алуу укугун коргоо аракети үчүн ушул сыйлык менен сыйланган.

Малала, айрыкча талибандардын кыздарды сабактарга баруусуна койгон чектөөсүнө каршы чыгат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

### Мен Малала




«Бүгүнкү күндө дүйнөдө 57 миллион бала мектепке барбайт, алардан 31 миллиону кыздар. Пакистанда жана дүйнөнүн бардык жеринде жаштайынан турмуш курууга, үй-бүлөлүк жашоону баштоого жана билим алуу жөнүндө ойлобостукка мажбур болгон көптөгөн кыздар бар. Бул кыздардын билим алуусуна каражат ажыратышыбыз жана билим алуу укугу үчүн күрөшүп жаткан инсандарды коргошубуз керек», – дейт жаш Малала.

2012-жыл 9-октябрда талибан жоокери Малала Юсуфзай классташтары менен кетип жаткан автобусту токтотот жана: «Малала ким бул жерде? Айткыла же баарыңар өлөсүңөр!», -деп кыйкырды. «Мен Малала» – деди кыз жана алдыга чыкты. Ошол учурда ок атылды. Ок Малаланын башы, моюну жана желкеси аркылуу өтүп кетти. Кыз оор абалда ооруканага алып келинди, бирок баары жакшы болду. Азыркы күндө деле тынымсыз келип жаткан коркунучтарга карабастан, Малала адам укуктарын коргоо багытында ишмердүүлүгүн улантып келүүдө.

«Мен өзүмө ушундай деп айттым: Малала, өлүм менен түш болгонсуң. Бул – экинчи аракетиңер. Коркпо, эгер корксоң, алдыга жыла албайсың».

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Гендер теңдик деген эмне?
2. Эмне үчүн Малала Юсуфзайдын өмүрүнө кол салышкан?
3. Малаланын « Коркпо, эгер корксоң, алдыга жыла албайсың» деген сөзүнө өз мамилеңди билдир.





UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ой жүгүртүү үчүн



Кениялык жөө күлүк Абел Мутай финиш чызыгына болгону бир канча метр калганында белгилерге адашып, финишке жетип келдим деп ойлоп, чуркоодон токтоду. Андан кийин келип жаткан испаниялык Иван Фернандез атаандашынын катаасын түшүнүп, кениялык жеңил атлетикачыга чуркоону улантыруу зарыл экендигин айтып, кыйкыра баштады. Мутай испан тилин түшүнбөгөнү үчүн таң калды.

Фернандез Мутайдын алдына келип, аны жеңиш чызыга жакка түртүп жиберди. Бул абалды чоң кызыгуу менен күзөтүп жаткан журналисттердин бири Ивандан финишке биринчи болуп жетип келүүнүн ордуна эмне үчүн атаандашына жол бергенин сурады.

«Мен дайыма бир-бирин колунан кармап, ийгиликти көздөй барууга жардам бере турган адамдар жашай турган коомду арзуу кыламын», – деп жооп берди Иван Фернандез.

«Бирок колго кирип турган жеңишти атаандашына тартуу кылуу спортчуга жарашыктуу мүнөз эмес» журналист да бош келген жок.

«Ага жеңишти мен тартуу кылганым жок, чындыгында ал жеңүүчү болгон эле». «Эреже боюнча, сизде да жеңүүчү болуу мүмкүнчүлүгү бар эле», – деди башка журналист. «Анда менин жеңишим эмнеге ылайык болот эле? Анда жеңүүлүчүк медалынын кадыры канчалык болоор эле? Мени күзөтүп жаткан энем бул ишимден кандай абалга түшөт эле? Жеңүүчү болуу жагымдуу, бирок ката кылган адамга жардамдашуу – андан да ыраахаттуу».

Иван Фернандез бизге жашоонун маанилүү сабактарынан бирин үйрөттү – эч бир жеңиш адалдыктан жогору боло албайт...

## Чыгармачылык иш-аракет

1. Иван Фернандез туура жол тутканбы? Эмне үчүн? Сен мындай абалда кандай жол туткан болот элең?
2. «Эч кайсы жеңиш адалдыктан жогору боло албайт» дегенде эмнени түшүндүң?
3. «... ката кылган адамга жардамдашуу – андан да ыраахаттуу» деген кепти чечмеле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**Билесиңби?**

**Ийилбеген эрк**

Батыр Закиров 1955-жылы катуу бейтап болуп, абалы оорлошуп, үрөөнү учуп, азып кеткен эле. Аны белгилүү врач Вали Мажидов узак дарылады. Бирок Батыр Закиров Рихий түшкүндүккө түшпөдү.

Анын жашоого болгон сүйүүсү, эрки күчтүү эле...



1964-жылы Батыр Закировду Москвадагы Кремл ооруканасына жаткызышат. Анын операциядан сак-аман чыгышы анык эмес эле. Ал операциядан соң бир аз өзүн алдырган болсо да, бирок көздөрү оттой жанып турат эле. Булар жашоого сүйүү жана ийилбес эрктин символу болчу.

Гастрол...

Операциядан эки жылдан соң, биринчи жолу гастролго кайрадан Москвага барды. Ал концертке профессор Л.К.Богуш башчылыгындагы дарыгерлер жана медайымдарды чакырды. Концертке жүздөгөн күйөрмандар билет таба алышпады. Концерт түгөшү менен Закировду дарыгерлер курчап алышты...

– Сен кантип ырдадың? Сен чындыгында адамсыңбы же сыйкырдуусуңбу? Чын эле бул сенсиңби, Батыр? – деди Лев Богуш көздөрүнө жаш алып. Маңдайында жандуу керемет тургандай ага кайра-кайра таң кала карашат эле.

Бул чыныгы керемет.

Жогоруда айтылган бул ыйык кереметке артисттин өзү да ишенет эле...

*Ашыралы Жораев, «Юрак бўронлари» китебинен*

**Чыгармачылык иш-аракет**

1. Тексттеги ийилбес эрктин символу деген атоо менен байланыштуу кепти тапкыла.
2. Сен өз алдыңарга койгон максатка жетишүү үчүн кандай аракет кыласың?
3. Эрксиздик кандай абалдарда билинет? Мисалдар келтир. Эрксиздиктин алдын алуу үчүн эмнелер кылуу керек?




**Билесиңби?**

2020-жыл 2-декабрда «Өзбекстан эл артисти Батыр Закиров туулган күнүнүн 85 жылдыгын белгилөө жөнүндө» Президент чечими кабыл алынды.

Батыр Закиров эгемендүүлүк майрамынын 30 жылдыгы менен «Эл-юрт ҳурмати» ордени менен сыйланды.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн



### Эрдик

Азат аганын улуу эрдигине, анын кайраттуулугуна суктангамын. 1997-жылдын жай айларында кант диабети (кулгуна) оорусу курчуп, агай оор операцияны башынан өткөрдү, дарыгерлер анын жашоосун сактап калуу үчүн бир бутун кесүүгө аргасыз болушту. Бирок бул адам ушунчалык чыдамкай экен, ошондо да депрессияга кабылбады, илимий жана чыгармачылык ишмердүүлүгүнөн аз болсо да токтободу. Кийинчерээк оору дагы да күчөп, Азат ага экинчи бутунан да айрылды. Бул да жетпегендей, көрүү жөндөмү да абдан алсызданып калды...

Мына ошондой оор абалда да бул инсан «Дүйнөлүк адабият» журналынын баш редактору катары өз бурчуна, ишенимине бекем туруп, лупанын жардамында журнал материалдарын түзөтүп баруу менен бир катарда кырктан ашуун ири роман жана аңгемелерди өзбек тилине которгону, албетте, ар кандай адамды таң калтырат. Азат ага муну менен чектелбестен, басмада, радио-телевидениеде, түрдүү кече жана конференцияларда улуттук руханиятыбыздын өзүнчөлүк жактарын, улуу ата-бабаларыбыздын баа жеткис мурасы, эгемендүүлүктүн руханий негиздерин бекемдөө жөнүндө бир топ чыгыштар жасады...

*И.Каримов «Жогорку руханият – жеңилгис куч» китебинен*

## Чыгармачылык иш-аракет

1. «Көңүл эрдиги» дегенде эмнени түшүндүң?
2. Эрктүүлүк, эрдик, чыдамкайлык, сабыр сыяктуу сөздөрдү колдонуп сүйлөм түз.
3. Азат Шарафиддиновко ден-соолугуна байланыштуу көйгөйлөрдү чечип өтүүдө эмне жардам берди?

## Руханият казынасынан

Бир даана китеп бүткүл бир коомдун руханий турмушун, эстетикалык табитин, көркөмдүүлүгүн жогору чокуга көтөрүп жиберүүсү мумкүн.

*Озод Шарафиддинов*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Ой жүгүртүү үчүн

Ташкент областынын Зангиата районундагы Ханабад айылында жашаган Зулфия эне Закирова экинчи дүйнөлүк согушта беш уулунан – Исакжан, Ахмаджан, Мамажан, Вахабжан, Юсуфжан аттуу балдарынан айрылган. Анын төрт келини жесир, беш небереси жетим болуп калган.

2020-жылы Ташкент шаарындагы «Жеңиш багы»нын так ортосунда Зулфия Закирова жана анын фронттон кайтпаган беш уулу, туруктуу келиндери элесине арнап кереметтүү айкел орнотулду. Эстеликке «Матонат мадҳияси» деген наам ыйгарылды.





Бул – Өзбекстандагы жалпы энелерге коюлган айкел. Ушул эстелик бүткүл элибиз үчүн куттуу зыярат кылуучу жай катары, үй-бүлө, махабат, туруктуулук жана берилгендиктин символуна айланып калат. Бул жерге келген жаштар улутубуздун канында болгон касиеттерди байкап, аларды кадыр-барктап жашоого умтулушат.

## Сабактан туура корутунду чыгар

1. «Жалпы энелерге коюлган айкел» деген пикирге мисалдар келтир.
2. «Улутубуздун канында болгон сапаттарды байкоо» дегенде эмнени түшүндүң? Пикириңди мисалдар менен түшүндүр.
3. Адамдын эркин бекемдөөгө таасир этүүчү факторлордун тизмегин түз.
4. Төмөнкү суроолордун жообун дептериңе жаз:

– бул аңгемелерден каармандардын эрктүүлүгүн кандай билүүгө болот?

– аңгеме каармандарынын эрктүүлүгү кандайча калыптанган?

– айланаңдагы адамдардын эрки күчтүү деп айта аласыңбы?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*O‘quv nashrı*

N. Ismatova, Z. Zamonov, Z. Islomov, D. Rahimjonov,
O. Maxmudov, D. Ro‘ziyeva, S. Shermuxamedova,
S. Akkulova, N. Xolmuxamedova, Z. Jabborova

# TARBIYA 10

BAXT VA MUVAFFAQIYAT SIRLARI

Ta’lim qirg‘iz tilida olib boriladigan maktablarning
10-sinfi uchun darslik

*Yangi nashr*

Которгон: *Муртаз Сатволдиев*
Редактору: *Гүлзада Шерматова*
Корректор: *Айсулу Тойчубаева*
Сүрөтчүсү: *Бехзод Зафаров*
Көркөм редактору: *Сарвар Фармонов*
Техн.редактору: *Акмал Сулаймонов*
Дизайнер: *Равшан Маликов*
Компьютерде даярдаган: *Рустам Худайберганов*

Басууга уруксат берилди 27.11.2021
Форматы 60x84 1/8. Cambria
гарнитурасы. Кегл 13 шпонли. Офсеттик басма.
Шарттуу басма табагы 14,88. Эсептик басма табагы 12,63.
Нускасы 804. Буюртма № 1213-21.

“Credo Print”ЖЧК китеп фабрикасы тарабынан басылды.
Ташкент ш., Богишамол к.160.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ижарага бериле турган окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты-жөнү | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшы-рылгандагы абалы | Класс жетек-чисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | | | |
| 2. | | | | | | |
| 3. | | | | | | |
| 4. | | | | | | |
| 5. | | | | | | |
| 6. | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү баалоо критерийлеринин негизинде толтурулат:**

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебин пайдаланууга алгачкы жолу берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, китептин негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, жылбаган, беттеринде жазуу-чийүүлөрү жок. |
| Канааттандырарлуу | Мукабасы эзилген, бир аз чийилип, беттери тытылган, китептин негизги бөлүгүнөн ажыраган түрү бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлуу даражада оңдолгон. Ажыраган барактары кайра желимделген, айрым беттерине чийилген. |
| Канааттандырарлуу эмес | Мукабасы жыртылган, бетине чийилген, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарлуу даражада оңдолбогон. Барактары жыртылган, жетишпейт, сызып, боёп ташталган. Окуу китебин кайра калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE